# Жалпы республикалык тестке даярданабыз

Абитуриенттер үчүн колдонмо

# Негизги тест

Бул колдонмо Жалпы республикалык тестке даярдануу үчүн Кыргыз Билим берүү Академиясы тарабынан сунуш кылынган.

УДК 378
ББК 74.58
Ж24

Бөлүмдөрдүн авторлору:

Математика: М. Зельман, Г. А. Одесский, Л. С. Суржик (кыргызчага которгон М. Дж. Джураев)
Окшоштуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо: Н. И. Наумова (кыргызчага которгон С. И. Иптаров)
Окуу жана түшүнүү: С. И. Иптаров, Б. С. Шамбаева
Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы: К. Кулалиева, Ч. Джылкычиева, Ы. Керимбекова

Педагогика илиминин кандидаты И. П. Валькованын редакциялоосу астында.

Долбоор АКШнын Эл аралык өнүгүү боюнча агентствосунун каржылоосу менен Эл аралык билим берүү Америкалык Кеңештери тарабынан ишке ашырылат.

Жалпы республикалык тестке даярданабыз.
Ж24 Абитуриенттер үчүн колдонмо. Негизги тест.
2-басылышы, кайра иштелген жана кошумчаланган. – Б., 2004. – 74 бет

ISBN 9967-22-516-5

Жалпы республикалык тестирлөөнүн негизги тестине даярдануу үчүн бир кыйла кайра иштелген жана кошумчаланган окуу куралы. Окуу куралында тест жөнүндө зарыл маалыматтар, тест тапшырмаларды аткаруу боюнча көрсөтмөлөр, тесттин бардык бөлүмдөрү боюнча сурап билме материалдар, тест тапшырмалырынын үлгүлөрү, ошондой эле алардын жооптору, чечүү жолдору түшүндүрмөлөрү менен берилди. Окуу куралында тестирлөө убагындагы жүрүм-турум эрежелери да көрсөтүлдү.

Ж 4309000000-04

УДК 378
ББК 74.58

ISBN 9967-22-516-5

© ЦООМО, 2004

**Мазмуну**


| | |
|---|---|
| **Тест жөнүндө негизги маалымат** | **2** |
| **Математика** | **8** |
| **Математика боюнча тесттик тапшырмалардын мисалдары** | **19** |
| **Математика боюнча маселелердин жооптору жана чыгарылыштары** | **23** |
| **Сөздүк-логикалык тест** | **33** |
| **Окшоштуктар** | **34** |
| **Сүйлөмдөрдү толуктоо** | **40** |
| **Окшоштуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо боюнча тест тапшырмаларынын мисалдары** | **42** |
| **Жооптор жана чыгаруу жолдору** | **44** |
| **Окуу жана түшүнүү** | **48** |
| **Окуу жана түшүнүү боюнча тест тапшырмалардын үлгүлөрү** | **51** |
| **Суроолорду талдап көрөлү** | **56** |
| **Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы** | **62** |
| **Тесттеги тапшырмалардан мисалдар** | **70** |
| **Грамматика боюнча тест тапшырмаларынын үлгүлөрү жана түшүндүрмөлөрү** | **71** |

## Киришүү

Бул колдонмонун максаты – сиздин Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларына кирүү үчүн тест тапшырууга даярданышыңызга жардам берүү.

Сиз андан төмөндөгүлөрдү табасыз:

- негизги тесттин түзүлүшү жана мазмуну жөнүндөгү жалпы маалымат;
- тесттеги жүрүм-турум эрежелери;
- тест дептерлерин колдонууга жана жооп барактарын толтурууга коюлуучу талаптар;
- тест тапшырмаларын аткаруу боюнча айрым жалпы кеңештер;
- тесттин ар бир бөлүмү боюнча теориялык чакан материал[1];
- тесттин ар бир бөлүмү боюнча тест суроолорунун үлгүлөрү;
- тесттин ар бир бөлүмү боюнча суроолор менен тапшырмалардын аткарылышы жана жооптору.

## Тест жөнүндө негизги маалымат

Тесттин максаты – ЖОЖдо окуусун улантышы үчүн абитуриенттердин ичинен эң жөндөмдүүлөрүн аныктоо.

Бул тест сиздин мектепте алган бааларыңыз кандай болгондугуна карабастан иш жүзүндө эмнелерди билериңизди жана аткара аларыңызды көрсөтүшүңүзгө мүмкүндүк берет. Ал жалпы математикалык, сөздүк-логикалык жөндөмдөрүңүздү, ошондой эле эне тилиңиздин грамматикасы боюнча билгичтиктериңиз менен көндүмдөрүңүздү баалайт.

**Негизги тестти** абитуриенттердин баары тапшырат. Бул милдеттүү тест. Ал төмөндөгүдөй бөлүмдөрдөн турат: «Математика», «Окшоштуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо», «Эне тилинде окуу жана түшүнүү» жана «Эне тилинин практикалык грамматикасы» (таблицаны караңыз).

| Бөлүмдөр | Суроолордун саны | Убакыт |
|---|---|---|
| Математика | 60 | 90 мүн |
| Эне тилинде окуу жана түшүнүү | 30 | 60 мүн |
| Окшоштуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо | 30 | 30 мүн |
| Эне тилинин практикалык грамматикасы | 30 | 35 мүн |
| Бардыгы: | 150 | 215 мүн |

Тест зарыл формаларды толтурууга жана нускоолорду угууга кетүүчү убакытты эске албаганда **3 саат 35 мүнөткө** созулат. Бирок бардык зарыл нускоолор берилиши керек болгондуктан жалпы убакыт өлчөмү узартылат. Эгер Сиз тесттин бөлүмдөрүнүн бирине белгиленген мөөнөттөн мурда жооп берип бүтсөңүз, анда тест дептериңизди жаап, ошол бөлүнгөн убакыт бүтмөйүнчө, кийинки бөлүмгө киришүү жөнүндө айтылмайынча күтүп отурушуңуз керек. Сиз тесттин кийинки бөлүмүнө атайын көрсөтмө берилмейинче **КИРИШПӨӨГӨ тийишсиз**. Атүгүл эгер тесттин тийиштүү бөлүмүнө жоопторду берип үлгүрбөй калсаңыз деле, Сиз башкалар менен бирдей убакытта тесттин кийинки бөлүмүнө өтүшүңүз керек. Кийинки бөлүмдүн суроолоруна жооп берген соң убакыт калса деле мурунку **бүтпөй калган бөлүмгө кайрылып барууга болбойт**. (Мисалы, «Окуу жана түшүнүү» бөлүмүндөгү тапшырмаларды аткарып бүткөндөн кийин убакытыңыз калган болсо, Сиз «Математика» бөлүмүнө кайтып **барбашыңыз** керек).

Ошентип, тесттин ар бир бөлүмүнүн суроолоруна жооп берүү үчүн Сиз, тест жүргүзүүнүн бардык башка катышуучулары сыяктуу эле, алар менен бирдей шартта, так аныкталган убакыт аласыз.

Негизги тесттен тышкары предметтик тесттерди тапшырсаңыз да болот. Предметтик тесттер абитуриенттердин тигил же бул предмет боюнча алган билимдерин колдонуп, пайдалана билишин текшерет.

Предметтик тесттер химия, биология, англис тили жана немис тили (4 предмет) боюнча сунуш кылынат.

[1] Теориялык бөлүмдөр эч качан окуу китептеринин ордун толуктай албайт, алар тестке кантип даярдануу боюнча багыт гана берет. Кыйла жакшы даярдануу үчүн Сиз тийиштүү окуу китептерин жана колдонмолорду пайдаланышыңыз керек.

| Предметтик тесттин аталышы | Суроолордун саны | Убакыт |
|---|---|---|
| Химия | 40 | 75 |
| Биология | 40 | 60 |
| Англис тили | 50 | 90 |
| Немис тили | 50 | 90 |

Предметтик тестти абитуриент тандаган адистиктер үчүн кайсы бир предметтик тест тапшыруу талап кылынган учурда гана тапшыруу керек. Предметтик тесттерди каалагандай санда тандоого болот. Негизги тестти тапшырбай туруп предметтик тестти тапшыруу мүмкүн эмес. Предметтик тесттин ар бири боюнча баллдар негизги тесттен бөлөк өзүнчө эсептеп чыгарылат. Предметтик тесттерди тапшырууга даярданышыңыз үчүн биз Сизге «Билим берүүдөгү баа берүү жана окутуу усулдары борбору» даярдаган атайын колдонмолорду сунуш кылабыз. Бул - «Химия жана биология боюнча тестке даярданабыз» жана «Чет тилдер боюнча тестке даярданабыз» колдонмолору.

## Тест качан жана кайда өткөрүлөт?

Тест жүргүзүү белгилүү график боюнча атайын жабдылган тест борборлорунда өткөрүлөт. Тест жүргүзүүнүн убактысы жана орду жөнүндө Сиз өзүңүзгө жиберилген тестке киргизүү талонуна чапталган кабарландырмадан биле аласыз.

## Сынак күнү эмнелерди ала барышыңыз керек?

- Өзүңүз алган же ала турган тестке киргизүү талонуңузду.
- Эгер абитуриент каттоодон өтпөгөн болсо жана талону жок болсо, ал тестке киргизилбейт. Тестке киргизүү талонун тест бүткөндөн кийин дагы топтолгон баллдар жөнүндө сертификат алуу үчүн сактап коюу керек.
- Жакшы жана таза жаза турган калемсапты, калемди, өчүргүчтү, калем учтагычты.
- Каттоодон өткөндө колдонгон документиңизди (паспортуңузду же паспорт алуучу куракка жете элек болсоңуз туулгандыгы жөнүндө күбөлүктү). Документтериңиздин көчүрмөлөрү (атүгүл нотариус тастыктаган болсо дагы) ЖАРАБАЙТ.
- Саат.

## Эмнелерди албай киришиңиз керек?

- Калькулятор;
- Кол телефон;
- Фотоаппарат;
- Ар кандай электрондук приборлор;
- Окуу китептер, китептер, дептерлер, маалыматтын башка каалагандай булагы;
- Тест жүргүзүү учурунда администраторлор атайын бере турган кагаздардан тышкары ар кандай барактар;
- Ар кандай жазуу китепчелери;
- Рюкзак же сумка.

Бул саналган буюмдарыңыз бар болсо, атүгүл аларды пайдаланбасаңыз деле, Сизди тесттен чыгарып жибериши мүмкүн.

Сиз ичкенге суу, кандайдыр бир тамактарды ала келсеңиз болот. Бирок буларды атайын каралган жерге коюп, тесттин биринчи бөлүмүн аткаргандан кийин же тест бүткөндөн кийин дароо эле бериле турган 10 мүнөттүк танапис учурунда гана пайдалансаңыз болот.

## Тестти канча жолу тапшырууга болот?

Тестти бир жылдын ичинде **бир** гана жолу тапшырууга болот. Бул талап аткарылбаган учурда тест жүргүзүүнүн натыйжалары жокко чыгарылат.

## Тест жүргүзүү кайсы тилде өткөрүлөт?

Тест жүргүзүү 3 тилде: кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде өткөрүлөт. Сиз өзүңүз жакшы билген жана оңой колдонгон тилиңизди тандоого укуктуусуз.

## Тест учурунда өзүңүздү кандай алып жүрүшүңүз керек?

- **Тестке кечикпеңиз!**
- Тест жүргүзүү учурунда төмөндөгүлөр **тыюу салынат:**
- көчүрүп алууга
- башка абитуриенттердин тест аткарышына тоскоол болууга
- администратор жана башкалар менен сүйлөшүүгө
- атайын көрсөтмө бериле электе тесттин кийинки бөлүмүнө өтүүгө
- бүтпөй калган бөлүмгө кайтып барууга
- атайын уруксатсыз жана коштоочусуз тест бүткөнгө чейин бөлмөдөн чыгууга
- танапис учурунда кол телефонду пайдаланууга
- администраторго тесттин мазмуну боюнча суроо берүүгө. Бирок эгер тесттеги суроолордун түзүлүшү боюнча кандайдыр сын пикир айткыңыз келсе, анда тест аяктагандан кийин Сиз администраторго кайрылып, андан «Тест тапшырмаларындагы түшүнүксүз жерлерди жана kаталарды каттоо формасын» сурап алып, эмнени түшүнбөгөнүңүздү жазып койсоңуз болот.

Тестке берилген убакыт аяктагандан кийин, **Сизге бөлмөдөн чыгып кетүүгө расмий түрдө уруксат берилет.**

**Тест жүргүзүү учурунда жүрүм-турум эрежелерин сактабаган абитуриенттерди ушул жылы кайрадан тест тапшырууга уруксат бербей туруп чыгарып жиберишет**.

## Тест тапшырмаларын кандайча аткаруу керек?

Тесттеги ар бир суроого 5тен («Математика» бөлүмүндө) же 4төн (калган бөлүмдөрдө) жооп варианттары берилет. Алар (А), (Б), (В), (Г), (Д) тамгалары менен белгиленген. Тест суроолоруна жооп бергенде Сиз суроону, жооптун бардык варианттарын кунт коюп окуп чыгып, алардын кайсыны туура экендигин аныкташыңыз керек. Сунушталган жооптордун **бирөө** гана туура болорун эсиңизге сактаңыз.

**Мисалы:**

Төрт бурчтуу призманын канча диагоналы бар?
(А) 0
(Б) 1
(В) 2
(Г) 3
(Д) 4

Мындагы туура жооп - (Д).

Тестте кыйла татаал түзүлгөн суроолор да бар. Адегенде суроо берилет да, анан анализ үчүн I, II, III, IV, V цифралары менен белгиленген материал сунушталат. Төмөндө (А), (Б), (В), (Г), (Д) тамгалары менен берилген жооп варианттары келтирилди.

**Мисалы:**
Төмөндө келтирилген кайсы сөз айкаштарын чогуу жазуу керек?

I. Тил (кат)
II. (Эч) нерсе
III. (Кол) кабыш

(А) I гана
(Б) I менен II гана
(В) I менен III гана
(Г) I, II жана III

Мындайда Сиз рим цифралары менен белгиленген материалды кунт коюп анализдеп көрүп, анан тамгалар менен белгиленген жооп варианттарынын ичинен туурасын табышыңыз керек. Мындагы туура вариант - (В). Туура деп ойлогон жообуңузду тапкандан кийин Сиз аны жооп баракчасына белгилеп коюуга тийишсиз.

Иштин жүрүшүндө Сиз атайын белгиленген таза барактарга эсеп жазып чыгарып белгилерди жазып турсаңыз болот. **ТЕСТ ДЕПТЕРИНЕ ЭЧ КАНДАЙ БЕЛГИЛЕРДИ КОЙБОҢУЗ.**

*Эгер туура жоопту тандоодо кыйналсаңыз*, аны ойлонуштуруунун айрым ыкмаларын колдонуңуз:

- **Чыгарып салуу ыкмасын колдонуңуз**. Эгер туура жоопту билбесеңиз, чыгарып салуу ыкмасын колдонуңуз: адегенде дептериңизге өзүңүзгө туура эместей көрүнгөн жооптордун баарын белгилеңиз. Бирден бир туурасы калганча туура эместерин чие бериңиз. Туура жоопту жооп баракчасына көчүрүңүз.
- **Жооптордун кайсынысын эч кандай шек санабай алып салууга болорун ойлонуштуруңуз**. Эгер Сиз тест дептериңизге жооптордун жок дегенде бирөөсүн шексиз түрдө туура эмес катары белгилесеңиз, калгандарынын ичинен туурасын табууга аракеттениңиз. Эгер Сиз бир эле жоопту бөлүп сала алсаңыз да, туура жооп табуу мүмкүнчүлүгүңүздү арттыра аласыз.
- **Бир эле суроого көп убакыт коротпоңуз.** Бардык суроолор бирдей сандагы баа менен баалана турганы эсиңизде болсун. Эгер суроону түшүнүү үчүн көп ойлонуу талап кылынса, убакытты бөөдө коротпой, кийинки суроого өтө бериңиз. Эгер суроого кантип жооп берүүнү, эмнеден баштоону анык билбесеңиз, аны кое туруңуз. Ошол бөлүмдөгү калган тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин түшүнүксүз суроого кайрылып көрүңүз. Бирок, атүгүл кийинки бөлүмдүн суроолоруна жооп берип бүткөндө убактыңыз калса деле, **мурунку бөлүмгө кайра кайтып барууга болбостугун унутпаңыз.**
- **Баллдарды байкоосуздан жоготуп албаңыз.** Толкунданбай, суроолорду окубай калып аттап кетпей, шашкалактабай иштөөгө аракеттениңиз. Ар бир суроонун мүмкүн болгон бардык жоопторун карап чыгууга умтулуңуз. Суроодон суроого төмөндөгүдөй жол менен өтө бериңиз:
  1. Суроодо же тапшырмада эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын түшүнүүгө аракеттениңиз;
  2. Суроого так жооп бериңиз;
  3. Дайыма туура жооп тандоодон мурун анын бардык варианттарын окуп чыгыңыз;
  4. Ырааттуу түрдө, ар бир кадамды ирети менен жасап, убактыңыз менен күчүңүздү туура бөлүштүрүп иштөөгө аракеттениңиз. Алдыга жыла бериңиз, бирок ката кетирбеңиз.
- **Адегенде суроолордун жеңилдерине, анан кыйындарына жооп бериңиз.** Тесттин башталышында жеңил суроолор берилген, андан ары кыйыныраактары уланат. Суроолор улам кийинкисинде татаалдаша берет. Көбүрөөк убакыт талап кылынуучу оор тапшырмаларга чейин жеңилирээк суроолорго жооп берип жатканыңызды анык билиңиз.

## Жооп барактарын кантип толтуруу керек?

Суроолорго эң ылайыктуу жоопторду тандагандан кийин Сиз аларды жооп барагына көчүрүшүңүз зарыл. Бул үчүн төмөндөгүдөй кадамдарды жасоо керек:


1. Жооп барагынан тийиштүү бөлүмдү табыңыз («Математика», «Практикалык грамматика», «Окшоштуктар», «Сүйлөмдөрдү толуктоо», «Окуу жана түшүнүү»).
2. Тест дептеринен жооп барагына жообун көчүрө турган суроонун номурун табыңыз.
3. Жооп барагынан тандалган жоопко тийиштүү тегерекчени боёңуз.

Мисалы, Сиз «Математика» бөлүмүн иштеп жатасыз дейли. Математика боюнча тесттин биринчи суроосуна жооп бергенде, Сиз туура жооп катары (А) вариантын тандадыңыз. Тийиштүү тегерекчени толугу менен төмөндөгү сүрөттүн **сол мамычасында** көрсөтүлгөндөй кылып боёңуз. Тандалган жоопторго туура келген тегерекчелерди тыкан боёп, ишиңизди уланта бериңиз. Эгер ката кетирдим деп ойлосоңуз, аны оңдогуңуз келсе, анда туура деп ойлогон тегерекчеңизди **квадрат** менен боёңуз. Сүрөттө бул экинчи жана алтынчы суроолордо жасалган. Туура эмес боёлгон жоопту **БИР ГАНА ИРЕТ** оңдоого болот.


Оң жак мамычада жоопторду кандай белгилөө мүмкүн эмес экендиги көрсөтүлгөн. Жооп барактары автомат түрдө иштеп чыгарылат, андыктан кылдат, таза иштеп, белгиленген эрежелерди катуу сактоо керек. Антпесе сканер маалыматты туура эмес эсептеп коюшу мүмкүн.

**1-бөлүм. Математика**

Мындай белгилөө керек:




Мындай белгилөөгө **болбойт**:




***Көңүл буруңуз:*** **белгилерди туура жерлерге койгонуңузду анык билүү үчүн жооп барагын маал-маалы менен текшерип туруңуз. Жооп барагындагы орундун жоготулушу баллдарды эсептөө ишин кыйындатат**. Мындайга жол бербөө үчүн улам бир нече суроого жооп берген сайын, суроолор менен жооптордун номурларын салыштырып туруңуз. Кезектеги суроого жооп берип бүткөндөн кийин ар бир жолу кунт коё текшере жүрүңүз.

Жооп бaрактарын толтуруу үлгүсү 7-бетте берилди.

**Өзүңүз жөнүндө маалыматты туура толтуруңуз.**

Жооп барагынын үстүңкү бөлүгүндө тест тапшыруучу жөнүндө маалымат камтылат (жооп барагынын үлгүсүн караңыз). Өзүңүз жөнүндө маалыматты катасыз киргизишиңиз абдан зарыл. Адегенде Сиз чакмактарга атыңызды жана фамилияңызды түшүрүңүз. Ар бир чакмакка бирден тамга жазылышы керек. Ат менен фамилиянын ортосунда бир же бир нече чакмак калтыруу керек.


Сол жактагы биринчи мамычага абитуриенттин каттоо номуру жөнүндө маалымат камтылат. Сиз адегенде өзүңүздүн каттоо номуруңузду (ал тест жүргүзүүнүн орду, датасы жана башталуу убактысы жөнүндөгү кабарландырмада жазылган) тийиштүү чакмактарга түшүрөсүз. Ар бир чакмакка бирден цифра жазылат. Андан соң Сиз тегерекчелерди өзүңүздүн каттоо номуруңузга дал келгендей кылып боёшуңуз керек. Булардын кандай боёлорун 7-беттеги үлгүдөн караңыз.

Коддо жазылган 2 цифрасына 2 цифрасынын тушундагы боёлгон тегерекче, андан кийинкисине башкасы ж.у.с. туура келет. Калган эки мамыча да ушундай эле толтурулат.

Тест жүргүзүү борборунун кодун сизге тест өткөргөн администраторлор айтып берет. Тест дептеринин номурун оң жактагы мамычага түшүрүү керек.

***КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ!*** **Каттоо номуруңузду жана тест дептериңиздин номурун туура эмес түшүрсөңүз, Сиздин жетишкен натыйжаларыңыз туура эмес эсептелип калышы мүмкүн.**

# Жооп барагынын үлгүсү



**Жооп барагы/Лист ответов**

фамилиясы/фамилия: АБАКИРОВ
аты/имя: НУРЛАН

каттоо номери / регистрационный номер: 201735
тест борборунун коду / код центра тестирования: 02
тест дептеринин номери / номер тетради тестов: 320177

колу/подпись

**I.** Математика

Часть I (1–30: А Б В Г)

Часть II (31–60: А Б В Г Д)

**II.** Аналогиялар жана сүйлөмдөрдү толуктоо
Аналогии и дополнение предложений (1–30: А Б В Г)

**III.** Эне тилинде окуу жана түшүнүү
Чтение и понимание на родном языке (1–30: А Б В Г)

**IV.** Эне тилдин практикалык грамматикасы
Практическая грамматика родного языка (1–30: А Б В Г)

## Математика

Окуу куралынын берилген бөлүгүн орто мектептин математика курсунда кезигүүчү кээ бир түшүнүктөр, теоремалар, формулалар тууралуу кыскача маалымат алуу үчүн пайдаланса болот. Бул жерде камтылган информация тесттин кээ бир суроолоруна жооп берүүдө пайдалуу болушу мүмкүн. Бул куралды окуу китеби деп эсептөөгө болбойт. Математиканын тиешелүү темалары жана бөлүктөрү тууралуу толук жана бүтүн тааныштык алуу үчүн Сизге окуу китептери жана маалымат куралдарынын кереги тиет.

Окуу куралына төмөнкү бөлүктөрдүн баяны кошумча киргизилгендигине көңүл буруңуз:

- Статистика
- Көптүктөр
- Комбинаторика
- Ыктымалдуулук

Бул бөлүктөр азыркы мезгилде кабыл алынган мектеп программасына кирбейт, бирок математиканын негиздерин көбүрөөк түшүнүүгө алардын мааниси зор. Жаңы бөлүктөрдөн тапшырмалар тестке киргизилиши мүмкүн. Көрсөтүлгөн бөлүктөрдөгү тапшырмаларды аткаруу үчүн Сиз атайын тиркемеден пайдаланасыз, андан зарыл аныктоолорду жана формулаларды табасыз.

Математикалык тест тапшырмалардын үч: арифметикалык, алгебралык, геометриялык категорияларын камтыйт. Төмөндө маселелерди чыгаруу, суроолорго жооп берүү жана тапшырмаларды аткаруу үчүн Сиз пайдаланышыңыз керек болгон негизги билимдер жана ыктар аталып өтүлөт.

### Арифметика

- Жөнөкөй жана курама сандар. Сандарды жөнөкөй көбөйтүүчүлөргө ажыратуу. Бөлүүчүлөр жана бөлүнүүчүлөр. Сандардын бөлүнүүчүлүк белгилери. Эң чоң жалпы бөлүүчү, эң кичине жалпы бөлүнүүчү.
- Рационалдык сандар. Арифметикалык амалдардын касиеттери.
- Иррационалдык туюнтмалар. Арифметикалык тамыр, тамырлар менен амалдар.
- Оң жана терс сандар менен арифметикалык амалдар.
- Жөнөкөй бөлчөктөр. Жөнөкөй бөлчөктөр менен арифметикалык амалдар. Жөнөкөй бөлчөктөрдү ондук бөлчөктөр аркылуу көрсөтүү.
- Катыш. Пропорциялар. Пайыздар.
- Натуралдык жана бүтүн көрсөткүчтөр менен даражалар. Квадраттык тамыр.
- Чоңдуктардын жакындаштырылган маанилери. Сандарды тегеректөө.
- Сандык барабарсыздыктар жана алардын касиеттери.

### Алгебра

- Алгебралык туюнтмаларды теңдеш өзгөртүп түзүү. Модулду камтыган туюнтмалар.
- Алгебралык бөлчөк. Алгебралык бөлчөктөр менен амалдар. Бүтүн көрсөткүчтүү даражанын касиеттери.
- Арифметикалык квадраттык тамырдын касиеттери. Квадраттык тамырларды камтыган туюнтмаларды өзгөртүп түзүү.
- Көп мүчөлөр. Көп мүчөлөр менен амалдар. Кыскача көбөйтүүнүн формулалары. Көп мүчөлөрдү көбөйтүүчүлөргө ажыратуу.
- Логарифма, алардын касиеттери. Логарифмалык жана көрсөткүчтүү туюнтмаларды теңдеш өзгөртүп түзүү.
- Алгебралык, логарифмалык, көрсөткүчтүү, тригонометриялык теңдемелер.
- Эки өзгөрүлмөлүү сызыктуу теңдемелероин системалары.
- Барабарсыздыктар жана алардын касиеттери.
- Функция. Функциянын берилиш ыкмалары. Функциянын аныкталуу аймагы.
- Жөнөкөй функциялардын касиеттери жана алардын графиктери.

### Геометрия

- Параллель жана перпендикулярдуу түз сызыктардын касиеттери.Үч бурчтук.
- Үч бурчтуктун түрлөрү. Үч бурчтуктун жактарынын жана бурчтарынын касиеттери.
- Пифагордун теоремасы. Тар бурчтун синусу, косинусу, тангенси. Тик бурчтуу үч бурчтуктарды чыгаруу.
- Төрт бурчтуктар.

- Айлана жана тегерек. Борбордук жана ичтен сызылган бурчтар. Үч бурчтукка ичтен сызылган айлана. Үч бурчтукка сырттан сызылган айлана.
- Айлананын узундугу, тегеректин аянты.
- Үч бурчтуктун жана төрт бурчтуктун аянты жана периметри.
- Цилиндрдин, конустун, шардын каптал беттеринин аянттары. Сферанын аянты.
- Призманын жана пирамиданын беттеринин аянттары.
- Тик бурчтуу параллелепипеддин, тик призманын, пирамиданын, цилиндрдин, конустун, шардын көлөмдөрү.
- Тегиздиктеги декарттык координаталар.
- Мейкиндиктеги декарттык координаталар.
- Октук симметрия. Борбордук симметрия.
- Кыймыл.

Сизге математика боюнча тесттин негизги бөлүктөрү, тапшырмалардын мисалдары жана аларга түшүндүрмөлөр менен таанышууну сунуш кылабыз.

## Арифметика

### Бүтүн сандар

***Бүтүн сан - бул { ..., -2, -1, 0, 1, 2, ... } көптүгүнөн каалаган сан.***

***Эгерде x жана y - бүтүн сандар, $x \neq 0$ жана $y = x \cdot n$ барабардыгы аткарыла тургандай n бүтүн саны жашаса, анда y саны x ке бөлүнөт (x саны y тин бөлүүчүсү деп аталат).*** Маселен, 5 - бул 10 дун бөлүүчүсү, анткени $10 = 5 \cdot 2$, бирок 5 саны 36 нын бөлүүчүсү болбойт, анткени $36 = 5n$ барабардыгы аткарыла турган *n* бүтүн саны жашабайт.

***Эгерде x жана y - оң бүтүн сандар болушса, анда $y = qx + r$ аткарыла турган q жана r бүтүн сандары жашайт, мында q - тийинди, r - y ти x ке бөлгөндөгү калдык жана $0 \le r < x$.*** Маселен, 28 ди 8 ге бөлгөндөгү калдык 4 кө барабар, анткени $28 = 8 \cdot 3 + 4$.

***y ти x ке бөлгөндөгү калдык 0 гө барабар болгондо гана y саны x ке бөлүнөрүнө көңүл бургула.*** Маселен, 15 саны 3 кө бөлүнөт, анткени бөлгөндөгү калдык 0 гө барабар.

Эгерде силер кичине санды чоң санга бөлсөңөр, анда тийинди 0 гө барабар жана калдык кичине сан болуп саналат. Маселен, 5 ти 7 ге бөлгөндө тийинди 0 гө барабар жана калдык 5 ке барабар, анткени $5 = 7 \cdot 0 + 5$.

***2 ге бөлүнгөн каалаган сан жуп сан деп аталат.*** { ..., -4, -2, 0, 2, 4, ...} көптүгү жуп сандардын көптүгү болуп саналат.

***2 ге бөлүнбөгөн бүтүн сандар так сандар деп аталышат.*** {...,-3,-1,1, 3,...} көптүгү так сандардын көптүгү болуп саналат.

Эгерде бир нече бүтүн сандардын көбөйтүндүсүндө сандардын жок дегенде бири жуп сан болсо, анда көбөйтүндү жуп сан болот. Андай болбосо, көбөйтүндү так сан болот.

***Жөнөкөй сан - бул жалаң эки ар түрдүү оң бүтүн бөлүүчүлөрү: 1 жана бул сандын өзү гана болгон оң бүтүн сан.*** Маселен, 2, 3, 5, 7, 11, 13 - бул жөнөкөй сандар, бирок 15 жөнөкөй сан эмес, анткени анын экиден көп оң бөлүүчүлөрү бар: 1, 3, 5 жана 15.

1 ден чоң жана жөнөкөй болбогон каалаган сан бүтүн сандардын көбөйтүндүсү катары көрсөтүлүшү мүмкүн. Маселен: $18 = 3 \cdot 3 \cdot 2$.

***{ ..., -2, -1, 0, 1, 2, ... } көптүгүнөн алынган сандар удаалаш сандар деп аталышат. Удаалаш сандардын катары n, n + 1, n + 2, ..., түрүндө көрсөтүлүшү мүмкүн, мында n - бул бүтүн сан.***

0, 2, 4, 6 сандары удаалаш жуп сандар деп аталышат, ал эми 1, 3, 5, 7 сандары удаалаш так сандар деп аталышат.

Удаалаш жуп сандар $2n$, $2n + 2$, $2n + 4$ ж.б. түрүндө көрсөтүлүшү мүмкүн, ал эми удаалаш так сандар $2n + 1$, $2n + 3$, $2n + 5$ ж.б. түрүндө көрсөтүлүшү мүмкүн, мында *n* - бүтүн сан.

1 бүтүн санынын касиеттери

Эгерде *n* каалаган сан болсо, анда $1 \cdot n = n$ жана каалаган $n \neq 0$ саны үчүн $n \cdot \frac{1}{n} = 1$ барабардыгы туура.

1 саны ар түрдүү, маселен, $\frac{n}{n} = 1$ (каалаган $n \neq 0$ үчүн) түрүндө көрсөтүлүшү мүмкүн. Каалаган туюнтманы 1 ге көбөйтүү же бөлүү бул туюнтманын маанисин өзгөртпөйт.

0 бүтүн санынын касиеттери.

0 бүтүн саны оң да, терс да болуп эсептелбейт.
Эгерде $n$ каалаган сан болсо, анда $n - 0 = n$ жана $n \cdot 0 = 0$.
***0 гө бөлүүгө болбойт.***

**Бөлчөктөр**

Эгерде $\frac{x}{y}$ бөлчөгү берилсе, анда x бөлчөктүн алымы, ал эми y – бөлчөктүн бөлүмү деп аталат. Бөлчөктүн бөлүмү нөлгө барабар болуусу мүмкүн эмес, анткени нөлгө бөлүү аныкталбаган.

Эгерде эки бөлчөк бир эле санды көрсөтүшсө, анда алар барабар деп аталышат. Маселен, $\frac{6}{15} = \frac{4}{10}$, анткени эки бөлчөк тең $\frac{2}{5}$ ге барабар. Ар бир учурда бөлчөк алымын жана бөлүмүн алардын эң чоң жалпы бөлүүчүсүнө (ЭЧЖБ) бөлүү аркылуу кыскарат. 6 жана 15 сандарынын эң чоң жалпы бөлүүчүсү 3 болуп эсептелет (ЭЧЖБ (6, 15) = 3), ал эми ЭЧЖБ (4, 10) = 2.

**Аралаш сандар**

Бүтүн сандан жана бөлчөктөн турган сан аралаш бөлчөк деп аталат. Маселен, $\mathbf{7}\frac{2}{3}$ аралаш бөлчөк болуп саналат. $7\frac{2}{3} = 7 + \frac{2}{3}$.

Аралаш бөлчөк тү буруш бөлчөк түрүндө жазуу үчүн бүтүн санды бөлчөктүн бөлүмүнө көбөйтүп, бул көбөйтүндүгө алымды кошуу, андан кийин натыйжаны бөлчөктүн алымына жазуу, мында бөлүмдү өзгөртпөө керек. Маселен, $7\frac{2}{3} = \frac{3 \cdot 7 + 2}{3} = \frac{23}{3}$.

**Ондук бөлчөктөр**

Эсептөөнүн ондук системасында үтүрдүн абалы цифранын ээлеген ордун аныктайт. Маселен, 8231,456 ондук бөлчөгүн төмөнкүдөй көрсөтүү мүмкүн:

| Миң-диктер | Жүз-дүктөр | Он-дуктар | Бир-диктер | | Ондук үлүштөр | Жүздүк үлүштөр | Миңдик үлүштөр |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 | 2 | 3 | 1 | , | 4 | 5 | 6 |

Төмөндө ондук бөлчөктөрдүн кээ бир мисалдары келтирилген:

$$0,123 = \frac{1}{10} + \frac{2}{100} + \frac{3}{1000} = \frac{123}{1000}$$

$$0,0123 = \frac{0}{10} + \frac{1}{100} + \frac{2}{1000} + \frac{3}{10000} = \frac{123}{10000}$$


$$1,23 = 1 + \frac{2}{10} + \frac{3}{100} = \frac{123}{100}$$

***Каалаган а оң санын $a_1 \cdot 10^n$ түрүндө көрсөтүү мүмкүн, мында $1 \le a_1 < 10$ жана n - бүтүн сан. Бул учурда сан стандарттык түрдө жазылган деп айтышат.*** Даража көрсөткүчү үтүр канча орунга көчүрүлүшү тийиш болгон санды көрсөтөт.

Эгерде даража көрсөткүчү оң болсо, анда үтүр оңго, ал эми көрсөткүч терс болсо, анда - солго көчүрүлөт. Маселен, $1,512 \cdot 10^3 = 1512,0$ жана $1,21 \cdot 10^{-2} = 0,0121$.

**Чыныгы сандар**

Бардык чыныгы сандар координаттык түз сызыктын чекиттерине туура келет жана координаттык түз сызыктагы бардык чекиттер чыныгы сандарга туура келет. 0 дөн башка бардык чыныгы сандар же оң, же терс болушат.




Координаттык түз сызыктагы нөлдөн солдогу чекиттерге туура келген сандар терс сандар, ал эми нөлдөн оңдогулар оң сандар болушат. Координаталык түз сызыктагы каалаган эки сан үчүн солдогу сан оңдогу сандан кичине болот. Маселен,

$-5 < -2$;  $-\dfrac{3}{2} < 0{,}5$;  $0{,}5 < \sqrt{2}$.

Эгерде $n$ саны координаттык түз сызыкта 2 менен 5 тин арасында жайгашса, бул $2 < n < 5$ дегенди билдирет. Эгерде $n$ саны 2 менен 5 ти кошуп арасында жатат деп айтылса, анда $2 \le n \le 5$ болот.

**Координаттык түз сызыкта сан менен нөлдүн ортосундагы аралык сандын модулу деп аталат.** Бул 2 жана -2 сандары бирдей 2 модулга ээ дегенди билдирет, анткени бул эки сандын ар бири нөлдөн бирдей аралыкта жайгашкан.

$n$ санынын модулу $|n|$ деп белгиленет. Маселен, $|-10|=|10|=10$ жана $|0| = 0$.

Төмөндө чыныгы сандардын көп пайдаланылуучу кээ бир касиеттери келтирилген.

Эгерде $x$, $y$ жана $z$ чыныгы сандар болушса, анда:

(1) $x + y = y + x$ жана $xy = yx$

Маселен, $2 + 5 = 5 + 2 = 7$ жана $2 \cdot 5 = 5 \cdot 2 = 10$

(2) $(x + y) + z = x + (y + z)$ жана $(xy)z = x\,(yz)$

Маселен, $(1+2)+3 = 1+(2+3) = 6$ жана $(1\cdot2)\cdot3 = 1\cdot(2\cdot3) = 6$

(3) $x(y + z) = xy + xz$

Маселен, $1\cdot (3 + 4) = 1\cdot 3 + 1\cdot 4 = 7$

(4) $|x + y| \le |x| + |y|$

Маселен, эгерде $x = 10$ жана $y = 1$ болсо, анда $|x+y| = |11| = 11 = |10| + |1| = |x| + |y|$ жана эгерде $x = 10$ жана $y = -1$ болсо, анда $|x + y| = |9| = 9 < 11 = |x| + |y|$

**Пропорциялар**

$x$ санынын $y$ ($y \ne 0$) санына болгон катышы $\dfrac{x}{y}$ болуп жазылат. Катыш ар түрдүү көрүнүштөрдө көрсөтүлүшү мүмкүн. Маселен, 4 түн 5 ке катышы 4:5 же $\dfrac{4}{5}$ болуп жазылышы мүмкүн. Катыштын мүчөлөрүнүн тартиби мааниге ээ. Маселен, ар биринин күндөрүнүн саны 30 дан болгон айлардын санынын ар биринин күндөрүнүн саны 31 ден болгон айлардын санына болгон катышы $\dfrac{7}{4}$ кө эмес, $\dfrac{4}{7}$ ге барабар.

***Эки катыштын барабардыгы пропорция деп аталат,*** маселен, $\dfrac{4}{5} = \dfrac{8}{10}$.

Өз ичине белгисиз чоңдукту камтыган пропорцияны чыгаруу үчүн пропорциянын негизги касиетин колдонуу керек. Маселен, $\dfrac{3}{5} = \dfrac{n}{4}$ пропорциядан $n$ ди табуу керек болсун. Адегенде 4 тү 3 кө жана $n$ ди 5 ке көбөйтөбүз. $12 = 5n$ ди алабыз. Эми эки бөлүгүн тең 5 ке бөлүп, $n$ дин $\dfrac{12}{5}$ ке барабар экенин табабыз.

**Пайыздар**

***Пайыз сандын жүздөн бир бөлүгүн билдирет.*** Пайыз бөлүмү 100 болгон бөлчөк же ондук сан катары көрсөтүлүшү мүмкүн. Маселен, $25\% = \dfrac{25}{100} = 0{,}25$; $200\% = \dfrac{200}{100} = 2$;

20 нын 150%ы $= 1{,}5 \cdot 20 = 30$.

Маселелерди чыгарууда көбүнчө сандын канча пайызга көбөйгөнүн же азайганын аныктоо зарыл болот. Маселен, калемдин баасы 24 сомдон 30 сомго көбөйсүн. Калемдин наркы канча пайызга көбөйгөн? Көбөйүүнүн пайызын табуу үчүн баанын канча сомго көбөйгөнүн табуу, андан кийин

көбөйгөн санды баштапкы баага бөлүү жана бул катышты пайыздарда туюнтуу зарыл. Бул мисалда көбөйүүнүн пайызын төмөнкү жол менен аныктоого болот: баанын көбөйгөнү 30 - 24 = 6 га барабар, ошондуктан көбөйүүнүн пайызы $\frac{6}{24} = 0,25 = 25\%$ га барабар.

Азаюунун пайызын (маселен, 30 сомдон 24 сомго чейин) табуу үчүн, адегенде баанын канчага азайганын тапкыла, андан кийин бул чоңдукту баштапкы баага бөлгүлө. Маселен, баанын азайганы 30 - 24 = 6 га барабар. Ошондуктан азаюунун пайызы $\frac{6}{30} = 0,20 = 20\%$ га барабар.

24 сомдон 30 сомго чейин көбөйүүнүн пайызы 30 сомдон 24 сомго азаюунун пайызына барабар эмес экенине көңүл буруңуз.

## Сандын тамыры

**Квадратка көтөргөндө n санын бере турган сан n санынын квадраттык тамыры деп аталат.**

Терс сандан квадраттык тамыр чыныгы сан болбойт. Каалаган $n$ оң саны эки квадраттык тамырга ээ болот, анын бири оң сан, ал эми экинчиси терс сан. **Бирок $\sqrt{n}$ саны квадраты *n* ге барабар болгон оң санды белгилейт.** Маселен, $\sqrt{25} = 5$.

Каалаган $x$ чыныгы саны $k^3 = x$ болгондой бир $k$ кубдук тамырга ээ болот. $x$ тин кубдук тамыры $\sqrt[3]{x}$ деп белгиленет. Маселен, $2^3 = 8$ жана $\sqrt[3]{8} = 2$. Ошондой эле $\sqrt[3]{-8} = -2$, анткени $(-2)^3 = -8$.

***$\sqrt{0} = 0$ экенине көңүл буруңуз*.**

## Статистика

Сандардын тизмеги ар түрдүү статистикалык мүнөздөмөлөр менен баяндалышы мүмкүн.

Эң эле көп кезигишүүчү мүнөздөмөлөрдүн бири – бул арифметикалык орто сан.

***n санынын арифметикалык орто саны бул сандардын суммасын n ге бөлгөндөн чыккан сан катары аныкталат.*** Маселен, 2, 1, 4, 5 жана 3 сандарынын арифметикалык орто саны $\frac{1+2+3+4+5}{5}$ =3 кө барабар.

***n сандын медианасын эсептөө үчүн адегенде сандарды эң кичинесинен баштап эң чоңун карай өсүү тартибинде жайгаштыруу керек.***

***Эгерде n так сан болсо, анда бул сандар катарынын ортосунда турган сан медиана болот.*** Жогоруда келтирилген мисалда эң кичинесинен баштап эң чоңун карай жазылган сандар тизмеги төмөнкүдөй көрүнөт: 1, 2, 3, 4, 5 жана бул сандар катарынын медианасы 3 кө барабар.

***Эгерде n жуп сан болсо, анда катардын медианасы ортодогу эки сандын арифметикалык орто санына барабар.*** Маселен, 1, 2, 3 жана 4 сандарынын медианасы $\frac{2+3}{2} = 2,5$ ке барабар.

Сандардын чачылыңкылыгынын чоңдугу ар түрдүү ыкмалар менен эсептелиши мүмкүн. Берилгендердин чачылыңкылыгын эсептөөнүн эң эле жөнөкөй ыкмаларынын бири болуп арыш саналат. ***Арыш берилген сандар тизмегиндеги эң чоң жана эң кичине сандардын арасындагы айырма катары аныкталат.*** Маселен, 1, 2, 5, 6 сандарынын арышы 6 – 1 = 5 ке барабар.

***Арыш берилген сандар тизмегиндеги эки санга гана көз каранды болоруна көңүл бургула***.

Берилгендердин четке чыгуусунун эң көп кездешүүчү мүнөздөмөлөрүнүн бири стандарттуу четке чыгуу деп аталат. Берилгендердин арифметикалык орто санынан четке чыгуусу канчалык чоң болсо, стандарттык четке чыгуунун мааниси ошончолук чоң болот.

***Стандарттык четке чыгуу берилгендердин маанилеринин баарына жана ошол эле мезгилде ал арифметикалык орто сандан эң алыстаган маанилерге да көз каранды болоруна көңүл бургула.*** Ушул себептүү арифметикалык орто санга чоңдугу боюнча эң жакын болгон берилгендердин стандарттык четке чыгуусу маанилери арифметикалык орто санга жакын жайгашпаган берилгендердин стандарттык четке чыгуусунан кичине болот. Маселен, сандардын эки тизмегин салыштыргыла: 0; 7; 8; 10; 10 жана 6; 6; 6,5; 7,5; 9. Бул эки тизмектин ар биринин арифметикалык орто саны 7 ге барабар. Берилгендердин экинчи тизмегиндеги сандар арифметикалык орто санга биринчи тизмектеги сандардан жакын экендигин эстеп койгула. Ошондуктан сандардын экинчи тизмегинин стандарттык четке чыгуусу биринчисиникинен кичине.

Берилгендердин бөлүштүрүүсүн көрсөтүүнүн эң эле көп ыкмалары жашайт. Эң эле жөнөкөй ыкмалардын бири бөлүштүрүү тездиги деп аталат. Бул усул берилгендер ар түрдүү тездик менен

кездешкенде эң эле ыңгайлуу. Маселен, -2, -1, 0, 1, -1, -2 лерден турган алты сан $x$ тин ар түрдүү маанилерине $x$ кездеше турган ар түрдүү $f$ тездиктер туура келгендей кылып таблица түрүндө көрсөтүлүшү мүмкүн.

| Берилгендер $x$ | Тездиктер $f$ |
|---|---|
| -2 | 2 |
| -1 | 2 |
| 0 | 1 |
| 1 | 1 |

Бөлүштүрүү тездиктеринин таблицасынан ар түрдүү статистикалык мүнөздөмөлөрдү оңой табууга болот:

Арифметикалык орто сан: $\frac{(-2)\cdot 2+(-1)\cdot 2+0\cdot 1+1\cdot 1}{6}=-\frac{5}{6}$

Бул алты сандын медианасы $\frac{-1+(-1)}{2}=-1$ ге барабар

Чачылыңкылык $1-(-2)=3$ кө барабар.

**Көптүктөр**

***Математикада көптүк – бул сандардын же обүекттердин тизмеги. Бул обүекттер көптүктүн мүчөлөрү деп аталышат.*** Эгерде $S$ көптүгү чектүү сандагы мүчөлөрдү камтыса, анда бул сан $|S|$ деп белгиленет.

Мындай көптүктөр көбүнчө алардын мүчөлөрүн жазуу аркылуу аныкталат. Маселен, $S = \{-1, 0, 3\}$ – бул $|S|=3$ болгон көптүк. Көптүктүн мүчөлөрү жайгашкан бул тартип мааниге ээ эмес.
Маселен, $\{-1, 0, 3\} = \{3, -1, 0\}$.

Эгерде $S$ көптүгүнүн бардык мүчөлөрү $T$ көптүгүнүн да мүчөлөрү болушса, анда $S$ көптүгү $T$ га кирет. Маселен, $S = \{-1, 0, 3\}$ көптүгү $T = \{-5, -1, 0, 2, 3, 4\}$ көптүгүнө кирет.


***Каалаган эки X жана Y көптүктөрү үчүн X жана Y тин биригишүүсү болуп бардык мүчөлөрү же X те, же Y те, же болбосо, X те да жана Y те да бир учурда бар болгон көптүк саналат.***

***X жана Y тин кесилишүүсү болуп бардык мүчөлөрү X те да, Y те да бар болгон көптүк саналат.***

***X жана Y тин биригишүүсү $X\cup Y$ болуп, ал эми алардын кесилишүүсү $X\cap Y$ болуп белгиленет.*** Маселен, эгерде $X = \{1\}$, ал эми $Y = \{1, 2, 3\}$ болсо, анда $X\cup Y = \{1, 2, 3\}$, ал эми $X\cap Y = \{1\}$ болот.

***Эгерде эки көптүк жалпы мүчөлөргө ээ болушпаса, анда алар кесилишпөөчү деп аталышат.***

Көптүктөрдүн арасындагы өз ара байланыш көбүнчө Венндин диаграммасынын жардамы менен көрсөтүлөт. Бул диаграммада көптүктөр тегиздиктеги аймактар катары көрсөтүлөт. Эгерде $X$ жана $Y$ эки көптүгү кесилишсе жана алардын бири да экинчисинин бөлүкчө көптүгү болуп саналбаса, анда $X\cap Y$ кесилишүүсү төмөндө көрсөтүлгөн диаграммасында штрихтелген аймак катары сүрөттөлөт:




Бул диаграмма төмөнкү фактты иллюстрациялайт: чектүү эки $X$ жана $Y$ көптүктөрү үчүн $X$ жана $Y$ тин биригишүүсүндөгү мүчөлөрдүн саны $X$ теги жана $Y$ теги мүчөлөрдүн санынын суммасынан $X$ менен $Y$ тин кесилишүүсүндөгү элементтердин санын кемиткенге барабар (анткени, кесилишүү бул суммада эки жолу эсепке алынуудa). Бул фактты $|X\cup Y| = |X| + |Y| - |X\cap Y|$ деп жазууга болот.

Эсептөөнүн бул усулу эки көптүктү кошуунун негизги эрежеси деп аталат. Эгерде $X$ жана $Y$ кесилишпесе (б.а. $|X\cap Y| = 0$), анда $|X\cup Y| = |X| + |Y|$ болот.

**Комбинаторика**

Көптүктөрдүн элементтеринин санын эсептөөнүн бул элементтердин бардыгын жазууну талап кылбаган көптөгөн ар түрдүү усулдары бар.

Көбөйтүүнүн төмөнкү принциби мындай эсептөөлөр үчүн негизги болуп саналат.

***Эгерде көптүктүн элементи n элементтен турган көптүктөн тандап алынса жана көптүктүн дагы бир элементи m элементтен турган башка көптүктөн тандап алынса, анда бул эки элементти бир мезгилде тандап алуунун n·m варианты жашайт.***

Маселен, ресторандагы меню ар түрдүү 5 биринчи тамакты жана ар түрдүү 3 экинчи тамакты камтыйт. Эгерде тамактанууга келген адам бир биринчи тамак жана бир экинчи тамак заказ берсе, анда тамактанууга келген бул адам биринчи жана экинчи тамактардын 5 · 3 = 15 комбинациясын заказ бере алат.

Көбөйтүүнүн бул принцибинде көп пайдаланылган символ факториал деп аталат. ***Эгерде n – бул 1 ден чоң бүтүн сан болсо, анда n факториал n! деп белгиленет жана 1 ден n ге чейинки бул эки сандын өздөрүн да кошуп алгандагы бардык бүтүн сандардын көбөйтүндүсү катары аныкталат.*** Маселен,

$2! = 1 \cdot 2 = 2,$

$3! = 1 \cdot 2 \cdot 3 = 6.$

***Ошондой эле, аныктоо боюнча 0! = 1! = 1.***

Факториал көптүктө элементтеринин жайгашуусунун мүмкүн болгон варианттарынын санын эсептөө үчүн өтө ыңгайлуу.

Эгерде көптүктө *n* элемент бирден *n* ге чейинки тартипте жайгашса, анда биринчи элементти тандоонун *n* варианты, экинчи элементти тандоонун $n – 1$ варианты, үчүнчү элементти тандоонун $n – 2$ варианты болот жана дагы ушул сыяктуу акыркы *n*- элементти тандоонун бир варианты калмайынча улантылат.

Ошондуктан, биздин көбөйтүү принцибибизди пайдалансак, *n* элементти мүмкүн болгон жайгаштыруу варианттарынын саны төмөнкүгө барабар болот:

$$n \cdot (n – 1) \cdot (n – 2) \cdot \ldots \cdot 3 \cdot 2 \cdot 1 = n!$$

Маселен, *А*, *Б*, *В* тамгаларынын жайгашуу варианттарынын саны 3! га же 6 га барабар: *АБВ*, *АВБ*, *БАВ*, *БВА*, *ВАБ*, *ВБА*.

Тандоонун бул процесси элементтерди биринин артынан экинчисин белгилүү тартипте тандоо процесси катары каралуусу мүмкүн.

***Кээде элементтерди тандоо тартиби мааниге ээ болбой калат жана n элементтүү көптүктөн k элементти, мында n> k, тандоо мүмкүн болот. Анда берилген n элементтен k элементти тандоо санын, мында 0≤ k ≤ n,*** $C_n^k$ ***деп белгилешет жана n элементтен k дан алынган топтоштуруулардын саны деп аташат:***

$$C_n^k = \frac{n!}{k! \cdot (n-k)!}.$$

Маселен, эгерде $S = \{1, 2, 3, 5, 7\}$ болсо, анда бул көптүктүн ар биринде 3 төн элементи болгон бөлүкчө көптүктөрүнүн саны төмөнкүгө барабар:

$$C_5^3 = \frac{5!}{3! \cdot 2!} = \frac{120}{6 \cdot 2} = 10.$$

**Ыктымалдуулук**

Жогоруда баяндалган көптөгөн маселелер чектүү сандагы натыйжалар же окуялар менен тажрыйба жүргүзгөндөгү кокустук окуя жана анын ыктымалдуулугун үйрөнүүдө зарыл.

Маселен, грандары 1 ден 6 га чейин номерленген кубду ыргытуу окуялардын бири болгон 4 цифрасы бар грандын пайда болушуна алып келүүсү мүмкүн. Бул {4} болуп белгиленет.

***X* окуясынын кандайдыр бир тажрыйбаны өткөрүүдө болуп өтүшүнүн ыктымалдуулугу *P(X)* менен белгиленет жана 0 дөн 1 ге чейинки сан болот, бул сан 0 менен 1 дин өздөрүнө барабар болуусу да мүмкүн.**

Эгерде *X* окуясы болуп өтпөсө, анда $P(X)=0$. Эгерде *X* окуясы анык болуп өтсө, анда $P(X)=1$. Эгерде *X* окуясы болушу мүмкүн, бирок сөзсүз эмес болсо, анда $0<P(X)<1$.

Эгерде *Y* окуясы *X* окуялардын көптүгүнүн бөлүкчө көптүгү болсо, анда $P(Y) \le P(X)$.

Бардык окуяларынын болуп өтүү ыктымалдыгы бирдей болгон тажрыйба үчүн:

$$P(X) = \frac{X \quad окуясы \quad боло \quad турган \quad натыйжалардын \quad саны}{Бардык \quad мүмкүн \quad болгон \quad натыйжалардын \quad саны}$$

*X* жана *Y* окуялар үчүн төмөнкү натыйжалардын болушу мүмкүн:

«*X* эмес» - *X* окуясы болуп өтпөгөн натыйжалардын көптүгү

«*X* же *Y*» - натыйжалардын же *X* окуясы, же *Y* окуясы, же мунусу да, анысы да бирге болуп өтө турган көптүгү, $X \cup Y$ .

«*X* жана *Y*» - натыйжалардын *X* окуясы да жана *Y* окуясы да болуп өтө турган көптүгү, $X \cap Y$ .

*X* окуясынын болуп өтпөсүнүн ыктымалдуулугу *P*(*X*эмес)=*1*– *P*(*X*) ке барабар.

*X* же *Y* окуяларынын болуп өтүүсүнүн ыктымалдуулугу

*P*(*X* же *Y)=P(X)+P(Y) – P(X* жана *Y*) ке барабар.

Кайрадан биздин куб менен болгон мисалга кайрылалы. Эгерде {1, 3, 4} түшкөн окуяны *X* менен жана {1, 2} түшкөн окуяны *Y* менен белгилесек, анда

*P*(*X* жана *Y*) = $\frac{1}{6}$

*P(X* же *Y*)= $P(X) + P(Y) - P(X$ жана $Y)$ = $\frac{3}{6} + \frac{2}{6} - \frac{1}{6} = \frac{4}{6}$

Эгерде «*X* жана *Y*» окуялар бул тажрыйбада болушу мүмкүн эмес болсо, анда *P(X* жана *Y*) = 0 жана *P(X* же *Y*) = *P(X) + P(Y).*

***Эгерде X окуясынын ыктымалдуулугу Y окуясынын болуп өткөндүгү же өтпөгөндүгүнө көз карандысыз болсо, анда X окуясы Y ке көз карандысыз деп аталат.***

Маселен, биздин куб үчүн, эгерде *X*={1,2,3} жана *Y*={3,5} болсо, анда *X* окуясы болуп өтүүсүнүн ыктымалдуулугу $P(X) = \frac{|X|}{6} = \frac{3}{6} = \frac{1}{2}$ ге барабар, мында $|X|$- *X* окуясы болуп өтө турган бардык натыйжалардын саны.

Ушундай эле жол менен *Y* окуясы болуп өткөнүнүн ыктымалдуулугу $P(Y) = \frac{|Y|}{6} = \frac{2}{6} = \frac{1}{3}$ ге барабар.

Эгерде *Y* болуп өттү деп болжолдосок, анда *X* тин болуп өтүүсүнүн ыктымалдуулугу

$$P(X) = \frac{P(|X \cap Y|)}{P(|Y|)} = \frac{|X \cap Y|}{|X|} = \frac{|X \cap Y|}{|Y|} = \frac{|\{3\}|}{|\{3,5\}|} = \frac{1}{2}.$$

*X* болуп өттү деп болжолдоп, *Y* тин болуп өтүүсүнүн ыктымалдуулугун табуу мүмкүн:

$$P(Y) = \frac{|X \cap Y|}{|X|} = \frac{|\{3\}|}{|\{1,2,3\}|} = \frac{1}{3}.$$

Биз бир окуянын пайда болуусу экинчи окуянын пайда болуу ыктымалдуулугуна таасир кылбастыгын көрөбүз. Ошондуктан *X* жана *Y* окуялар көз карандысыз болушат.

*K* жана *E* көз карандысыз окуялар үчүн көбөйтүүнүн төмөнкү эрежеси туура:

*P*(*K* жана *E*) = *P(K) • P(E).*

Ошондой эле, эгерде *K* жана *E* окуялары көз карандысыз болсо, анда

*P(K* жана *E*) = *P*(*K*) +*P(E) – P(E) • P(K).*

**Алгебра**

Алгебра арифметикалык амалдарга жана *белгисиз* же *өзгөрүлмө чоңдуктун* түшүнүктөрүнө негизделген. Латын алфавитинин каалаган тамгалары өзгөрүлмө чоңдукту белгилөөгө пайдаланылат.

Мисал:

Майрам Аманга караганда 2 калемди көп сатып алган. Эгерде $k$ Аман сатып алган калемдердин саны болсо, анда Майрам $k+2$ калем сатып алган болот.

Тамгалардын жана арифметикалык амалдардын комбинацияларын, маселен, $k+2$ же $\frac{2x^2}{x-1}$ ди алгебралык туюнтмалар деп аташат.

$5x^2 - 3x + 3$ туюнтма $5x^2$ , $-3x$ жана 3 мүчөлөрдөн турат, мында 5 – бул $x^2$ тын алдындагы коэффициент, $-3$ - бул $x^1$ дин алдындагы коэффициент жана 3 – бул туруктуу мүчө.

$5x^2 - 3x + 3 = 0$ экинчи даражадагы теңдеме деп аталат, анткени $x$ тин эң чоң даражасы 2 ге барабар.

$k+2$ туюнтманы биринчи даражалуу көп мүчө деп аташат, анткени $k$ нын эң чоң даражасы 1 ге барабар.

**Алгебралык туюнтмаларды жөнөкөйлөтүү.**

Алгебралык туюнтмалар менен иштегенде аларды окшош мүчөлөрүн келтирүү аркылуу жөнөкөйлөштүрүүгө туура келет. Маселен, $6x+7x$ туюнтма $(6+7)x=13x$ ке барабар.

Эгерде алгебралык туюнтманын алымында жана бөлүмүндө жалпы көбөйтүүчү бар болсо, анда туюнтманы көбөйтүүчүгө ал нөлгө барабар эмес болгон учурда кыскартуу мүмкүн.

Маселен, $y \neq 0$ жана $z \neq 0$ болгондо $\frac{xy}{yz} = \frac{x}{z}$.

Эки алгебралык туюнтманы көбөйтүү үчүн бир туюнтманын ар бир мүчөсүн экинчи туюнтманын ар бир мүчөсүнө көбөйтүү керек.

**Теңдемелер**

Алгебранын негизги үйрөнүү обүекти болуп теңдемелер эсептелет. Теңдемелердин мисалдары:

1. $5x-2=9-x$ (бир белгисиздүү сызыктуу теңдеме)

2. $3x+1=y-2$ (эки белгисиздүү сызыктуу теңдеме )

3. $5x^2+x-1=6x$ (бир белгисиздүү квадраттык теңдеме).

***Бир белгисиздүү же бир нече белгисиздүү теңдеменин чыгырылышы болуп теңдемедеги белгисиздин ордуна койгондо теңдемени туура барабардыкка айландыруучу ("теңдемени канааттандыруучу") анын мааниси саналат.***

Теңдеме чыгарылышка ээ болбосу, бир чыгарылышка ээ болуусу же бирден көп чыгарылышка ээ болуусу мүмкүн.

Эгерде эки же көп теңдеме бирге чыгарылса, анда чыгарылыш теңдемелерди бир мезгилде канааттандыруусу тийиш.

***Чыгарылыштары бирдей болгон эки теңдеме тең күчтүү же эквиваленттүү деп аталышат.***

Маселен, $2x+3=1$ жана $4x+6=2$ теңдемелери $x=-1$ деген бирдей чыгарылышка ээ болушат. Экинчи теңдеме – бул эки жагы тең экиге көбөйтүлгөн биринчи теңдеме экенине көңүл буруңуз.


$3x-y=6$ жана $6x-2y=12$ теңдемелери бирдей чыгарылышка ээ болушат.

Эгерде $x$ ке каалаган маанини ыйгарсак, $3x-6$ саны $y$ тин эки теңдемени тең канааттандыра турган маанисине туура келет.

Маселен, $x = 2$ жана $y = 0$ – бул эки теңдеменин тең $x = 5$ жана $y = 9$ сыяктуу эле чыгарылышы.


**Геометрия**

Геометрияда "түз сызык" сөзү эки тарапка тең чектелбей улантылган түз сызыкка тиешелүү.




Жогоруда келтирилген түз сызык $AB$ түз сызыгы же $l$ түз сызыгы деп аталат. Түз сызыктын $A$ дан $B$ га чейинки бөлүгү кесинди деп аталат. $A$ жана $B$ – бул кесиндинин четки чекиттери. $AB$ белгилөө кесиндини да, бул кесиндинин узундугун да түшүндүрөт.

Кесилишүүчү эки сызык үчүн карама-каршы бурчтар вертикалдык бурчтар деп аталышат жана бирдей эле чоңдукка ээ болушат.





$AOB$ жана $DOC$ – вертикалдык бурчтар, $AOD$ жана $BOC$ – вертикалдык бурчтар.

***Көп бурчтук*** – бул көп бурчтуктун жактары деп аталышкан үч же андан көп кесиндилер аркылуу түзүлгөн жалпак фигура. Ар бир жак туп-туура эки жакты чектүү чекиттерде кесип өтөт. Кесилишүү чекиттери чокулар деп аталышат. “Көп бурчтук” термини томпок көп бурчтукту, б.а. ар бир ички бурчу $180^\circ$ тан кичине болгон көп бурчтукту божомолдойт.

Төмөнкү фигуралар көп бурчтуктар болуп эсептелишет:




Төмөнкү фигуралар көп бурчтуктар болуп ЭСЕПТЕЛИШПЕЙТ:



Үч бурчу бар көп бурчтук үч бурчтук; төрт бурчу бары – төрт бурчтук; алты бурчу бары – алты бурчтук д.у.с. деп аталышат.


Үч бурчтуктун ички бурчтарынын градустук чендеринин суммасы $180^\circ$ ка барабар.



Беш бурчтук үч үч бурчтукка бөлүнүшү мүмкүндүгүн эстеп койгула, ошондуктан бурчтарынын чоңдугу бул үч үч бурчтуктун бурчтарынын чоңдуктарын кошуу аркылуу табылышы мүмкүн.

**Көп бурчтуктун периметри анын жактарынын узундуктарынын суммасы болуп саналат.**

***Үч бурчтуктар*** каалаган эки жагынын узундуктарынын суммасы үчүнчү жагынын узундугунан чоң деген жалпы касиетке ээ. Бул төмөндөгү сүрөттө көрсөтүлгөн:





$x + y > z; y + z > x; x + z > y$


***Тең жактуу үч бурчтуктун бардык жактары бирдей узундукка ээ болушат. Мындай үч бурчтуктун бардык бурчтары бирдей чоңдукка ээ болушат.***

***Тең капталдуу үч бурчтук – эң кеминде эки жагы бирдей узундукка ээ болгон үч бурчтук.*** Эгерде үч бурчтуктун эки жагы бирдей узундукка ээ болушса, анда бул жактарга карама-каршы жаткан эки бурч бирдей чоңдукка ээ болушат. Тескерисинчеси да туура.

Төмөндө келтирилген *MKC* тең капталдуу үч бурчтугунда $x=y$, $MK=KC$.





***Бар бурчу тик болгон үч бурчтук тик бурчтуу үч бурчтук деп аталат.*** Тик бурчтуу үч бурчтукта тик бурчка каршы жак гипотенуза, ал эми калган экөө катеттер деп аталышат. Тик бурчтуу үч бурчтуктар үчүн**:** ***гипотенузанын узундугунун квадраты катеттердин узундуктарынын квадраттарынын суммасына барабар*** деген теорема ***Пифагордун теоремасы*** деп аталат**.**




Жогоруда келтирилген сүрөттө $\Delta ABC$ тик бурчтуу болуп саналат, ошондуктан $AB^2 + CA^2 = BC^2$. $AB = 2$ жана $CA = 1$ болгондуктан $2^2 + 1^2 = 4 + 1 = 5$, демек, $BC = \sqrt{5}$. Жактарынын узундуктары 3:4:5 катышта болгон каалаган үч бурчтук тик бурчтуу үч бурчтук болуп эсептелет.

***Эгерде x, y жана z – үч бурчтуктун жактарынын узундуктары жана $x^2 + y^2 = z^2$ болушса, анда бул үч бурчтук тик бурчтуу болот.***




Бурчтары $45^\circ$, $45^\circ$, $90^\circ$ болгон үч бурчтуктун жактарынын узундуктары $1:1:\sqrt{2}$ катышта болушат.

*XYZ* үч бурчтугунда $XY = 2$ жана $YZ = 2$ болсо, анда $XZ = 2\sqrt{2}$ болот.

Бурчтары $30^\circ$, $60^\circ$, $90^\circ$ болгон үч бурчтуктун жактарынын узундуктары $1:\sqrt{3}:2$ катышта болушат.

*KLM* үч бурчтугунда $KL = 3$ жана $ML = 3\sqrt{3}$ болсо, анда $MK = 6$ болот.

## Математика боюнча тесттик тапшырмалардын мисалдары

«Математика» бөлүмү эки бөлүктөн турат.

### I бөлүк

**Көрсөтмө**

1-ден 10-га чейинки суроолор эки чоңдукту камтыйт, алардын ар бири тик бурчтуу рамкага: бири **А КОЛОНКАСЫНА**, ал эми экинчиси **Б КОЛОНКАСЫНА** алынган. Сиз бул эки чоңдукту салыштырууңуз жана жоопту тандооңуз керек:

- А, эгерде **А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдук чоң болсо
- Б, эгерде **Б КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдук чоң болсо
- В, эгерде эки чоңдук барабар болсо
- Г, эгерде бар болгон маалымат аркылуу бул чоңдуктардын кайсынысы чоң экендигин, же алардын барабардыгын аныктоо мүмкүн болбосо.

Кээ бир суроолордо салыштырылуучу чоңдуктар тууралуу кошумча маалымат берилет. Ал салыштырылуучу чоңдуктардын үстүнө жайгаштырылат жана рамкаларга АЛЫНБАЙТ. Тапшырманын эки колонкасында тең бар болгон символ **А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** жана **Б КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдуктар үчүн бирдей мааниге ээ болот**.**

**Сандар**

Тестте жалаң чыныгы сандар гана пайдаланылат.

**Фигуралар**


Тапшырмалар менен бирге келтирилген фигуралар, чыгаруу үчүн пайдалуу маалымат беришет. Фигуралар, атайын эскертилгенден БАШКА учурларда, масштаб менен жана тегиздикте сүрөттөлгөн.

| | А КОЛОНКАСЫ | Б КОЛОНКАСЫ |
|---|---|---|
| 1. | $\frac{3}{4}$ | $0,75$ |

$a > b$, $c < b$

| | А КОЛОНКАСЫ | Б КОЛОНКАСЫ |
|---|---|---|
| 2. | $a$ | $c$ |

$a$ жана $b$ түз сызыктары параллель




| | А КОЛОНКАСЫ | Б КОЛОНКАСЫ |
|---|---|---|
| 3. | $x$ | $y$ |

$$x + y = 2$$
$$y + 2 = 5$$

| | А КОЛОНКАСЫ | Б КОЛОНКАСЫ |
|---|---|---|
| 4. | $x$ | $y$ |

**Салыштырууга суроолор үчүн кыскача көрсөтмө**

Жооп: А, эгерде **А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдук чоң болсо

Б, эгерде **Б КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдук чоң болсо


В, эгерде эки чоңдук барабар болсо

Г, эгерде бар болгон маалымат аркылуу бул чоңдуктардын кайсынысы чоң экендигин, же алардын барабардыгын аныктоо мүмкүн болбосо.

| | А КОЛОНКАСЫ | Б КОЛОНКАСЫ |
|---|---|---|

$x < -2$

| 5. | $x^2$ | 4 |
|---|---|---|




$(x, y)$ чекити тик бурчтуу координаталар системасында жатат.

| 6. | $x$ | $y$ |
|---|---|---|

| | А КОЛОНКАСЫ | Б КОЛОНКАСЫ |
|---|---|---|
| 7. | $3x^3$ | $x^3$ |
| 8. | $\frac{1}{0,01}$ | $\frac{1}{0,02}$ |
| 9. | $\sqrt{5^2}$ | $5\sqrt{5}$ |

Килограммынын баасы 15 сом болгон 2 килограмм алма жана килограммынын баасы $x$ сом болгон 3 килограмм алмурут үчүн 85 сомдон көп төлөшкөн.

| 10. | $x$ | 18 |
|---|---|---|

## II бөлүк

**Көрсөтмөлөр**
Ар бир суроого жооптун беш варианты берилет. Алар (А), (Б), (В), (Г), (Д) тамгалары менен белгиленген. Суроого жооп берип жатып, Сиз тапшырманы, жооптун бардык варианттарын көңүл коюп окууга жана алардын кайсынысы ылайыктуу болуп саналарын аныктоого тийишсиз. Сиз жооптун сунуш кылынган варианттарынын жалаң бирөөн гана тандап алууңуз зарылдыгын унутпаңыз.

**Сандар**
Тестте жалаң чыныгы сандар гана пайдаланылат.

**Фигуралар**
Тапшырмалар менен бирге келтирилген фигуралар, чыгаруу үчүн пайдалуу маалымат беришет. Фигуралар, атайын эскертилгенден БАШКА учурларда, масштаб менен жана тегиздикте сүрөттөлгөн.


**11.** Эгерде Эрмек 10 жыл мурун 3 жашта болсо, ал $y$ жыл мурун канча жашта болгон?

(А) $3+y$
(Б) $7+y$
(В) $7-y$
(Г) $10+y$
(Д) $13-y$

**12.** Эгерде $m$ сан огундагы санды белгилесе, төмөндө келтирилген кайсы ырастоодон m дин мааниси терс деген корутунду келип чыгат?

I. $m$ менен 3 түн аралыгында 0
II. 2ден сол жакта $m$
III. $m$ менен 2 нин ортосундагы аралык 1 ден чоң.

(А) Эч кайсы
(Б) I гана
(В) II гана
(Г) III гана
(Д) I жана III гана




**13.** Эгерде жогоруда келтирилген сүрөттө $m$ түз сызыгы n түз сызыгына параллель болсо, анда $x =$

(А) 15
(Б) 30
(В) 45
(Г) 85
(Д) 90

**14.** Эгерде $f(x)$ функциясы бардык $x$ сандары үчүн $f(x)=3^x$ формула менен аныкталса, анда төмөндө келтирилгендердин кайсынысы $f(x+1)-f(x)$ ке барабар?

(А) 3
(Б) 9
(В) $f(x)$
(Г) $2f(x)$
(Д) $3f(x)$

**15.** Радиусу 3 метр болгон тегерек формасындагы килем узундугу 10 метр жана туурасы 6 метр полдо тегиз жатат. Пол аянтынын канча пайызы килем менен капталган?

(А) $8\pi\%$
(Б) $10\pi\%$
(В) $15\pi\%$
(Г) $20\pi\%$
(Д) $25\pi\%$

**16.** Төрт бурчтуу призманын канча диагоналы бар?

(А) 0
(Б) 1
(В) 2
(Г) 3
(Д) 4

**17.** Эгерде $p$ жана $k$ оң бүтүн сандар болушса жана $p^3k^4 = 2000$ болсо, анда $p+k$ кандай маанини кабыл алат?

(А) 9
(Б) 7
(В) 6
(Г) 4
(Д) 3

**18.** Эгерде так сандагы сандарды өсүү тартибинде катарга жайгаштырсак, анда бул катардын ортосунда жайгашкан сан бул сандардын медианасы деп аталат. Маселен, 4, 5 жана 6 сандарынын медианасы 5 ке барабар.
Биология боюнча экзаменде жети студент төмөнкү баллдарды алышкан: 62, 70, 67, 48, 89, 98 жана 92.
Бул баллдардын медианасы кайсы?

(А) 48
(Б) 62
(В) 67
(Г) 70
(Д) 89

**19.** Эгерде $H = \frac{1}{60}+\frac{1}{70}+\frac{1}{80}+\frac{1}{90}+\frac{1}{100}$ болсо, анда төмөндө аталган барабарсыздыктардын кайсынысы туура болуп саналат?

(А) $\frac{1}{60} < H < \frac{1}{50}$
(Б) $\frac{1}{50} < H < \frac{1}{30}$
(В) $\frac{1}{30} < H < \frac{1}{20}$
(Г) $\frac{1}{20} < H < \frac{1}{12}$
(Д) $\frac{1}{12} < H < \frac{1}{5}$

**20.** Мектеп окуучуларынын бардыгынын 50%ы испанча, 56%ы французча жана французча үйрөнгөндөрдүн 25% ы испанча да үйрөнүшөт. Мектеп окуучуларынын канча пайызы испанча да, французча да үйрөнүшпөйт?

(А) 81%
(Б) 75%
(В) 25%
(Г) 19%
(Д) 8%

## Математика боюнча маселелердин жооптору жана чыгарылыштары
### I бөлүк

| |
|---|
| **Көрсөтмө**<br>1-ден 10-га чейинки суроолор эки чоңдукту камтыйт, алардын ар бири тик бурчтуу рамкага: бири **А КОЛОНКАСЫНА**, ал эми экинчиси **Б КОЛОНКАСЫНА** алынган. Сиз бул эки чоңдукту салыштырууңуз жана жоопту тандооңуз керек:<br>А, эгерде **А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдук чоң болсо<br>Б, эгерде **Б КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдук чоң болсо<br>В, эгерде эки чоңдук барабар болсо<br>Г, эгерде бар болгон маалымат аркылуу бул чоңдуктардын кайсынысы чоң экендигин, же алардын барабардыгын аныктоо мүмкүн болбосо. |

**А КОЛОНКАСЫ** **Б КОЛОНКАСЫ**

**1.** $\frac{3}{4}$ | $0,75$

**Чыгаруу:**

$0,75$ ондук бөлчөктү жөнөкөй бөлчөк түрүндө жазалы. Бул үчүн бөлчөктүн алымына үтүрдөн кийинки санды, ал эми бөлүмүнө бир менен нөлдөрдү жазуу жетиштүү, мында нөлдөрдүн саны үтүрдүн оң жагында канча цифра болсо, ошончо болуусу тийиш:

$0,75=\frac{75}{100}$

Алынган бөлчөктүн алымын жана бөлүмүн 25 ке бөлөбүз

$\frac{75}{100}=\frac{3}{4}$

**А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** жана **Б КОЛОНКАСЫНДАГЫ** сандар барабар.

Туура жооп В.

Жөнөкөй бөлчөктү ондук бөлчөк түрүндө жазуу мүмкүн. Бул үчүн алымды бөлүмгө ондук бөлчөктү бүтүн санга бөлүү эрежеси боюнча бөлүү керек:

$3:4=0,75$

**А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** жана **Б КОЛОНКАСЫНДАГЫ** сандар барабар.

Туура жооп В.

**А КОЛОНКАСЫ** **Б КОЛОНКАСЫ**

$a>b$, $c<b$

**2.** $a$ | $c$

**Чыгаруу:**


Сан барабарсыздыктарынын касиеттерин пайдаланып, $c<b$ кошумча маалыматты $b>c$ түрдө жазуу мүмкүн.

Сан барабарсыздыктарынын касиеттерин пайдаланып, эгерде $a>b$ жана $b>c$ болсо, анда $a>c$. Демек, **А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдук **Б КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдуктан чоң.

Туура жооп А.


**А КОЛОНКАСЫ**　　**Б КОЛОНКАСЫ**

$a$ жана $b$ түз сызыктары параллель




**3.**　$x$　　$y$

**Чыгаруу:**




$b$ түз сызыгы менен кесүүчүнүн кесилишүүсүнөн пайда болгон бурчтун чоңдугун $z^o$ менен белгилейбиз. Кошумча маалыматтан $a$ жана $b$ түз сызыктарынын параллель экендиги белгилүү. Демек $x = z$ . $y$ жана $z$ бурчтары вертикалдуу болушкандыктан, $y = z$ . Ошентип, $x = y$

**А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** жана **Б КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдуктар барабар.

Туура жооп В.

**А КОЛОНКАСЫ**　　**Б КОЛОНКАСЫ**

$$x + y = 2$$
$$y + 2 = 5$$

**4.**　$x$　　$y$

**Чыгаруу:**

Бар болгон $y + 2 = 5$ кошумча маалымат боюнча $y = 3$ тү табабыз. Табылган $y = 3$ маанини $x + y = 2$ теңдемеге коюп, $x + 3 = 2$ ни же $x = -1$ ди алабыз.

Демек, **Б КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдуктун мааниси чоң.

Туура жооп Б.

**А КОЛОНКАСЫ**　　**Б КОЛОНКАСЫ**

$$x < -2$$

**5.**　$x^2$　　4


**Чыгаруу:**

Каалаган санды квадратка көтөрүүнүн натыйжасында нөлдөн чоң же нөлгө барабар сан алынгандыктан, $x^2 = |x|^2$ болот. Кошумча маалыматтан $x < -2$ экени белгилүү, б.а. координаттык түз сызыктын $x$ ке туура келген бардык чекиттери $-2$ ден сол жакта жайгашкан жана $|x| > 2$ . Мүчөлөрү оң болгон алынган барабарсыздыктын эки жагын квадратка көтөрөбүз жана $|x|^2 > 2^2$ же $x^2 > 4$ тү алабыз.

**А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдук чоң дегенди алдык.

Туура жооп А.

**А КОЛОНКАСЫ** **Б КОЛОНКАСЫ**




$(x, y)$ чекити тик бурчтуу координаталар системасында жатат.

**6.**

| $x$ | $y$ |
|---|---|

**Чыгаруу:**

Кошумча маалыматтан $(x, y)$ чекити тик бурчтуу координаталар системасынын II чейрегинде жатары белгилүү. II чейректе жаткан ар бир чекиттин $x$ координатасы терс маанини, ал эми $y$ координатасы оң маанини кабыл алат, демек $x < y$ , б.а.
**Б КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдук **А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдуктан чоң.

Туура жооп Б.

**А КОЛОНКАСЫ** **Б КОЛОНКАСЫ**

**7.**

| $3x^3$ | $x^3$ |
|---|---|

**Чыгаруу:**

**А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** жана **Б КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдуктардын айырмасын табабыз**:** $3x^3 - x^3 = 2x^3$. Эки чыныгы чоңдуктарды салыштырганда үч учурдун болуусу мүмкүн:

- Эгерде $2x^3$ айырма нөлгө барабар болсо же $x = 0$ болсо, анда $3x^3 = x^3$
- Эгерде $2x^3$ айырма оң сан болсо же $x > 0$ болсо, анда $3x^3 > x^3$
- Эгерде $2x^3$ айырма терс сан болсо же $x < 0$ болсо, анда $3x^3 < x^3$ .

Бул маселеде $x$ чоңдуктун мааниси тууралуу кошумча маалымат жок болгондуктан, чоңдуктардын кайсынысы чоң экендигин же алардын барабар экендигин аныктоо мүмкүн эмес.

Туура жооп Г.

**А КОЛОНКАСЫ** **Б КОЛОНКАСЫ**

**8.**

| $\frac{1}{0,01}$ | $\frac{1}{0,02}$ |
|---|---|

**Чыгаруу:**

Алымдары бирдей, ал эми бөлүмдөрү ар түрдүү болгон эки бөлчөктүн бөлүмү кичине болгону чоң болот.

$0,01$ бөлчөгү $0,02$ ден кичине болгондуктан, $\frac{1}{0,01}$ бөлчөгү $\frac{1}{0,02}$ бөлчөгүнөн чоң болот.

Демек, **А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдук чоң.

Туура жооп А.

Бул тапшырманы аткаруунун башка ыкмасын карайбыз. Ар бир колонкадагы бөлчөктөрдүн сан маанилерин эсептеп чыгуу, андан кийин бул маанилерди салыштыруу мүмкүн.

$$\frac{1}{0,01} = 1 : 0,01 = 100 : 1 = 100$$

$$\frac{1}{0,02} = 1 : 0,02 = 100 : 2 = 50$$

$$100 > 50$$

Демек, **А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдук чоң.

Туура жооп А.

| | **А КОЛОНКАСЫ** | **Б КОЛОНКАСЫ** |
|---|---|---|
| **9.** | $\sqrt{5^2}$ | $5\sqrt{5}$ |

**Чыгаруу:**

$5\sqrt{5}$ туюнтманы өзгөртүп түзөбүз. Бул үчүн 5 көбөйтүүчүнү квадраттык тамыр белгисинин астына алып киребиз: $5\sqrt{5} = \sqrt{5^2 \cdot 5} = \sqrt{5^3}$ жана $\sqrt{5^2} < \sqrt{5^3}$, ду алабыз, анткени $5^3$дан $5^2$ кичине. Демек, **Б КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдук чоң.

Туура жооп Б.

**А КОЛОНКАСЫ** **Б КОЛОНКАСЫ**

Килограммынын баасы 15 сом болгон 2 килограмм алма жана килограммынын баасы $x$ сом болгон 3 килограмм алмурут үчүн 85 сомдон көп төлөшкөн.

| | | |
|---|---|---|
| **10.** | $x$ | 18 |

**Чыгаруу:**

Кошумча маалыматты пайдаланып, 2 килограмм алма үчүн килограммына 15 сомдон баа менен $15 \cdot 2 = 30$ (сом), ал эми 3 килограмм алмурут үчүн килограммына $x$ сомдон баа менен $3x$ сом төлөшкөндүгүн эсептөө мүмкүн. Анда алма жана алмурут бирге $30 + 3x$ сом турат. Кошумча маалыматтан 2 килограмм алма жана 3 килограмм алмурут үчүн 85 сомдон көп төлөшкөндүгү белгилүү болгондуктан, $30+3x>85$ барабарсыздыгын түзүү мүмкүн. Бул барабарсыздыкты чыгарып, $3x > 55$ ти же $x > \frac{55}{3}$ ти, б.а. $x > 18\frac{1}{3}$ ди алабыз. $18\frac{1}{3} > 18$ болгондуктан, **А КОЛОНКАСЫНДАГЫ** чоңдук чоң.

Туура жооп А.

## II бөлүк

**Көрсөтмөлөр**
Ар бир суроого жооптун беш варианты берилет. Алар (А), (Б), (В), (Г), (Д) тамгалары менен белгиленген. Суроого жооп берип жатып, Сиз тапшырманы, жооптун бардык варианттарын көңүл коюп окууга жана алардын кайсынысы ылайыктуу болуп саналарын аныктоого тийишсиз. Сиз жооптун сунуш кылынган варианттарынын жалаң бирөөн гана тандап алууңуз зарылдыгын унутпаңыз.

**11.** Эгерде Эрмек 10 жыл мурун 3 жашта болсо, ал $y$ жыл мурун канча жашта болгон?

(А) $3+y$
(Б) $7+y$
(В) $7-y$
(Г) $10+y$
(Д) $13-y$


**Чыгаруу:**
Эгерде Эрмек 10 жыл мурун 3 жашта болсо, анда ал азыр 13 жашта, демек, $y$ жыл мурун ал $13-y$ жашта болгон.
Туура жооп (Д).

**12.** Эгерде $m$ сан огундагы санды белгилесе, төмөндө келтирилген кайсы ырастоодон m дин мааниси терс деген корутунду келип чыгат?


I. $m$ менен 3 түн аралыгында 0
II. 2ден сол жакта $m$
III. $m$ менен 2 нин ортосундагы аралык 1 ден чоң.

(А) Эч кайсы
(Б) I гана
(В) II гана
(Г) III гана
(Д) I жана III гана


**Чыгаруу:**
I. Сан огунда 0дүн сол жагында терс сандарга туура келген чекиттер жатат, ал эми 0дүн оң жагында оң сандарга туура келген чекиттер жатат. I ырастоодон $m$ нөлдүн сол жагында жатат, демек, $m$ дин мааниси терс деген келип чыгат.





II. II ырастоодон $m$ терс да, оң да болуусу мүмкүндүгү келип чыгат, анткени анын нөлдүн оң же сол жагында жатары белгисиз.




III. III ырастоодо $m$ менен 2 нин ортосундагы аралык $m$ оң болгондо деле, $m$ терс болгондо деле 1 ден чоң болуусу мүмкүн, анткени $m$ дин 0дөн оң же сол жакта жатары белгисиз.




I ырастоо гана туура.
Туура жооп (Б).





**13.** Эгерде жогоруда келтирилген сүрөттө $m$ түз сызыгы $n$ түз сызыгына параллель болсо, анда $x =$

(А) 15
(Б) 30
(В) 45
(Г) 85
(Д) 90


<u>**Чыгаруу:**</u>

Маселени чыгаруу үчүн төмөндө келтирилген сүрөттө түз сызыктардын кесилишүү чекиттерин $A$, $B$ жана $C$ тамгалары менен белгилейбиз




$B$ чекити аркылуу $k$ түз сызыгын ал $m$ жана $n$ түз сызыктарына параллель болгондой кылып өткөрөбүз.

$k$ түз сызыгы $BC$ жана $BA$ кесиндилери менен кесилишкенде пайда болгон бурчтарды, тиешелүү түрдө, $y^0$ жана $z^0$ менен белгилейбиз.




Жогоруда келтирилген сүрөттөн $x = y + z$ келип чыгат. *m*, *k* жана *n* параллель болгондуктан, $y = 35$ жана $z = 50$.

Ошентип, $x = 35 + 50 = 85$

Туура жооп (Г)

**14.** Эгерде $f(x)$ функциясы бардык $x$ сандары үчүн $f(x) = 3^x$ формула менен аныкталса, анда төмөндө келтирилгендердин кайсынысы $f(x+1) - f(x)$ ке барабар?

(А) $3$
(Б) $9$
(В) $f(x)$
(Г) $2f(x)$
(Д) $3f(x)$

**Чыгаруу:**

$f(x+1) = 3^{x+1} = 3^x \cdot 3$

Анда $f(x+1) - f(x) = 3^x \cdot 3 - 3^x = 3^x \cdot 2$


$f(x) = 3^x$ болгондуктан, $f(x+1) - f(x) = 2 \cdot 3^x = 2 \cdot f(x)$

Туура жооп (Г).

**15.** Радиусу 3 метр болгон тегерек формасындагы килем узундугу 10 метр жана кеңдиги 6 метр полдо тегиз жатат. Пол аянтынын канча пайызы килем менен капталган?

(А) $8\pi\%$
(Б) $10\pi\%$
(В) $15\pi\%$
(Г) $20\pi\%$
(Д) $25\pi\%$

**Чыгаруу:**




Бул маселени чыгаруу үчүн полдун аянтын жана килемдин аянтын эсептеп чыгаруу зарыл. Полдун аянты төмөнкү формула менен эсептеп чыгарылат:

$S_1 = a \cdot b$,

мында $a = 10$ метр – бөлмөнүн узундугу, $b = 6$ метр – бөлмөнүн кеңдиги.

$S_1 = 10 \cdot 6 = 60$ (квадраттык метр).

Килемдин аянты тегеректин аянтынын формуласы менен эсептелет:

$S_2 = \pi R^2$,

мында $R = 3$ метр – килемдин радиусу.

$S_2 = \pi \cdot 3^2 = 9\pi$ (квадраттык метр).

Килемдин $S_2$ аянтынын полдун $S_1$ аянтына пайыздык катышын табуу үчүн, бул сандардын катышын 100% га көбөйтүү керек


$$\frac{S_2}{S_1} \cdot 100\% = \frac{9\pi}{60} \cdot 100\% = 15\pi\%$$

Туура жооп (В).

**16.** Төрт бурчтуу призманын канча диагоналы бар?

(А) 0
(Б) 1
(В) 2
(Г) 3
(Д) 4

**Чыгаруу:**




Призманын бир гранга тиешелүү болбогон эки чокусун туташтыруучу кесинди призманын диагоналы деп аталат. $ABCDA_1B_1C_1D_1$ призмасынын бардык диагоналдарын жүргүзөбүз. $A_1C$, $D_1B$, $AC_1$, $B_1D$ кесиндилери призманын диагоналдары болушат. Бардыгы болуп 4 диагоналң.

Туура жооп (Д).

**17.** Эгерде $p$ жана $k$ оң бүтүн сандар болушса жана $p^3k^4 = 2000$ болсо, анда $p + k$ кандай маанини кабыл алат?

(А) 9
(Б) 7
(В) 6
(Г) 4
(Д) 3

**Чыгаруу:**
2000 санын жөнөкөй көбөйтүүчүлөргө ажыратабыз
$2000 = 2 \cdot 2 \cdot 2 \cdot 2 \cdot 5 \cdot 5 \cdot 5 = 2^4 \cdot 5^3$
$p^3k^4 = 2000 = 5^3 \cdot 2^4$
Демек, $p = 5$, $k = 2$ жана $p + k = 7$.
Туура жооп (Б).

**18.** Эгерде так сандагы сандарды өсүү тартибинде катарга жайгаштырсак, анда бул катардын ортосунда жайгашкан сан бул сандардын медианасы деп аталат. Маселен, 4, 5 жана 6 сандарынын медианасы 5 ке барабар. Биология боюнча экзаменде жети студент төмөнкү баллдарды алышкан: 62, 70, 67, 48, 89, 98 жана 92.
Бул баллдардын медианасы кайсы?

(А) 48
(Б) 62
(В) 67
(Г) 70
(Д) 89

**Чыгаруу:**
Сандарды өсүү тартибинде жайгаштырабыз:
48, 62, 67, 70, 89, 92, 98
Катарда бардыгы 7 сан, 70 саны бул катардын ортосунда жатат, демек, бул катардын медианасы 70 ке барабар.
Туура жооп (Г).

**19.** Эгерде $H = \frac{1}{60} + \frac{1}{70} + \frac{1}{80} + \frac{1}{90} + \frac{1}{100}$ болсо, анда төмөндө аталган барабарсыздыктардын кайсынысы туура болуп саналат?

(А) $\frac{1}{60} < H < \frac{1}{50}$
(Б) $\frac{1}{50} < H < \frac{1}{30}$
(В) $\frac{1}{30} < H < \frac{1}{20}$
(Г) $\frac{1}{20} < H < \frac{1}{12}$
(Д) $\frac{1}{12} < H < \frac{1}{5}$

**Чыгаруу:**

$H$ эң кичинеси $\frac{1}{100}$ жана эң чоңу $\frac{1}{60}$ болгон беш кошулуучунун суммасынан тургандыктан, бул сумманын мааниси $5\cdot\frac{1}{100}$ ден чоң, $5\cdot\frac{1}{60}$ ден кичине. Демек:

$5\cdot\frac{1}{100} < H < 5\cdot\frac{1}{60}$ же $\frac{1}{20} < H < \frac{1}{12}$


Туура жооп (Г).

**20.** Мектеп окуучуларынын бардыгынын 50%ы испанча, 56%ы французча жана французча үйрөнгөндөрдүн 25% ы испанча да үйрөнүшөт. Мектеп окуучуларынын канча пайызы испанча да, французча да үйрөнүшпөйт?

(А) 81%
(Б) 75%
(В) 25%
(Г) 19%
(Д) 8%

**Чыгаруу:**

Мындай типтеги маселелерди чыгаруунун усулдарынын бири – бул Венндин диаграммасын тургузуу жана кесилишүүчү областтарга сан маанилерин берүү.




Испанча да, французча да үйрөнгөн окуучулар $\frac{25\cdot 56}{100} = 0,14 = 14\%$ ды түзүшөт.

Анда, эгерде класста $100\%$ окуучу болуп, алардын $x\%$ ы французча да, испанча да окушпаса, анда

$100\% = 50\% + 56\% - 14\% + x\%$

$x\% = 100\% - 50\% - 56\% + 14\% = 8\%$

Туура жооп (Д).

Чыгаруунун экинчи ыкмасы:

1. $\frac{56\cdot 25}{100} = 14\%$ окуучу французча да, испанча да үйрөнүшөт.
2. $50\% - 14\% = 36\%$ окуучу жалаң испан тилин гана үйрөнөт.
3. $56\% - 14\% = 42\%$ окуучу жалаң вранцуз тилин гана үйрөнөт.
4. $100\% - 14\% - 36\% - 42\% = 8\%$ окуучу испан тилин да, француз тилин да үйрөнүшпөйт.

Туура жооп (Д).

## Сөздүк-логикалык тест

Бул тест абитуриенттин сөздүк–логикалык ой жүгүртүү деңгээлине: эне тилиндеги сөздөрдү алардын сөздүктөрдө аныкталган маанилерине ылайык туура түшүнө билишине; сөздөрдүн («Окшоштуктар») жана айтылган ойдун бөлүктөрүнүн («Сүйлөмдөрдү толуктоо») ортосундагы байланыштарды таап, түшүнүп, аныктоо жөндөмүнө жана тесттерди кунт коюп окуп, түшүнө билишине («Окуу жана түшүнүү») баа берет. Саналып өткөн көндүмдөргө ылайык тест үч бөлүмдөн турат:

- «Окшоштуктар»
- «Сүйлөмдөрдү толуктоо»
- «Окуу жана түшүнүү»

Жогорку окуу жайында ийгиликтүү окуу үчүн ой жүгүртүү, фактылык маалыматтарды колдонуу, фактыларды, көрүнүштөрдү салыштыруу, идеялардын, түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыштарды аныктоо жана кунт коюп окуп, ой жүгүртүү жөндөмдөрү абдан зарыл. Булардын баары сөздүк-логикалык, б.а. оозеки билгичтиктерге кирет. Бул билгичтиктер сиздин келечектеги ийгиликтериңиздин негизин түзөт.

## Сөз байлыгын толуктоо

Сөздүк-логикалык тесттин ар бир бөлүмү, башка билгичтиктер менен катар эле, сиздин сөз байлыгыңызды да баалайт.

Ар бир адамдын өзү колдонуп жүргөн сөздөрүнүн жыйындысы – анын сөз байлыгы болот. Бул байлыкка канча сөз кирет? Ар кимдин сөз байлыгынын көлөмү ар кандай болот. Окумуштуулар 15 жаштагы мектеп окуучусу 15000ден 25000ге чейинки сөз байлыгына ээ болот дешет. Эне тилинин зор сөз байлыгын колдоно билүү – бул бийик маданияттын жана билимдүүлүктүн белгиси. Аны өздөштүрүү үчүн убакыт жана талбаган аракет керек. Мунун сиз үчүн эң жөнөкөй жолу - көп окуп, сөздүктөрдү колдонуу.

## Кайсы сөздүктөрдү колдонсоңуз болот?

Эки түрдүү: ***лингвистикалык*** жана ***энциклопедиялык*** сөздүктөр болот.

***Энциклопедиялык*** (грекче enkyklios paideia – бардык чөйрөлөрдөгү билимдерди окутуу) сөздүктөрдө илимий түшүнүктөр, терминдер, ар кайсы тарыхый маанидеги окуялар жөнүндөгү кыскача маалыматтар камтылат (мисалы, «Адабий энциклопедиялык сөздүк», «Жаш биологдун энциклопедиялык сөздүгү», «Дүйнө элдеринин мифтери», философиялык сөздүк ж.у.с.).

Жогорку окуу жайында сиз ар кайсы окуу адабияттарын абдан көп окушуңуз керек болот. Бул ар кандай адистикти өздөштүрүүнүн зарыл шарты. Сиздин сөз байлыгыңызды өстүрүшүңүзгө энциклопедиялык сөздүктөр жардам берет.

*Лингвистикалык* (тилдик) сөздүктөр алардын көлөмүнө жана милдетине жараша (сөздүн маанисин ачып көрсөтүү, түзүлүшүн, туура колдонулушун, айтылышын жана жазылышын көрсөтүү максатына карай) сөздөргө ар тараптан мүнөздөмө берет.

Мындай сөздүктөрдө сөздөр чечмелеп берилет. Сиз буга чейин эле ушундай сөздөрдү колдонуп жүргөн болушуңуз мүмкүн. Эң эле белгилүү жана кадыр-барктуу лингвистикалык сөздүктөрдүн катарында орустун белгилүү окумуштуу лексикографы **Сергей Иванович Ожегов** түзгөн түшүндүрмө сөздүк бар.

Түшүндүрмө сөздүктүн негизги максаты – сөздү түшүндүрүү, анын бардык: түз да, өтмө да маанилерин чечмелөө. Ожеговдун түшүндүрмө сөздүгүндө 57000 ге жакын сөз камтылган. Анда ар бир сөздүн кыскача түшүндүрмөсү берилип, анын кепте, фразеологиялык түрмөктөрдө колдонулушуна мисалдар келтирилген. Ар бир сөздүн негизги грамматикалык формаларын, кайсы чөйрөлөрдө колдонуларын көрсөткөн белгилер берилген. Бардык сөздөргө басым коюлуп, зарыл учурларда кандай айтылышы да көрсөтүлгөн.

Ар бир эле тилде башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөр көп колдонулат. Газета, журнал жана китеп окуганда, радио угуп, телевизор көргөндө биз мааниси түшүнүксүз чет элдик сөздөрдү кезиктиребиз. Орус тилинде көбүнчө латын, англис, немис жана француз тилдеринен келген сөздөр колдонулат. Чет тилдерин билгендер бул сөздөрдү туура түшүнүшөт. Сөздөрдүн маанисин түшүнбөгөн учурларда **чет тилдеринин** түшүндүрмө **сөздүгүн** колдонууга туура келет. Демейде бул сөздүктөрдө бул сөздөрдүн чечмелениши, кайсы тилден келгендиги, грамматикалык өзгөчөлүктөрү (сөз түркүмү, жөндөлүшү, айкашуусу, роду, түрү ж.у.с.) жөнүндө маалымат, ошондой эле кепте колдонулушуна мисалдар жана синонимдери берилет.

Тилдеги көптөгөн түшүнүктөрдүн синонимдери – мааниси жагынан окшош же жакын, бирок айтылышы ар кандай сөздөрү болот. **Синонимдер сөздүгү** мааниси жагынан жакын сөздөрдүн ичинен

керектүүсүн тандап алууга, бул аркылуу ойду так айтууга же конкреттүү кырдаалды даана элестетүүгө мүмкүндүк берет.

Сөз байлыгын көбөйтүүнүн ар түрдүү **ыкмалары** бар:

- Эгер китеп окуп жатканыңызда бейтааныш сөздү кезиктирсеңиз, ага көңүл бурбай койбоңуз. Адегенде бул сөздүн маанисин контекстке ылайык аныктоого аракеттенип көрүңүз. Эгер минте албасаңыз, анда түшүндүрмө сөздүктөн издеп таап, маанисин караңыз.
- Сөздүн маанисин сөздүктөн караганда, анын ар түрдүү маанилерине жана ал колдонулган контекстке көңүл буруңуз. Жаңы сөздөрдү досторуңуз менен сүйлөшкөндө, ар кандай жазуу иштерин аткарганда колдонуп жүрүңүз.
- Сөздөрдүн уңгусуна, куранды жана уланды мүчөлөрүнө, суффикстерине өзгөчө көңүл буруңуз. Айрым сөздөрдү жаттап алгандан көрө алардын ушундай бөлүктөрүнө көңүл буруу пайдалуураак болот.
- Сөз байлыгын ар түрдүү сөз оюндары: кроссворддор, сөздүк лотолор, сөз тапмай, сөз түзүү оюндары ж.у.с. арбытат.

Бул көнүгүүлөрдү аткарып көрүңүз. Ошондо Сиз керектүү маалымат менен иштегенде, оозеки жана жазуу ишинде сөздөрдү кыйналбай колдонууда өзүңүздү бат эле эркин сезип каласыз.

### Окшоштуктар

«Окшоштуктар» бөлүмү Сиздин түшүнүктөр ортосундагы сөздүк-логикалык байланыштарды анализдөө, жуп сөздөрдүн жалпы жагын табуу билгичтиктериңизди **баалайт** жана Сиз колдонгон сөз байлыгыңыз канчалык экендигин **текшерет.**

«Окшоштук» («аналогия») деген сөз грек тилиндеги *analogos* – ылайык, туура келүүчү деген сөздөн алынган. **Аналогия сөздөрдүн бир же бир нече белгилери боюнча окшоштук-айырмачылыктарын аныктайт.**

### Окшоштуктар боюнча тапшырмаларды кантип аткаруу керек?

Окшоштуктар боюнча ар бир тапшырма беш жуп сөздөн турат. Биринчи жуп кара тамгалар менен терилген. Ал **«үлгү жуп»** деп аталат. Үлгү (эталон) жуп сөздөр ортосундагы кайсы бир типтеги байланыштын үлгүсүн көрсөтөт. Мисалы:

- Берилген белги боюнча түшүнүктөрдү салыштыруу
- Бүтүн менен бөлүктүн катышы
- Белгинин (сын-сыпаттын) нерсеге, түшүнүккө же көрүнүшкө таандык экендиги
- Түшүнүктөрдүн бирдейлиги же карама-каршылыгы
- Түшүнүктөр ортосундагы себеп-натыйжа байланышы
- Кыймыл-аракеттердин, көрүнүштөрдүн же окуялардын ирети ж.у.с.

Эталон жуптан кийин **жооптун варианттары** берилет. Бул (А), (Б), (В), (Г) тамгалары менен белгиленген төрт жуп сөз.

Мисалы:

**мугалим : бор**
(А) мектеп : класс
(Б) врач : халат
(В) китеп : дептер
(Г) чиймечи : циркуль

Сиз эталон жуптагы сөздөрдүн ортосунда кандай байланыш бар экенин туура аныктап, анан сунуш кылынган жооп варианттарынын ичинен ушуга окшош байланышты табышыңыз керек.

Бул эталон жуптагы *мугалим : бор* сөздөрү төмөндөгүдөй байланышат: мугалим – кесиптин аталышы, ал биринчи орунда турат. *Бор* – бул мугалим кесибине байланыштуу колдонгон буюм. Бул сөз экинчи орунда турат. Берилген варианттардагы сөздөрдү ойлонуштуруп көрүңүз. Бул аналогияда жооптун эки вариантында гана кесипти билдирген сөздөр биринчи орунда турат: (Б) *врач : халат* жана (Г) *чиймечи : циркуль*. Бирок жооптун (Б) вариантында экинчи сөз, кесипке тиешелүү болсо дагы, кийимди билдирет. Бул врач өзүнүн кесиптик ишин аткарууда колдоно турган аспап эмес. Демек, (Б) жообу туура эмес. Жооптун (Г) вариантында *циркуль* чиймечи өзүнүн кесиптик жумушун аткарууда колдоно турган буюмду билдирет. Туура жооп - (Г).

Аналогиялар (окшоштукар) ар кайсы түрдөгү байланыштардын негизинде, мисалы, **түшүнүктөрдү салыштыруу боюнча** түзүлөт:

**пил : кумурска**
(А) ташбака : төө
(Б) аары : чымын
(В) теке : кочкор
(Г) кит : чычкан

Эталон жуптагы сөздөр ортосунда кандай байланыш болушу мүмкүн экенин ойлонуп көрүңүз. Пил менен кумурсканын өзгөчө айырмаланып турган байланышы – бул бири-бирине таптакыр окшош эмес жандыктардын көлөмү. Аталган жандыктардын ортосунда дал ушул көлөм жагынан салыштыруу байланышы бар.

Көңүл буруп карасаңыз, жуптагы биринчи орунда чоң нерсени билдирген сөз, экинчи орунда кичинени билдирген сөз турат. Демек, *пил : кумурска* үлгү жубуна *кит : чычкан* жубу туура келет. Анткени бул жупта да жогорудагыдай байланыш бар. Туура жооп - (Г).

Окшоштуктар түшүнүктөрдү башка белгилери боюнча да, мисалы, үй айбанаты – жапайы айбанат деп салыштыруу боюнча да түзүлүшү мүмкүн:

**жылкы : уй**
(А) жолборс : мышык
(Б) ит : түлкү
(В) бука : теке
(Г) кой : коен

Туура жооп - (В), анткени калган жуптардын баарында жапайы да, үйдөгү да айбанаттарды билдирген сөздөр бар, ал эми үлгү жупта эки үй айбанатынын аталышы келтирилген.

Окшоштуктар **бүтүн менен бөлүктүн** катышынын негизинде да түзүлүшү мүмкүн, мисалы:

**ботаника : биология**
(А) тарых : окуу китеп
(Б) физика : математика
(В) жомок : уламыш
(Г) хирургия : медицина

Туура жооп - (Г), анткени бул вариантта, үлгү жуптагыдай эле, сөздөр ортосунда бүтүн менен бөлүктүн катышы көрүнөт: *хирургия* – бул *медицинанын* бөлүгү (*ботаника* дагы - *биологиянын* бөлүгү).

Окшоштуктар  кайсы бир белгинин нерсеге, түшүнүккө же көрүнүшкө таандык болушуна жараша да түзүлүшү мүмкүн:

**жаан : күз**
(А) кар : кыш
(Б) жаан-чачын : шамал
(В) таң : бубак
(Г) мөндүр : түшүм

Туура жооп - (А), анткени *кар : кыш* сөздөрүнүн ортосунда *жаан* : *күз* үлгү жубундагыдай эле, жыл мезгили менен ага мүнөздүү белгилердин бири көрсөтүлгөн.

Окшоштуктар түшүнүктөрдүн ортосундагы **байланышты талдоо** негизинде дагы түзүлүшү мүмкүн:

**музыка : композитор**
(А) ыр : акын
(Б) аэродром : учкуч
(В) бензин : конструктор
(Г) доктор : оорулуу

Туура жооп - (А), анткени сунуш кылынган сөздөрдүн ортосундагы байланышты талдап көргөндө композитор музыканы жаратkandай эле, акын дагы ыр жазат деген жыйынтыкка келебиз.

Окшоштуктар түшүнүктөр ортосундагы **бирдейлик же карама-каршылык** негизинде да түзүлүшү мүмкүн (синонимдер жана антонимдер):

**конкурент : атаандаш**
(А) дос : тааныш
(Б) он : сан
(В) эркиндик : эрк
(Г) кесиптеш : кызматташ

Туура жооп - (Г).
Үлгү жуптагы сөздөр адамдарды билдире тургандыгына, алар синонимдер экендигине көңүл буруңуз. Жооптун биринчи вариантындагы *дос : тааныш* сөздөрү экөө тең адамдарды билдиргени менен, синоним болбогон ар түрдүү түшүнүктөрдү камтыйт. Экинчи (Б) жана үчүнчү (В) варианттарда *он : сан* жана *эркиндик : эрк* сөздөрү бири-бирине абдан жакын түшүнүктөр болсо дагы, булар адамдарды билдирбейт. *Кесиптеш : кызматташ* (Г) жубу гана адамдарды билдирген сөздөрдүн синонимдик байланышын туюнтат. Ушул жуп бул аналогиядагы туура жооп болуп саналат.

**атаандаш : өнөктөш**
(А) жолдош : дос
(Б) эркиндик : эрк
(В) он : сан
(Г) конкурент : кызматташ

Туура жооп - (Г).
Мында дагы мурунку мисалдагыдай эле ой жүгүртүүгө болот. Бирок үлгү жупта синонимдер эмес, антонимдер, б.а. мааниси боюнча карама-каршы сөздөр берилген. Демек, жооп варианттардын ичинен антонимдерди издөө керек.
Аналогиялар сөздөр ортосундагы **себеп-натыйжа байланышынын негизинде** түзүлүшү мүмкүн:

**коркуу : качуу**
(А) жумуш : чарчоо
(Б) ишенбөө : алдоо
(В) мактоо : тилдөө
(Г) оңдоо : бузуу

Туура жооп - (А).
Үлгү жуптагы *коркуу* жана *качуу* сөздөрүнүн ортосунда кандай логикалык байланыш болушу мүмкүн экендигин ойлонуп көрүңүз. Бул үчүн ушул сөздөрдөн кыска сүйлөм түзүү мүмкүн: *Коркуу качууга себеп болот.*
Эми жооп варианттардын ар бириндеги сөздөр менен сүйлөм түзүп көрүңүз. Анан кайсы жуптагы сөздөр эталон жуптагыга эң окшош сүйлөм түзүүгө мүмкүндүк берерин аныктаңыз.
(Г) жообу туура болбойт, анткени сөздөрдүн тескери тартибин көрсөтөт: *оңдоо бузуунун* себеби болбойт. (Б) жана (В) жоопторунда *ишенбөө алдоонун* жана *мактоо тилдөөнүн* себеби болбойт. (А) жообу туура, анткени бул сөздөр менен дагы үлгү жуптагыдай эле: *Жумуш чарчоонун себеби болот* деген сүйлөм түзүүгө болот.

**оңдоо : бузуу**
(А) коркуу : качуу
(Б) ишенбөө : алдоо
(В) жумуш : чарчоо
(Г) мактоо : тилдөө

Туура жооп - (Б).
Мында дагы мурункусундай эле туура жооп табуу үчүн сөздөр ортосундагы себеп-натыйжа байланышын аныктоого мүмкүндүк бергидей сүйлөм түзүп көргөн оң. *Оңдоонун* себеби - *бузуу*, И*шенбөөнүн* себеби - *алдоо*. *Коркуу : качуу* жана *жумуш : чарчоо* жуптары бул аналогияда үлгү жуптагы сөздөрдүн тартибине туура келбейт. Мындай окшоштуктарды чечүүдө сөздөрдүн тартиби өзгөчө мааниге ээ болот.

Окшоштуктардын негизинде **кыймыл-аракеттердин, көрүнүштөрдүн же окуялардын ирети** болушу мүмкүн. Мисалы:

**жыл : декабрь**
(А) таң : түн
(Б) жай : август
(В) ай : ноябрь
(Г) саат : мүнөт

Туура жооп - (Б). Календардык *жылдын* акыркы айы – *декабрь*, дал ошондой эле *жайдын* акыркы айы – *август*.

Мындай аналогия үлгү жупта берилген ырааттуулук тизмегиндеги бөлүктөрдүн бирин аттап кетүү аркылуу татаалданышы мүмкүн. Мисалы:

**дүйшөмбү : шаршемби**
(А) январь : февраль
(Б) эртең : бүгүн
(В) жаз : күз
(Г) мүнөт : секунд

Туура жооп - (В), анткени *дүйшөмбү – шейшемби – шаршемби* ырааттуулугунда *шейшемби* сөзү түшүп калган. Дал ушундай эле *жаз – жай – күз* катарында *жай* сөзү калтырып кетилген.

Сөздөр ортосунда башка түрдөгү байланыштар болушу да мүмкүн.

Аналогиялар боюнча тапшырмалар сөздөр ортосундагы бир же **бир нече белгилер боюнча** окшоштукту же айырмачылыкты көрсөтүшү мүмкүн.

**күкүм : нан**
(А) таарынды : жыгач
(Б) көмөч : нан
(В) суу : чака
(Г) сантиметр : килограмм

Туура жооп - (А). Бул аналогияны чечүүгө ар бир жуптагы сөздөр менен сүйлөм түзүү жардам берет. (А) варианты: *таарынды – бул жыгачтын кичинекей бөлүгү*. Бул айтылган ой туура, анын үстүнө үлгү жуптагы сөздөрдөн түзүлгөн сүйлөмгө мааниси жагынан окшош. Калган бардык сүйлөмдөр мындай мааниге ээ болбойт. Ошентип, *күкүм : нан* жубу *таарынды : жыгач* жубуна окшош экендигин аныктап, мунун тууралыгын ар бир жуптагы сөздөр менен сүйлөм түзүп көрүү аркылуу текшердик.

*Күкүм* : **нан** жубу *таарынды : жыгач* жубуна **бир белгиси боюнча** – бөлүк - бүтүн катышы боюнча окшошот. Бирок бул тапшырманын кыйла татаал түрү болушу да мүмкүн. Мисалы:

**күкүм : нан**
(А) саат : мүнөт
(Б) таарынды : жыгач
(В) чымчым : шекер
(Г) суу : чака

Бул аналогия бир караганда өйдөкүсүнө окшоштой көрүнөт. Мында да өйдөкүдөй эле үлгү жуп бар. Жооптордо дагы өйдөкү мисалдагы жуп сөздөр бар. Бирок бул мындагы жооп сөзсүз түрдө өйдөкү тапшырмадагы жооптой болот дегенди билдирбейт. Мындай учурларда абдан кунт коюшуңуз керек! Үлгү жуптагы сөздөр менен сүйлөм түзүп көрүңүз. Алардын ортосунда деле биринчи мисалдагыдай байланыш көрүнөт: *күкүм – бул нандын абдан кичинекей бөлүгү*. Бирок мындай байланыш *таарынды : жыгач* жана *чымчым : шекер* сөздөрүнүн ортосунда деле байкалат. Тест тапшырмасында эки жооп туура болушу мүмкүн эмес. Демек, үлгү жуптагы сөздөрдүн ортосунда дагы бир башка түрдөгү байланышты табуу зарыл. *Күкүм : нан* – бул, *чымчым : шекер* сыяктуу эле, адам тамактануучу азыкты билдирүүчү сөздөр. *Суу : чака* жана *саат : мүнөт* мындай түрдөгү катышка туура келбейт. *Саат : мүнөт* жубу, мындан тышкары, үлгү жуптагы сөздөрдүн катышына карама-каршы байланышты билдирет: биринчи орунда чоң бөлүктү билдирген, экинчи орунда кичине бөлүктү билдирген сөз турат. Демек, бул аналогиядагы туура жооп (В) – чымчым : шекер.

Дагы бир мисалды карап көрөлү:

**суусоо: чаңкоо**
(А) эңсөө : каалоо
(Б) кубаныч : кайгы
(В) ачуулануу : кыжырдануу
(Г) калдыр-кулдур : ызы-чуу

Туура жооп - (В)
Үлгү жуптагы сөздөр мааниси жагынан окшош, б.а синонимдер болуп саналат. Бирок мында булар толугу менен синоним эмес: *чаңкоо* – бул *суусоонун* жогорку деңгээли.

*Каалоо* жана *эңсөө* сөздөрү да – синонимдер, бирок *эңсөө* - бул белгинин күчөтүлгөндүгүн (бир нерсени абдан катуу каалаганды) билдирет. Үлгү жупта сөздөр тескери тартипте: адегенде кыйла нейтралдуу маанидеги *суусоо* деген сөз, анан бул абалдын жогорку деңгээлин билдирген *чаңкоо* деген сөз берилет. Демек, (А) варианты туура жооп болбойт.

*Кубаныч : кайгы* – антонимдер, анткени, адам сезимдеринин катуу туюнтулушун билдирсе да, карама-каршы мааниге ээ. *Ачуулануу : кыжырдануу* жана *калдыр-кулдур : ызы-чуу* деген жуп сөздөрдүн да биринчилерине караганда экинчилеринде мааниси күчөтүлүп туюнтулат. Бирок тест тапшырмасында эки туура жооп болушу мүмкүн эмес. Демек, бул үлгү жуптагы сөздөрдүн ортосундагы байланыштардын бардык түрлөрү толук аныкталган эмес.

Эталон жуптагы сөздөр (В) вариантындагыдай эле адамдын эмоциясын билдирет. Демек, бул туура жооп.

Ошентип, бир аналогиядагы сөздөрдүн ортосунда бир эле учурда төмөндөгүдөй катыштар бар: адамдын эмоциясын билдиргендиги, синонимдер экендиги жана белгинин күчөтүп берилиши.

Окшоштуктар ар башка сөз түркүмдөрүнөн түзүлүшү мүмкүн экендигине көңүл буруңуз:

**эркин: себеп**
(А) түбөлүк : аягы
(Б) кыйын : чечим
(В) милдеттендирүүчү : макулдук
(Г) сүйүндүрүүчү : үмүт

Туура жооп - (А). Бул мисалды эталон жуп сын атооч жана зат атоочтон түзүлгөн. Бир караганда жуптагы сөздөр мааниси жагынан бири-биринен алыс тургандай көрүнөт, ошондуктан алардын ортосундагы байланыш дароо эле табыла койбойт. Бул эталон жупка кирген сөздөрдүн маанисин ойлонуп көрүңүз. *Эркин – өзүнчө,* эч кандай эрежелер менен чектелбеген дегенди билдирет. *Себеп* - бул башка бир нерсенин пайда болушуна шарт түзгөн жагдай, кырдаал. Демек, бул сөздөр ар түрдүү мааниге ээ: *эркин* – өз алдынча, *көз карандысыз* дегенди, *себеп – эркин эместик,* башка бир нерсеге *көз карандылык.* Мааниси жагынан карама-каршы сөздөр антонимдер деп атала турганын Сиз билесиз. Ошентип, Сиз үлгү жуптан антонимдик катышты көрө алдыңыз.

Сөздөр ортосунда ушундай эле катышты камтыган башка бир жупту издеп көрүңүз. *Кыйын : чечим, милдеттендирүүчү : макулдук* жана *сүйүндүрүүчү : үмүт* мааниси жагынан карама-каршы эмес. *Түбөлүк : аягы* жубу гана антонимдик түшүнүктөрдү туюнтат, анткени *түбөлүк аягы жок* дегенди билдирет. *Себеп* сөзү эркин деген сөзгө, ал эми *түбөлүк* болсо *аягы* деген сөзгө мааниси жагынан каршы турат.

Мында биз сөздөрдүн ортосундагы катышты башкача жол менен аныктадык: ар бир сөздүн лексикалык маанисин чечмелеп, анан алардын өз ара байланышын тактадык.

**Жакшылап көңүл буруңуз**. Жуптардагы сөздөрдүн ортосунда бирден ашык түрдөгү байланыш болушу да мүмкүн. Сөздөр ортосундагы катышты эң даана аныктаганга чейин сүйлөмдөрдүн ар түрдүү варианттарын түзүп көрүңүз.

**Жооптордон үлгү жуптагы сөздөр менен маанилеш сөздөрдү издеп убара болбоңуз.** Аналогиядагы сөздөрдүн мааниси алардын ортосундагы катышчалык мааниге ээ болбойт.

**Болжолдуу жооптогу сөздөрдүн тартиби үлгү жуптагыдай болушуна көз салыңыз.**

**Жооптун төрт вариантын тең карап чыгып, эң ылайыктуусун тандаңыз.**

### Окшоштуктар боюнча тапшырмаларга кантип даярдануу керек?

Бул үчүн Сиз өзүңүз окшоштуктарды түзүүнү үйрөнүүгө аракеттенишиңиз керек.

***Биринчи кадам.*** Досторуңуз же ата-энеңиз менен мындай оюн ойноп көрүңүз: кайсы бир белгиси боюнча окшош сөздөрдүн жубун издеп көрүңүз. Мисалы, **эмне эмнеге окшош:**

үй : балкон  үй : терезе
көйнөк : жең  жүз : көз

***Ким эмнени колдонуп иштейт:***

уста : араа  карапачы : чопо
багбан : күрөк  наабайчы : ун

*Уста : араа* жубундагы сөздөр *багбан : күрөк* жубундагы сөздөр сыяктуу байланышкан. Бул байланышты *кесип : аспап* деп белгилөөгө болот. Эки мисалда тең кесиптердин жана ошол кесипте иштегендер колдонуучу буюмдардын аталышы берилген.

Бирок *араа* менен *күрөк* аспаптар болсо, *чопо* менен *ун* тийиштүү кесиптегилер пайдалануучу материалдарды билгизет. Демек, бул мисалдардын ар бириндеги жуп сөздөрдүн байланышы окшош. Ырас, биринчи мисал экинчисине бүт бойдон толугу менен окшош эмес.

Өзүңүз түзгөн аналогияларды кагазга жазыңыз. Ким көбүрөөк так аналогияларды түзсө, ошол утат.

***Экинчи кадам.*** Сөздөрдүн бири кайсы бир нерсени, экинчиси анын эмнеге колдонуларын билдирген окшош сөздөрдү тандаңыз. Мисалы: *китеп : окуу* жубу *фильм : көрүү* жубуна окшош. Ал эми *нан : кесүү* жубу *стул : отуруу* жубуна туура келбейт, анткени бул жуптарда буюмдардын ар башкача иштетилиши берилген. Мисалы, стул отуруу үчүн колдонулат, ал эми нан кесүү үчүн эмес, тамактануу үчүн колдонулат.

Эми бири буюмду, экинчиси анын белгисин билдирген окшош жуп сөздөрдү табууга аракеттениңиз.

*Бадыраң : жашыл* жубу *помидор : кызыл* жубуна окшош, бирок *картошка : куурулган* жубуна окшош эмес. Анткени биринчи эки мисалда жашылчалардын аталышы менен алардын түсү берилсе, үчүнчүсүндө жашылчанын аталышы анын даярдалуу жолу менен келтирилген.

***Үчүнчү кадам.*** Биздин колдонмодогу аналогиялардын бирин чечкенден кийин Сиз ага өзүңүздүн жооп вариантыңызды ойлоп таап көрүңүз. Мисалы, Сизге белгилүү төмөндөгүдөй аналогияга:

**пил : кумурска**
ташбака : кой
аары : чымын
төө : ат
кит : чычкан

туура жооптун варианты катары *аюу : чиркей* жубун кошсо болот.

**Төртүнчү кадам**. Адегенде аналогияда келтирилген туура жоопко жакын тармактан (же ошол тармактын өзүнөн) өзүңүздүн вариантыңызды табууга аракеттенип, анан башка бир тармактан да жооп таап көрүңүз. Мисалы:

**дарак : эмен**
(А) сабак : бутак
(Б) жемиш : тобурчак
(В) карагай : кайың
(Г) тамыр : соё

Туура жооп - (Б).

Мындагы окшоштук бүт бойдон өсүмдүктөргө байланышкан сөздөрдөн куралып, үлгү жуптагы сөздөрдүн ортосунда бүтүн менен бөлүктүн катышы келтирилген. Билимдердин ушул эле тармагынан, б. а. биологиядан, мисалы, *бадал : четин* деген жуп сөздү келтирүүгө болот. Ал эми кыйла алысыраак тармактан ошол эле жалпы менен жекеликтин катышын билдирген каалагандай башка жуп сөздү кошууга болот. Мисалы, *жамгыр : кар.*

**Бешинчи кадам**. Биздин колдонмодо сунушталган үлгүлөр боюнча аналогияларды түзүп көрүңүз.

## Сүйлөмдөрдү толуктоо

**«Сүйлөмдөрдү толуктоо»** бөлүмү айтылган ойдун ар кайсы бөлүктөрүнүн ортосундагы логикалык байланышты түшүнүү жөндөмүнө, сөз байлыгыңызга **баа берет.**

Тесттин бул бөлүмүндө бирден төрткө чейин сөздөрү калтырылган бир же эки сүйлөмдөн турган ойлор келтирилет. Алардан кийин жооптун (А) дан (Г) га чейинки төрт варианты берилет. Жооптордо калтырылып кеткен бош орундарга коюу үчүн сунушталган сөздөр болот.

Бул кыстарылуучу сөздөр сүйлөмдү толуктоодо катары менен колдонулушу зарыл болгон тартипке туура келет. Жооптордун бардык варианттары мааниси жагынан жакын, бирок алардын ичинен эң туура бирөөсүн гана тандоо керек.

Туура жоопту бир гана катар кыстырмалардан табуу зарыл. Туура жооп иретинде ар кайсы катарлардан тандап пайдаланууга болбойт.

### Сүйлөмдөрдү толуктоо тапшырмаларын кантип аткаруу керек?

Бардык ойлорду кунт коюп окуп чыгып, алардын ар кайсы бөлүктөрү бири-бири менен кандай катыша тургандыгын аныктап көрүңүз. Айтылган ойдун бөлүктөрүнүн ортосунда, окшоштуктар боюнча тапшырмадагы сөздөрдүн ортосундагыдай эле, ар түрдүү байланыштар болушу мүмкүн: себеп, натыйжа, шарт, каршы байланыш, салыштыруу ж.у.с.

Айтылган ойдогу ар бир сөзгө, айрыкча сүйлөмдүн бөлүктөрүн байланыштырып турган сөздөргө (байламталарга, жандоочторго, киринди сөздөргө ж.у.с.) өзгөчө көңүл буруңуз (*карабай, ошентип, анткени, болсо да*, *анткен менен, тескерисинче* ж.у.с.). Мындай сөздөрдүн колдонулушу ойдун жалпы маанисине таасир этет. Алар ойдун бөлүктөрү кандайча бири-бири менен катыша тургандыгын аныктоодо Сизге жардам берет.

Жооптун бардык варианттарын окуп чыгыңыз. Айтылган ойдун негизги маанисин аныктап алгандан кийин, анын ички логикасына эң ылайык келген вариантты тандаңыз.

Мисалы:

Маалымат атайылап бурмаланганда, ал_________болот.

(А) жашыруун
(Б) туура
(В) ишеничтүү
(Г) шектүү

Бул мисалда бир сөзү калтырылып кеткен бир сүйлөмдөн турган ой берилген. Сунушталган варианттардан айтылган ойдун ички логикасына эң ылайык келген туура жоопту тандоо үчүн адегенде бул ойду кунт коюп окуп чыгып, анын негизги маанисин аныктоо зарыл. Мында *атайылап бурмаланганда* кандайдыр бир башкача сапатка ээ боло турган *маалымат (бир нерсе жөнүндө билдирүү*) тууралуу ой айтылган. Эми сүйлөмдөгү бош орунга катары менен жооп варианттарынын ичинен сөздөрдү коюп, алынуучу натыйжалардын ар бирин талдап көрөлү. Ошентип, биз атайылап бурмаланганда маалымат жашыруун да, туура (чындыкка дал келүүчү) да, ишеничтүү (калыс) да болбой тургандыгын көрөбүз. Кыстаруу үчүн жооптун (Г) вариантын колдонсок гана ойдун логикасы калыбына келтирилет: *Маалымат атайын бурмаланганда, ал шектүү болот*. Демек, биз туура жоопту таптык.

Мындан тышкары *кээде, көбүнчө, дайыма, гана, каалагандай* ж.у.с. сөздөр абдан маанилүү роль ойношу мүмкүн. Мындай таяныч сөздөр айтылган ойдун бөлүктөрүнүн ортосундагы сөздүк-логикалык байланыштардын мүнөзүн тактап, анын жалпы маанисине олуттуу таасир этет. Төмөндө келтирилген мисалда *каалагандай* деген сөз ушундай мааниге ээ.

________эрежелерин билсек, _________туура түзө алабыз.

(А) жүрүм-турум / каалагандай сүйлөшүүнү
(Б) көбөйтүүнүн / каалагандай мисалды
(В) ыр жаратуу / каалагандай романды
(Г) синтаксистин / каалагандай сүйлөмдү

Бул тапшырмада эки сөзү калтырылган сүйлөм берилген. Мында кандайдыр бир шарт (кайсы бир эрежелерди билүү) менен ошол шартты аткарганда жетишилүүчү натыйжа (бир нерсени сабаттуу түзүү

мүмкүндүгү) дал келтирилген. Бул мисалдагы *каалагандай* деген сөздүн маанисине көңүл буруңуз. Ал айтылган ойдогу шартты аткарганда натыйжа каалагандай учурда жетишиле тургандыгын баса белгилеп турат. (А) вариантында сунушталган сөздөрдү ирети менен жайгаштырып көргөндө, *жүрүм-турум эрежелерин билсек, каалагандай сүйлөшүүнү туура түзө алабыз* деген ойду окуйбуз. Бул айтылган ойдо логика бузулган: каалагандай сүйлөшүүнү туура түзүү үчүн жүрүм-турум эрежелерин гана билүү жетиштүү болбойт. Эгер биз кыстаруу үчүн (Б) вариантындагы сөздөрдү колдонсок, анда төмөндөгүдөй ойду окуйбуз: *көбөйтүүнүн эрежелерин билсек, каалагандай мисалды туура түзө алабыз.* Бул дагы туура эмес, анткени каалагандай мисалды түзүү үчүн бир гана көбөйтүүнүн эрежелерин билүү аздык кылат. (В) вариантындагы сөздөрдү кыстарганда да туура эмес ой айтылып калат, анткени *ыр жаратуу эрежелерин билүү каалагандай романды түзүүгө жардам* бербейт. Романдар көбүнчө ыр түрүндө эмес, кара сөз түрүндө жазылат. Синтаксистин (грамматиканын сүйлөм түзүлүшүн окуу-үйрөнүүчү бөлүгүнүн) эрежелерин билүү гана каалагандай сүйлөмдү туура түзүүгө мүмкүндүк берет. (Г) варианты туура жооп болуп саналат, анткени анда айтылган ойдун логикасы бузулган эмес.

## Окшоштуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо боюнча тест тапшырмаларынын мисалдары

### Окшоштуктар

**Нускоо**

Ар бир тапшырма 5 жуп сөздөн турат. Кара тамгалар менен терилген жупта сөздөр ортосундагы катыштын үлгүсү көрсөтүлгөн. Бул жуптагы сөздөрдүн ортосунда кандай катыш бар экенин аныктаңыз да, анан жооп варианттарынын ичинен ушундай катыштагы жупту тандаңыз. Сиз тандаган жооптогу сөздөрдүн тартиби үлгүдөгүдөй болууга тийиш.

1. **бой : узун**
   (А) салмак : оор
   (Б) көлөм : тоголок
   (В) кеңдик : кыска
   (Г) узундук : тар

2. **спидометр : ылдамдык**
   (А) градусник : температура
   (Б) телевизор : фильм
   (В) светофор : жол
   (Г) саат : коңгуроо

3. **көйнөк : костюм**
   (А) тумак : шарф
   (Б) майка : турсы
   (В) байпак : батинке
   (Г) колкап : мээлей

4. **басуу : жүгүрүү**
   (А) жүрүү : зеригүү
   (Б) секирүү: кубануу
   (В) күлүү : каткыруу
   (Г) отуруу : капалануу

5. **мүнөт : секунд**
   (А) шаты : тепкич
   (Б) бала : кыз
   (В) мышык : арстан
   (Г) ай : жыл

6. **бадыраң : туздалган**
   (А) балык : ышталган
   (Б) кант : таттуу
   (В) лимон : кычкыл
   (Г) май : коюу

7. **быштак : сүт**
   (А) варенье : жемиш
   (Б) балык : сорпо
   (В) эт : фарш
   (Г) каймак : май

8. **китеп : окуу**
   (А) стол : жазуу
   (Б) диван : уктоо
   (В) кашык : түштөнүү
   (Г) бычак : кесүү

9. **учуу : бийиктик**
   (А) катышуу : жеңиш
   (Б) бөлүү : адилеттүүлүк
   (В) боё : түс
   (Г) отуруу : чарчоо

10. **сезим : аёо**
    (А) токчулук : бакыт
    (Б) коркуу : качуу
    (В) сүйүнүү : кубануу
    (Г) илим : физика

## Сүйлөмдөрдү толуктоо

**Нускоо**

Ар бир тапшырмада бирден төрткө чейинки сөздөрү калтырылган сүйлөмдөр берилген. Жооп варианттарында аларды толуктоо үчүн төрттөн топ сөздөр келтирилген. Сүйлөмдүн маанисине эң ылайык келген вариантты тандаңыз.

**1.** ______,______ алыс жерден ________ кезиккени таңкалычтуу.

(А) чөлдө / деңизден / деңиз үлүлдөрүнүн кабыктары
(Б) романда / башталышынан / жаңы окуялар
(В) айылда / шаардан / короо-короо уйлар менен эчкилер
(Г) деңизде / кургактыктан / балыктардын чоң үйүрлөрү

**2.** Эгер баланы кичинекейинен________ кызыктырса, анда жаш _______ сөзсүз түрдө терең ойлонгон жана талаптуу _______ болуп өсөт.

(А) жаратылышка / натуралист / профессор
(Б) кооздукка / сүрөтчү / скульптор
(В) китепке / окуучу / окурман
(Г) асманга / кыялкеч / учкуч

**3.** Эгер кеңири белгилүү физикалык теория жаңы изилдөөлөрдүн натыйжаларына _______, анда эски окуудан толугу менен ______, аны ар тараптан карап чыгып, келечекте жарактуу бөлүгүн _______керек.

(А) дал келсе / баш тартпай / кайра караштыруу
(Б) кагылышып калса / баш тартып / кайра караштыруу
(В) дал келсе / баш тартып / калтыруу
(Г) кагылышып калса / баш тартпай / калтыруу

**4.** Сулуулук түшүнүгү _______, анткени, эгер жакшылап ойлонуп көрсөк, сулуулук менен сулуу эместиктин ортосунда _______ деген жыйынтыкка келүүгө _______.

(А) анык мааниге ээ / так чегара жок / болот
(Б) анык мааниге ээ эмес / так чегара жок / болот
(В) анык мааниге ээ / так чегара бар / болбойт
(Г) анык мааниге ээ эмес / так чегара бар / болот

**5.** Өндүрүштүн ________ жолу – бул _______ продуктту ______ чыгарууга мүмкүндүк берген жол.

(А) эң жаман / бүтүндөй / кыска убакыт ичинде
(Б) эң жакшы / берилген / эң аз чыгымдар менен
(В) эң жаман / сапаттуу / эң аз чыгымдар менен
(Г) эң жакшы / дефицит / эң аз чыгымдар менен

**Жооптор жана аткаруу жолдору**
**Окшоштуктар**

1. **бой : узун**

(А) салмак : оор

(Б) көлөм : тоголок

(В) кеңдик : кыска

(Г) узундук : тар

Бул окшоштукта чоңдукту (*бойду*) жана ошол чоңдуктун мүнөздөмөсүн (*узун*) билдирген сөздөрдүн катышы көрсөтүлгөн.

(Б) туура эмес жооп, анткени *көлөм* – бул чоңдук, ал форманы билдирүүчү *тоголок* деген мүнөздөмөгө туура келбейт.

(В) жана (Г) дагы туура эмес, бул эки жупта мүнөздөмө менен чоңдуктар тескери тартипте берилген.

(А) туура жооп, анткени *салмак* деген чоңдукка *оор* деген мүнөздөмө толугу менен дал келет.

2. **спидометр : ылдамдык**

(А) градусник : температура

(Б) телевизор : фильм

(В) светофор : жол

(Г) саат : коңгуроо

Спидометр – бул ылдамдыкты өлчөөчү аспап.

(А) туура жооп, анткени *градусник* – бул *температураны* өлчөөчү прибор.

(Б) туура эмес жооп, анткени *телевизор* өлчөөчү аспап эмес.

(В) туура эмес жооп: *светофор* жол кесилишиндеги кыймылды жөнгө салат.

(Г) дагы туура эмес жооп: *саат* – бул өлчөөчү аспап, бирок аны менен убакытты гана өлчөөгө болот.

3. **көйнөк : костюм**

(А) тумак : шарф

(Б) майка : турсы

(В) байпак : батинке

(Г) колкап : мээлей

Үлгү жуптагы эки сөз тең биринин үстүнөн экинчиси кийиле турган кийимдерди (*костюм* жана *көйнөктү*) билдирет. Болгондо да адегенде *көйнөк*, анан *костюм* кийилет.

Берилген жооп варианттардын ичинен (В) гана туура, анткени сөздөрдүн ортосундагы үлгү жуптагыдай эле катышты туюнтат: *батинке* менен *байпак* да кийим болуп саналат (*көйнөктүн* үстүнөн *костюм* кийилгендей эле, *батинке* дагы *байпактын* үстүнөн кийилет).

4. **басуу : жүгүрүү**

(А) жүрүү : зеригүү

(Б) секирүү : кубануу

(В) күлүү : каткыруу

(Г) отуруу : капалануу

Окшоштуктардын мындай түрүн буга чейин да карап көргөнбүз. Тапшырма жуптун экинчи сөзүндө мааниси күчөтүлгөн синонимдерди салыштырууга байланышкан.

(А) жана (Г) туура эмес жооптор, анткени алардагы сөздөр синоним эмес.

(Б) туура эмес жооп. Бир караганда *секирүү* жана *кубануу* үлгү жуптагыга окшош көрүнгөн менен, жакшылап ойлоп көргөндө бул сөздөр синоним эмес экендиги байкалат. Анткени *секирүү* кыймыл-аракетти, ал эми *кубануу* эмоциялык абалды билдирет.

(В) - туура жооп, анткени *күлүү : каткыруу* жубуна экинчисинде мааниси күчөтүлгөн синонимдер камтылган.

**5. мүнөт : секунд**

(А) шаты : тепкич

(Б) бала : кыз

(В) мышык : арстан

(Г) ай : жыл

Үлгү жуптагы сөздөр өз ара *бүтүн : бөлүк* түрүндө байланышкан.
(А) туура жооп, анткени мүнөт секунддардан тургандай эле, шаты дагы тепкичтерден турат.
(Б) жана (В) жуптарындагы сөздөр мындай тип менен байланышкан эмес.
(Г) вариантында *ай : жыл* туура жоопко окшош, бирок сөздөр тескери тартипте берилген (ай жылдардан эмес, жыл айлардан турат).

**6. бадыраң : туздалган**

(А) балык : ышталган

(Б) кант : таттуу

(В) лимон : кычкыл

(Г) май : коюу

Мындагы окшоштук нерсенин жана анын кийин пайда болуучу белгисин атаган сөздөрдүн катышына негизделет. Бадыраң эзелтен эле туздуу болбойт, аны адам туздайт. (А) *балык : ышталган* варианты туура, анткени балык кийин ышталат.
(Б), (В), (Г) варианттарында нерселер менен алардын табигый сапаттары байланыштырылат: башынан эле кант таттуу, лимон кычкыл, май коюу болот.

**7. быштак : сүт**

(А) варенье : жемиш

(Б) балык : сорпо

(В) эт : фарш

(Г) каймак : май

Бул окшоштуктагы сөздөрдүн байланышы эмнени эмнеден жасайт деген принцип боюнча түзүлгөн. Ошондуктан бул жуптагы сөздөр менен: *быштак сүттөн* жасалат деген сүйлөмдү түзүүгө болот. (А) туура жооп, анткени *варенье жемиштерден* жасалат.
(Б), (В), (Г) - туура эмес жооптор, анткени балыкты сорподон, этти фарштан, каймакты майдан жасабайт.
Туура жооп – (А).

**8. китеп : окуу**

(А) стол : жазуу

(Б) диван : уктоо

(В) кашык : түштөнүү

(Г) бычак : кесүү

Мындагы окшоштук нерсе менен анын эмнеге колдонуларын билдирген сөз байланыштырылган. Мисалы, китеп биринчи кезекте окуу үчүн керек.
(А) туура эмес жооп, анткени *стол* ага отуруп *жазу*у үчүн эле керек эмес, ал башка көп иштерди аткаруу, мисалы, тамактануу үчүн да пайдаланылат.
(Б) туура эмес жооп: *диванда уктоого* эле эмес, отурууга же жатууга да болот.
(В) туура эмес жооп: *кашык түштөнүү* үчүн эле эмес, дегеле тамактануу үчүн пайдаланылат.
(Г) туура жооп, анткени *бычак* биринчи кезекте бир нерсени *кесүү* үчүн колдонулат.

**9. учуу : бийиктик**

(А) катышуу : жеңиш

(Б) бөлүү : адилеттүүлүк

(В) боёо : түс

(Г) отуруу : чарчоо

Үлгү жуптагы окшоштук кыймыл-аракет менен анын түздөн-түз натыйжасынын байланышына негизделет. Мында дагы сүйлөм түзүп көрсөк болот: *Учканда сөзсүз түрдө бийиктикке көтөрүлөсүң.*

(А) туура эмес жооп, анткени бир нерсеге катышканда жеңишке жетишпей калышың да мүмкүн.
(Б) туура эмес жооп, анткени бөлүштүрүү адилетсиз жүргүзүлүшү да мүмкүн.
(В) туура жооп, анткени *боегондо сөзсүз түрдө түс пайда болот.*
(Г) туура эмес жооп, анткени отурганда сөзсүз эле чарчап калбайсың.
Туура жооп – (В).

**10. сезим : аёо**

(А) токчулук : бакыт

(Б) коркуу : качуу

(В) сүйүнүү : кубануу

(Г) илим : физика

Үлгү жуптагы сөздөр жогорудагыдай жол менен байланыштырылган (жалпы түшүнүк: жеке нерсе). Аёо – сезимдердин бир түрү.

(А) туура эмес жооп: *токчулук* түшүнүгү *бакыт* сөзүнө карата кыйла кеңири түшүнүк болуп саналбайт.

(Б) туура эмес жооп, анткени *коркуу* жана *качуу* сөздөрү өз-ара жалпы менен жекенин катышын билдирбейт. Алар себеп менен натыйжаны туюнтат.

(Г) туура жооп, анткени *илим* сөзү *физикага* караганда кыйла жалпы түшүнүк болуп саналат (*аёо сезимдердин* бир түрү болгондой эле, *физика да - илимдердин* бири).

Туура жооп – (Г).

## Сүйлөмдөрдү толуктоо

**1.** ______, ______алыс жерден________кезиккени таң калычтуу.

(А) чөлдө / деңизден / деңиз үлүлдөрүнүн кабыктары

(Б) романда / башталышынан / жаңы окуялар

(В) айылда / шаардан / короо-короо уйлар менен эчкилер

(Г) деңизде / кургактыктан / балыктардын чоң үйүрлөрү

(А) туура жооп, анткени андагы айтылган ой логикалык жактан туура: чындыгында эле *деңизден алыс жакта, чөлдө деңиз үлүлдөрүнүн кабыктары табылганы таң калычтуу.*

(Б), (В), (Г) – туура эмес жооптор, анткени аларда таң калычтуу эмес, табияттагы дайыма кезигип жүргөн нерселер жөнүндө сөз болот: уйларды айылда, балыкты деңизде, жаңы окуяларды романда кезиктирбегенде кайдан кезиктиресиз?

**2.** Эгер баланы кичинекейинен________ кызыктырса, анда жаш _______ сөзсүз түрдө терең ойлонгон жана талаптуу _______ болуп өсөт.

(А) жаратылышка / натуралист / профессор

(Б) коолдукка / сүрөтчү / скульптор

(В) китепке / окуучу / окурман

(Г) асманга / кыялкеч / учкуч

(А) туура эмес жооп, анткени эгер бул варианттагы сөздөрдү ырааты менен ушул сүйлөмгө жайгаштырсак, анда ар бир жаш натуралист сөзсүз түрдө профессор болуп чоңоет деген жаңылыш ой айтылат.

(Б) дагы дал ушундай себептен улам туура эмес: ар бир эле жаш сүрөтчү сөзсүз түрдө скульптор болуп чыга бербейт.

(В) туура жооп, анткени жаш китеп сүйүүчүнүн терең ойлонгон жана талаптуу окурман болуп өсүшү толук ыктымал.

(Г) туура эмес жооп, анткени жаш кыялкеч сөзсүз түрдө учкуч болуп чоңоет деген ой чындыкка туура келбейт.

**3.** Эгер кеңири белгилүү физикалык теория жаңы изилдөөлөрдүн натыйжалары менен _______, анда эски окуудан толугу менен ______, аны ар тараптан карап чыгып, келчекте жарактуу бөлүгүн _______керек.

(А) дал келсе / баш тартпай / кайра караштыруу

(Б) кагылышып калса / баш тартып / кайра караштыруу

(В) дал келсе / баш тартып / калтыруу

(Г) кагылышып калса / баш тартпай / калтыруу

(А) туура эмес жооп, анткени эгер теория жаңы изилдөөлөрдүн натыйжалары менен дал келсе, анда эмне үчүн андан баш тартуу керек?

(Б) туура эмес жооп, анткени эгер эскирген теориядан такыр баш тартуу керек болсо, андан аны кайра караштыруунун кажети да болбойт.

(В) туура эмес жооп, анткени эгер теориядан баш тартуу керек болсо, анда анын бир бөлүгүн сактап калуу керек деген сөздөр айтылган ойдун логикасына туура келбейт.

(Г) туура жооп, анткени андагы айтылган ой логикалык жактан туура: Эгер кеңири белгилүү физикалык теория жаңы изилдөөлөрдүн натыйжалары менен кагылышып калса, анда эски окуудан толугу менен баш тартпай, аны ар тараптан карап чыгып, келечекте жарактуу бөлүгүн калтыруу керек.

Туура жооп - (Г).

**4.** Сулуулук түшүнүгү _______, эгер жакшылап ойлонуп көрсөк, анда сулуулук менен сулуу эместиктин ортосунда _______ деген жыйынттыка келүүгө _______.

(А) анык мааниге ээ / так чегара жок / болот

(Б) анык мааниге ээ эмес / так чегара жок / болот

(В) анык мааниге ээ / так чегара бар / болбойт

(Г) анык мааниге ээ эмес / так чегара бар / болот

(А) туура эмес жооп, анткени эгер сулуулук түшүнүгү анык мааниге ээ болсо, б.а. сулуу же сулуу эмес деп так кесе айтууга мүмкүн болсо, анда сулуулук жана сулуу эместик түшүнүктөрүнүн ортосунда так чегара жок деген жыйынтык айтылган ойдун бүтүндүгүн бузат.

(Б) туура жооп, анткени эгер жогорудагы сүйлөмгө бул варианттагы сүйлөмдү ырааттуу түрдө жайгаштырсак, анда чындыкка дал келген туура ой айтылат: *Сулуулук түшүнүгү анык мааниге ээ эмес, эгер жакшылап ойлонуп көрсөк, анда сулуулук менен сулуу эместиктин ортосунда так чегара жок деген жыйынтыкка келүүгө болот.*

(В) туура эмес жооп, анткени эгер сулуулук түшүнүгү анык мааниге ээ болсо, анда сулуу жана сулуу эмес деген түшүнүктөрдүн ортосунда так чегара бар болот, ал эми жооптун бул вариантында мындай чегара жок деп айтылган.

(Г) туура эмес жооп. Эгер сулуулук түшүнүгү анык мааниге ээ эмес болсо, анда сулуу жана сулуу эмес деген түшүнүктөрдүн ортосунда так чегара жок болот. Ал эми жооптун бул вариантында мындай чегара бар деп айтылган.

**5.** Өндүрүштүн ________ жолу – бул _______ продуктту ______ чыгарууга мүмкүндүк берген жол.

(А) эң жаман / бүтүндөй / кыска убакыт ичинде

(Б) эң жакшы / берилген / эң аз чыгымдар менен

(В) эң жаман / сапаттуу / эң аз чыгымдар менен

(Г) эң жакшы / дефицит / эң аз чыгымдар менен

(А) туура эмес жооп, анткени бүтүндөй продуктту кыска убакыт ичинде чыгарууга мүмкүндүк берген өндүрүштүк ыкма сөзсүз түрдө *эң жаман* деп эсептелүүгө тийиш эмес.

(Б) туура жооп, анткени бул варианттагы сөздөрдү жогорудагы сүйлөмгө ырааттуу түрдө жайгаштырсак, анда чындыкка дал келген туура ой айтылат: *Өндүрүштүн эң жакшы жолу – бул берилген продуктту эң аз чыгымдар менен чыгарууга мүмкүндүк берген жол.*

(В) туура эмес жооп. Эгер сапаттуу товар эң аз чыгымдар менен өндүрүлсө, анда анын өндүрүлүш жолун *эң начар* деп баалоого болбойт.

(Г) туура эмес жооп. Эгер товар эң көп чыгымдар менен өндүрүлсө, анда анын өндүрүлүш жолу *эң жакшы* дегенге болбойт.

## Окуу жана түшүнүү

«Окуу жана түшүнүү» бөлүмүндөгү суроолор ар түрдүү тексттерди (көлөмү 400дөн 850 сөзгө чейин) кунт коюп окуп, түшүнүү жана ал жөнүндө ой жүгүртүү билгичтигине баа берүү үчүн колдонулат.

«Окуу жана түшүнүү» бөлүмүндөгү үзүндү тексттер ар кайсы билим тармактарынан: гуманитардык, социалдык жана табигый илимдер тармактарынан алынат. Тесттин бул бөлүмүндө көркөм жана документалдык проза чыгармалары да колдонулат.

Тесттин бул бөлүмүн аткарууга 60 мүнөт берилет.

Бөлүмдө эки өз алдынча текст жана эки бири-бири менен байланышкан үзүндү берилет. Үзүндүлөрдүн бири экинчисин кайсы бир жагынан бышыктайт, толуктайт же ага каршы келет. Ар бир текст же үзүндүлөрдүн жубу бир катар суроолор менен коштолот.

Суроого жооп берүүдөн мурун текстти кунт коюп окуп чыгыңыз, анткени суроолордун жооптору түздөн-түз же кыйыр түрдө текстте камтылган.

Тексттин саптары номурланып, ар бир бешинчи сапка цифра коюлгандыгына көңүл буруңуз. Бул суроодо же тапшырмада берилген сапты Сиздин оңой табышыңыз үчүн жазылган.

**Эң ылайыктуу жоопту жооп баракчасынан боёп коюңуз. Сунуш кылынган жооптордун ичинен бирөөсүн гана тандашыңыз керек экенин унутпаңыз.**

**Бул бөлүмдө Сизге кандай суроолор берилет?**

- **Сөздөрдүн контексттеги**, б.а. ошол тексттеги сөз тизмегиндеги **маанисин аныктоого багытталган суроолор.** Туура жоопту табуу үчүн көрсөтүлгөн сөздөрдүн маанисин тексттин үзүндүсүндөгү мазмун менен катыштыруу керек. Суроолордун көпчүлүгү сунушталган бир нече жооп варианттарынын ичинен эң ылайык, эң так маанини тандоого багытталган.
- **Анализге багытталган суроолор** текстти, анын түзүлүшүн ар тараптан анализдөө, жалпы менен бүтүндү дал келтирүү, ошондой эле баяндалган фактылар, окуялар же иш-аракеттер өз ара кандай байланыштырылгандыгын аныктоо билгичтигин текшерет.
- **Ой жүгүртүү-жалпылоо багытындагы суроолор** маалыматты жыйынтыктоо, жалпылоо, автордун көз карашын, ал жасаган тыянакты түшүнүү, тексттеги көркөм каражаттардын ролун аныктоо билгичтиктерин текшерет.

Бул суроолорго жооп бергенде төмөндөгүлөрдү жасай билериңизди көрсөтүшүңүз керек:

- тексттеги негизи ойду бөлүп көрсөтүү
- бир идеяны экинчисине же бүтүндөй тексттин мазмунуна байланыштыруу
- тексттеги себеп-натыйжа байланыштарын аныктоо
- текстте сүрөттөлгөн көрүнүштөрдү, окуяларды салыштыруу
- автордун ой жүгүртүүсүнүн логикасын баамдоо
- автордун аргументтерин (жүйөлүү далилдерин) көрүү жана аныктоо
- автордун көз карашын түшүнүү
- деталдардын (кошумча белгилердин, нерселердин) маанисин түшүнүү
- тилдик көркөм каражаттардын ролун аныктоо

- текстин же анын айрым бөлүктөрүнүн интонациясын аныктоо
- подтексти (түздөн-түз сөз менен айтылбаган, бирок кыйыр түрдө туюнтулган ойду же идеяны) көрүү жана аныктоо.

Бул бөлүмдөгү суроолорго жооп берүү үчүн төмөндөгүдөй үч нерсени жасай билүү зарыл: суроонун маанисин түшүнүү, тексттен зарыл маалыматты табуу жана бул маалымат туура жоопту аныктоо үчүн кандайча колдонулушу мүмкүн экендигин ойлонуу.

Тесттин суроолоруна туура жооп берүү үчүн окууга сунушталган текстти эле эмес, суроону да так түшүнүү керек. Бул үчүн биз суроолордо кезигиши мүмкүн болгон эң маанилүү түшүнүктөрдүн тизмесин жана алардын чечмеленишин сунуш кылабыз.

**Автордук эмоциялык түс берүү** – автордун өзү баяндаган, сыпаттаган нерсеге карата мамилесин туюнтушу. Мындай мамиле баа берүүчү сөздөрдүн, ойлордун, салыштыруулардын, образдык (элестик) аныктамалардын жардамы менен туюнтулат. Мисалы, «***жүзү жагымдуу*** же ***бырыш баскан***», «окуянын ***күтүүсүз*** өзгөрүшү» деген сөздөрдө баа берүүчү аныктамалар жана деталдар камтылган.

Ар кандай аргументтөөдө **тезис** (далилдөө үчүн сунушталган ой, пикир) жана далилдер (аргументтер) болот. Тезис менен аргумент – ар кандай аргументтөөнүн ажырагыс бөлүктөрү.

**Аргумент** – бир нерсени далилдөө үчүн колдонула турган ой, пикир, кандайдыр бир факт. Бул түшүнүктүн синонимдери – далил, мотив, себеп.

Аргументтер – аргументтөөнүн «Эмне үчүн?» деген суроого жооп бере турган бөлүгү, демейде ал *анткени, себеби, эгер, ошондуктан* деген ж.б. байламта сөздөр менен башталат.

**Аргументтөө** – айтылган жобонун туура экендигин тастыктоочу далилдерди, аргументтерди келтирүү.

**Аргументтөө системасы** – ойдун айтылышы жана ага карата аргументтердин белгилүү тартипке келтирилиши.

**Баяндоо** – иш-аракеттерди же окуяларды ырааттуу түрдө айтып берүү, кайсы бир окуялар же болуп өткөн нерселер жөнүндө баяндоо. Мында көрүнүштөр бир учурда эмес, биринен кийин экинчиси уланган хронологиялык тартипте баяндалат.

**Далил** – бир нерсенин тууралыгын тастыктоо, ырастоо үчүн айтылган ой.

**Деталь** – кошумча нерселер, майда-барат белгилер.

**Жалпылоо** – жалпы тыянак, жыйынтык чыгаруу; тыянактап, жалпы жоболорду туюнтуу, бир нерсенин жалпы маанисин аныктоо.

**Интонация** – кыргыз тилинде сүйлөөчүнүн өзү айтып жаткан нерсеге карата мамилесин туюнтуучу сөздөрдү айтуу ыкмасы жана ыргагы. Буга жай, суроолуу, буйрук жана башка сүйлөмдөрдүн айтылышына, ар кандай сезимдердин туюнтулушуна ылайык келген тилдик каражаттар кирет. (Интонация салтанаттуу, какшыкчыл, капалуу ж.б. маанайда болушу мүмкүн).

Интонация толугу менен оозеки сүйлөөдө туюнтулушу мүмкүн, бирок текстте ал сөз тизмектеринин курулушу, тыныш белгилердин коюлушу, эмоциялык түспөлдүү сөздөрдүн пайдаланышы, графикалык каражаттар (сөздөрдүн астын чийүү, шрифттерди колдонуу) аркылуу берилет.

**Карама-каршы коюу** – айырмачылыктарын, карама-каршы жагын көрсөтүү менен салыштыруу. Карама-каршы коюу текстте *бирок, ал эми, тескерисинче, экинчи жагынан* ж.б. сөздөр менен башталат. Мында кайсы бир нерсенин белгилери башкаларга окшош эмес, каршы келе тургандыгы көрсөтүлөт.

**Картиналар** – текстте бул көрүнүштүн пейзаждын, окуянын, конкреттүү түрдө көрүүгө, байкоого, элестетүүгө боло турган нерселердин сөздөр аркылуу сыпатталышы, сүрөттөлүшү.

**Контекст** – тутумуна кирген айрым сөздөрдүн же сөз тизмектеринин маанисин аныктоого зарыл болгон оозеки же жазуу түрүндөгү айтылган ойдун бүтүн бөлүгү.

**Контраргумент** – берилген ойду төгүндөөчү же анын күчүн начарлатуучу пикир.

**Мүнөздөмө** – кимдир бирөөнүн, бир нерсенин айырмалуу белгилеринин, сапаттарынын, мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн сыпатталышы.

**Негиздөө** – далилдер менен бекемдөө.

**Ой жүгүртүү** – логикалык ырааттуулукта баяндалган ойлордун тизмеги.

**Салыштыруу** – бир нерсени башка бир нерсеге окшоштурган сөз же сөздөр тизмеги. Текстте салыштыруу ачык да, көмүскө түрдө да жасалышы мүмкүн. Ачык салыштырууда *сыяктуу, болгондой, дал өзүндөй* ж.б. байламталар колдонулат.

**Сыпаттоо** – кимдир бирөөнүн, бир нерсенин сөз аркылуу сүрөттөлүшү.

**Төгүндөө** – бир нерсенин туура эмес экендигин далилдөө.

**Тыянак** – жыйынтык, бүтүм. Текстте тыянак көбүнчө *ошентип, андыктан, ошондуктан, мунун натыйжасында* деген сыяктуу сөздөр менен башталат.

**Фраза** – бүткөн айрым ой, сүйлөм түрмөгү, сүйлөм.

**Урунттуу сөздөр жана фразалар**

Төмөндөгү сөздөр жана фразалар «Окуу жана түшүнүү» бөлүмүндөгү суроолордо көп колдонулат. Аларды окуп чыгып, туура түшүнгөндүгүңүздү текшерип көрүңүз.

| | |
|---|---|
| **тексттин негизинде,**<br>**бул текстте,**<br>**контекстинде** | Тесттин суроолорунда бул сөздөр, атүгүл автордун оюна макул болбосоңуз деле, текстте берилген түшүнүктөргө, божомолдорго, пикирлерге, жыйынтыктарга таянып жооп берүү керек экендигин көрсөтөт. Суроо Сиздин тексттеги ойду канчалык туура түшүнгөнүңүздү текшерет. |
| **баарынан жакшы,**<br>**эң ылайыктуу,**<br>**тагыраак,**<br>**баарынан так,**<br>**баарынан көбүрөөк** | Бул тест суроолорундагы абдан маанилүү сөздөр, анткени алар эң алгылыктуу жооп вариантын табууга жардам берет. Бул эгер Сиз өзүңүзгө туурадай көрүнгөн жоопту тандаган болсоңуз, анда анын баарынан ылайыктуу экендигин текшерүү үчүн башка варианттарын да карап чыгышыңыз керек дегенди билдирет. |
| **айрыкча** | Бул сөз «баарынан мурун», «эң негизгиси» дегенди билдирет, бирок «бирден бир» деген мааниде колдонулбайт. «Айрыкча» деген сөздү көргөнүңүздө, бир нерсенин эң башкы белгисин же эң маанилүү түшүндүрмөсүн издеңиз. |
| **тышкары,**<br>**кошпогондо** | Бул сөздөр демейде текстте камтылбаган нерсени аныктоо керек экендигин билдирет. |
| **эң башкысы ,**<br>**негизинен** | Бул сөздөр эң маанилүү нерселер кайсылар экендигин билдирет. |

## Окуу жана түшүнүү боюнча тест тапшырмалардын үлгүлөрү

**НУСКАМА (инструкция)**
*Бул бөлүмдө тексттер сунуш кылынып, аларда камтылган, ырасталган, каймана же купуя туюнтулган ойлор боюнча суроолор берилет.* ***Ар бир текстти кунт коюп окуп чыгыңыз.*** *Берилген жагдайга* ***баарынан тагыраак*** *ылайык келген пикир туура жооп болуп эсептелет. Текст туура жоопту ырастап турушу керек.*

*Берилген текст Т.Козубековдун «Айчыктуу ак калпак» деген макаласынан алынган.*

*сап* Кыргыздын эң ыйык буюмунун бири – анын баш кийими. Кыргыз баш кийимин жерге таштабайт, өз уулунан башкага бербейт, белекке жолдобойт. Атүгүл аны адам отурган отургучка да койбойт.

Ак калпак кыргызды кыргыз кылып, башка элден айырмалап таанытып турган: Ала-Тоосу, Ысык-Көлү, боз үйү, комузу сыяктуу эле ата мурас энчиси. Ак калпактын бычылышы, тигилиши, түзүлүшү да боз үйдүн түндүгүн кайталап, кандайдыр бир элдик акылмандыкты, ыйык салт-санааларды туюнтуп тургандай сезилет. Ошондой эле төрт тарап, алардын бириккен жери – уюл-чоку. Этек жагы да улам кеңейип, төгөрөктүн төрт бурчунун чексиздигинен кабар берип тургансыйт.

Тебетейибиз да ушул эле нукта жасалат. Түпкүрүндө ак калпактын эки капталында эки тилик кулакчыны болуп, ал кулактын үстүнө дал келип, калпактын туюк эки өңүрү алдыны карап, маңдайга кийиле турган. Аны айчыктуу ак калпак дешчү. Кийген адамдын чекеси жазылып, жарашып турчу. Азыр алдынан бир эле жырык чыгарып, аны чекебизге тумшукча кылып кондуруп алдык. Бул биздин өзүбүздүн ата мурас буюмубузга маани бербегенибизден го. Мурун эки кулакчыны эки канат болуп, оңду-солду имерип турган ыйык калпак эми мурдуман алысты көрө албайм дегенсип, жырык тумшукчага айланып калды. Бул эмне, мезгилдин өзгөрүшүбү же чабытыбыздын тарышыбы? Болбосо, «маданияттуу» кылалы деп кепкага окшоштурууга жасаган аракетибизби?

Эркектин баш кийимин, мейли ак калпак же тебетей болсун, башынан эле айыл ичиндеги аты чыккан уздарга атайын бир адамга арнап тиктиришкен. Баланча тиккен калпак, түкүнчө жасаган тебетей экен деп көргөндөр көркүнөн таанып, даңаза кылышкан, сын-сыпатына тан беришкен. Бир уруунун бийлик төбөлү экинчи уруунун кандайдыр бир той-ашына урматтуу конок болуп чакырылганда гана өтө сый конокко арнап калпак же тебетей тиктирилбесе, башка сыйлуу коноктордун алдына ат тартып, үстүнө тон жаап, колуна куш кондуруу менен гана чектелишкен.

Анан ушундай дөөлөттүү ыйык буюмубуздун колдон колго өткөн катардагы буюмга айланып калышына ким күнөөлүү? Албетте, биринчи кезекте өзүбүз, өзүбүздүн эле эч нерсени энебеген аңкоолугубуз, ата салтын, элдин наркын унуткан манкурттугубуз, кошоматка кой сойгон ийилчээктигибиз...

Кечээ, жыйырма-отуз жыл мурун эле ак калпакты кыргыздар чанда кийип, жалаң шляпа, кепкага өтүп албадык беле. Анан өз алдынчалыкка жеткенде, бат эле калпакка жабыла өтүп кетпедикпи. Ал аз келгенсип, кандай деңгээлдеги конок келбесин, мейли ал мамлекеттик же жекече ишмер болсун, мейли алар бирөө же он болсун, баарынын баштарына ата мурас калпагыбызды кондура коюу катардагы көрүнүш болуп калды. Өзүбүз четке чыксак да калпагыбызды көтөрө барып, тушкелди тапшырып кайтабыз. «Бозону ашыкча ичсең, мас болосуң, досуңду ашыкча күтсөң, кас болосуң» дегендей, аша чаап кеттик эле, ата мурасыбыз ак калпактын түпкү маани-маңызы жоголду да калды.

Эми эмне кылышыбыз керек? Менимче, байпак чыгаргансып эле баш кийимди ашыкча чыгарганды токтотушубуз керек. Арзан, ашыкбаш буюм – барксыз буюм. Ошондой эле калпакты көрүнгөнгө эле тартуулай берүүнү да токтотуу зарыл. Ал эми калпакты жасаган уздар ойгелди ойкутуп-кайкыта бербей, баш кийимдин түпкү маани-маңызын сактап, көп эле ашыкбаш кетпей жасоолору тийиш. Себеби, ал – элдин ыйык буюму.

**1.** Ак калпакты кыргыздар эмне үчүн ыйык көргөн?

(А) Боз үйдүн түндүгүнө окшоштугу үчүн

(Б) Ата мурасы болгондугу үчүн

(В) Мыкты уздар тиккендиги үчүн

(Г) Адамга жарашыктуулугу үчүн

**2.** 17-саптагы «төгөрөктүн төрт бурчу» деген туюнтма эмнени билдирет?

(А) Ак калпактын көрүнүшүн

(Б) Айлананын ичиндеги төрт бурчтукту

(В) Бүтүндөй дүйнө жүзүн

(Г) Төрт бурчтуктун ичиндеги айлананы

**3.** Текст боюнча ак калпактын кадыр-баркынын төмөндөшүнүн башкы себеби эмнеде?

(А) Өтө көп чыгарылгандыгында

(Б) Белекке көп берилгендигинде

(В) Баасынын арзандыгында

(Г) Ата салтынын унутулгандыгында

**4.** Тексттин 1–5-саптарындагы абзацтын контекстинде «Кыргыз баш кийимин... өз уулунан башкага бербейт...» дегенди кандай мааниде түшүнүүгө болот?

(А) Баш кийимди ыйык туткандык

(Б) Уулунун урмат-сыйына умтулгандык

(В) Буюмга ичи тардык кылгандык

(Г) Баш кийимден башка берери жоктук

**5.** Төмөндөгү ырастоолордун кайсынысы берилген тексттин негизги максатын тагыраак аныктайт?

(А) Улуттук баш кийимдер тууралуу толук маалымат берүү

(Б) Элдик уздардын чеберчилигин даңазалоо

(В) Ак калпакты чыгарууга тыюу салуу

(Г) Замандаштарды ата салтын сактоого чакыруу

**6.** 46–53-сaптардагы сүйлөмдө берилген башкы ой кайсы?

(А) Элдин баш кийимди бардык белектен жогору эсептеши

(Б) Кыргыз урууларынын той-ашты көп бериши

(В) Элде аттын, тондун, куштун көптүгүн көрсөтүшү

(Г) Элдин конокко төбөлдөрдү гана чакырышы

**7.** 30–34-саптардагы сүйлөмдүн контекстинде «мурдуман алысты көрө албайм» деген түшүнүк кандай маанини билдирет?

(А) Көздүн начар көрүүсүн

(Б) Ой жүгүртүүнүн чектелгендигин

(В) Өз кызыкчылыгын гана ойлоону

(Г) Илим-билимдин жетишсиздигин

**8.** Текст боюнча ак калпак менен тебетейдин окшоштугу эмнеде?

I. Атайын арнап тигилишинде
II. Өңдөрүнүн бирдейлигинде
III. Тиликтеринин бирдейлигинде
IV. Төрт тараптуу экендигинде

(А) I гана

(Б) I, II гана

(В) I, III гана

(Г) I, IV гана

*Сизге эки үзүндү сунуш кылынат. Биринчиси «Токтогул Сатылганов» деген макаладан, экинчиси Б. Алыкуловдун «Залкар Сагынбай» деген макаласынан алынды.*

*1-үзүндү*

Кыргыз элинин сыймыгы болгон улуу акын Токтогулдун чыгармачылыгы эң оор мезгилге – Кокон хандыгынын бийлигинен кийин, ага удаа, элдердин түрмөсү болгон падышалык режимге туш келип, экинчи жагынан жергиликтүү «жакшылар» эмгекчилердин эмгек менен тапкандарын тартып алып, жалпы калың букара калк кош кабат эзүүдөн катуу кыйналып, жакырчылык турмушту баштарынан өткөрүп жаткан мезгилге туура келген. Кыргыз эли көчмөн турмушта жашап, кат-сабатсыз болуп, караңгылык каптап турган. Бай-манаптар өздөрүнүн бийлигин дагы бекемдеш үчүн падышанын койгон төрөлөрүнүн колдоосуна жамынып алышып, элди эзүүнү күчөтүшкөн. Эл эзүүгө чыдабай, бийликке карата наразылыктарын билдиришип, көтөрүлүш да чыгарышкан. Элдик толкундоолорду басуу максатында жергиликтүү бийлөөчүлөр падышанын куралдуу солдаттарын пайдаланышкан. Ушундай окуя Токтогулдун мекени Кетмен-Төбө өрөөнүндө болгону тарыхта белгилүү. Токтогул катуу эзүүнү, ошонун салдарынан жакырчылык турмушту баштарынан кечирип жаткан калың букара элди көрдү. Ушул тарыхый кырдаалдар дээринде бар, идиректүү Токтогулдун чыгармачылыгы үчүн бай материал болгон.

Токтогулдун өмүрү, чыгармачылыгы толуп жаткан окуяларга бай. Анын өзү кыргыз элинин көп кырдуу турмушу, өткөндөгү тарых менен тыгыз байланыштуу. Мына ушул жагдай Токтогулдун чыгармаларынын тематикасынан, мазмунунан айкын көрүнөт. «Жокчулуктун айынан», «Жүргөнүм Кабак жер болду» деген ырларын Казанбактын коюн кайтарып жүргөн бала кезинде чыгарган. Ушул эле ырларында Токтогул теңсиздикке наараzы экенин билдирген.

Кыргыз жергесинде бири эсепсиз мал күтүп, Казанбакка окшоп малай жумшап жүрүшсө, көпчүлүгү жакырчылык турмушта жанчылып, ичейин десе, ашка, кийейин десе, кийимге жетпей, жокчулукка белчелеринен баткан болчу. Мына ушундай тарыхый шарттар зээндүү Токтогулду терең ойлонтуп, элдин эмнени самап турганын, алардын үмүтү менен тилегин чагылдырууга түрткү берген.

Токтогул – өз элине жан-дили менен берилген, эч кимден тартынбаган, кайраттуу, таланты Узун-Акмат менен Нарын дарыясындай ташкындаган, көп өнөрлүү, төкмө акын, залкар комузчу. Токтогул эл тарабында туруп, «жети ата» менен «бир ата» аталган чабышка катышкан. Ошондо атактуу «Беш каман» ырын чыгарган. Ал – айтыштарга көп катышып, өзүнүн тизмектүү курч ыры менен көпчүлүк угуучулардын көңүлүн ыраазы кылган ак таңдай чоң акындардын бири. Анын отуздан ашуун айтыштары биздин мезгилге келип жетти.

Токтогул – өз тушундагы эчен ак таңдай акындар менен бир жүргөн, айрымдары менен ыр өнөрү жагынан сынашып, айтышка түшкөн, бирок эч кимге алдырбаган айтыш майданынын чебери. Ал Арзымат менен болгон алгачкы айтыштарынын биринде эле өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, эл тарабынан колдоого алынган. Арзымат чоң манапка ырчы болгонуна, байлыгына мактанып, өзүн мартабалуу көрсөтсө, Токтогул ташкындаган таланты эл атынан сүйлөй тургандыгын билдирди. Эмгекчилер тарабында турганын айгинелеп, тап жигин ачып айтты. Жаш Токтогулдун ушул сөзүн калдайган калың букара калк кубаттоого алып, элдин таламын жактап ырдаганы үчүн аны урматташкан. Ошентип, Токтогул алгачкы ырларынан, алгачкы айтыштарынан эле эзилген элдин тарабында турган болчу.

Бай-манаптар Токтогулду айдатып жиберип, ошону менен тынчып калабыз деп ойлошкон. Ал эми Токтогул болсо эзүүчүлөргө каршы күрөш жүргүзбөй туруп, теңдикке жетүү мүмкүн эмес экенин түшүнгөн. Ошол себептүү элди ынтымакка, эзүүчүлөргө каршы күрөшкө чакырган. Ушул идея улуу акындын көп чыгармасында ачык чагылдырылган.

*2-үзүндү*

Сагынбайдын акындык өнөрү он жашында байкалган. Анын бала чагы Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү Кабырга деген жерде өтөт. Ормондун айылында жашагандан улам нарктуу адамдардын айткан кептерин, таасын, накыл сөздөрүн көп уккан, дээринде бар, куйма кулак болгон-

дуктан, уккандары жадысында кала берген.

Сагынбай ошондой кенч дүйнөсү ташып аккан, өзүнчө ажайып ааламы бар инсан болгон. Бала чагында козу кайтарып жүрүп уктап калып, түш көрөт. Менин акын болуп калышым ошол түшүмдө көргөн, кубулжута сайраган боз чымчыктын аяны деп айтчу экен. Манасчылыгы жөнүндө да мындай бир аңыз бар. Козу кайтарып жүрүп уктап калып, түш көрөт. Түшүндө ак сакалдуу карыя жанына келип: «Балам, «Манас» айтканды каалайсыңбы?» – деп сурайт. Сагынбай сүйүнүп кетип: «Ооба», – дейт. Ошондо карыя анын оозун ачкызып туруп, чоң кочуш тарууну куюп жиберет да: «Эми манасчы болдуң уулум, тартынбай айтып жүр», – деп бата берип, көздөн кайым болот.

Нагыз акындык белги – төкмөлүк. Сагынбайды залкар атка кондурган ошол төкмөлүгү болгон. Ырларында, дастандарында, ал гана эмес, манасчылыгында деле төкмөлүгү чоң көркөм күч менен көрүнгөн. Белгилүү даректерге караганда, Сагынбайдын манасчылыгы ириде «Семетей» айтуудан башталыптыр. Он төрт, он бештеги курагы экен. Бир күнү той болуп жаткан үйгө баш багып калат. Үйдө агасы Алишер «Семетей» айтып жатыптыр. Угуп отурган кишилер: «Бу, Сагынбай да «Манас» айтат, айттырып угалычы»,- деп калышат. Ал «Семетейди» агасы токтогон жерден баштайт. «Баракелде», «Азамат» деп сүрөгөн сайын күркүрөп-шаркыраган суудай күчкө кирип, шатыраган жаандай ыр нөшөрүн төгөт. Андагы талантты, акындык күчтү агасы Алишер да көргөн. Ошондон тартып өзү манасчылыгын таштап, анын эки тизгин бир чылбырын инисине берген.

Сагынбайдын жыйырма бештен кырк беш жашка чейинки өмүр курагы манасчылык өнөрүнүн гүлдөгөн, төгүлүп жайнаган доору болсо керек. Ушул жылдары ал бүт кыргыз жергесин кыдырып чыккан. Айлап, атүгүл бир нече жылдап эл кыдырып «Манас» айтып кеткен мезгилдер болуптур. «Манас» айтып жүргөн бир жылы Чүй өрөөнүнөн төрт жүз керкашка жылкы айдап келген дешет. Ал эми Сарүйсүн, Кум казактарына өнөрүн тартуулаганда, алар: «Мындай олуя ырчыны казак-кыргыздан мурда көргөн эмеспиз», – деп таң калышыптыр.

Кетмен-Төбөдө жүрүп too булбулу Токтогулга жолугат. Ошол жерде Сагынбай «Манасты» бир күн, бир түн тынбай айтканда, Токтогул: «Кыргыздан мындай манасчыны эч көргөн эмесмин, жөн эле эстен тандым», – деп анын манасчылыгына жогору баа бериптир. Сагынбай адамды сыпаттоонун өзгөчө чебери болгон. Анысы «Манас» баштаган дастандарында ташка тамга баскандай, кооздук көркүн ачкандай даана көрүнгөн. Ал жалаң эле «Манас» айтпастан, санат-насыят ырларын да аткарган.

Сагынбайдын «Манасын» уккандардын эскерүүлөрүнө караганда, ал «Семетей» дастанын «Манастан» да көркөм, кооз айтчу экен, өзүн бекер жеринен «Семетейчимин» деп атабаган болсо керек. Бирок «Манастын» «Семетей» бөлүгү анын айтуусунда жазылбай калганы өкүнүчтүү.

Залкар манасчы Сагынбай Орозбак уулу 63 жаш курагында жарык дүйнөдөн көчүптүр. Көз жумар алдында жаап жаткан жаанды карап отуруп: «Бул жаан эмес, нур, ыр жаап жатат», – деп тилден калган дешет.

**9.** 2-үзүндүнүн 107-сабындагы «куйма кулак» деген түшүнүк кандай адамдарды мүнөздөйт?

(А) Укканын тез унуткан

(Б) Укканын такыр айтпаган

(В) Укканын гана айткан

(Г) Укканын эч унутпаган

**10.** 2-үзүндүнүн 151–161-саптарында туюнтулган негизги ой кайсы?

(А) Чүй өрөөнүндө жылкынын өтө көптүгү

(Б) Манасчылык өнөрдүн белгилүү куракта гана гүлдөп-өнүгүшү

(В) Сагынбайдын манасчылык өнөрүнүн күчтүүлүгү

(Г) «Манастын» көлөмүнүн өтө чоңдугу

**11.** Эки үзүндүдө тең кездешкен «дээринде бар» деген туюнтма эмнени билдирет?

(А) Сөз өнөрүн сүйүүнү

(Б) Сырты сымбаттуулукту

(В) Тубаса шыктуулукту

(Г) Эрки күчтүүлүктү

**12.** 2-үзүндүнүн 165–171-саптарында айтылгандардан улам, Токтогул менен Сагынбай

(А) кесиптеш болгон

(Б) замандаш болгон

(В) курдаш болгон

(Г) максатташ болгон

**13.** Төмөндөгү ырастоолордун кайсынысы 1-үзүндүнүн 40–43-саптарында жана 2-үзүндүнүн 101–102-саптарында айтылгандарга далил боло алат?

(А) Акындык өнөр кесип тандабайт

(Б) Акындык өнөр курак тандабайт

(В) Акындык өнөр жашоо-шарт тандабайт

(Г) Акындык өнөр аймак тандабайт

**14.** Өнөрдүн кайсы түрүн Токтогулга да, Сагынбайга да бирдей мүнөздүү деп айтууга болот?

(А) Төкмөлүк

(Б) Манасчылык

(В) Олуялык

(Г) Комузчулук

**15.** 1-үзүндүнүн 46–56 жана 2-үзүндүнүн 112–127-саптарында эмне жөнүндө айтылган?

(А) Элдин жакырчылык оор турмушу

(Б) Акындык өнөргө болгон балалык умтулуу

(В) Элдик ишенимдердин касиеттүү күчү

(Г) Чыгармачылыкка себеп болгон жагдайлар

## Суроолорду талдап көрөлү

**1.** Ак калпакты кыргыздар эмне үчүн ыйык көргөн?

(А) Боз үйдүн түндүгүнө окшоштугу үчүн
(Б) Ата мурасы болгондугу үчүн
(В) Мыкты уздар тиккендиги үчүн
(Г) Адамга жарашыктуулугу үчүн

Бул суроо жалпы текстте берилген маалыматтардын негизинде коюлган. Ошондуктан адегенде эле текстти көңүл коюп окуп чыгуу керек. Текстте «... боз үйдүн түндүгүн кайталап... тургандай сезилет» (11–14-саптар) деген ой бар. Бирок бул (А) жообунун тууралыгын далилдей албайт. Себеби, окшоштук ыйыктыктын себеби экендиги жөнүндө текстте ой жок.

(В) жообу туура сыяктанып турса да, текстте мыкты уздар тиккендиги үчүн эле ак калпакты кыргыздар ыйык тутуп калышкан деген түздөн-түз айтылган ой жок. Демек, бул жооп да ылайык келбейт.

Текстте (Г) жообуна үндөшкөн «Кийген адамдын чекеси жазылып, жарашып турчу» (25–26-саптар) деген ой бар. Бирок, бул аны элдин ыйык көргөндүгүн далилдей албайт.

Жыйынтыгында (Б) жообу туура экендиги көрүнүп турат. Анткени, текстте баш кийим (ак калпак) кыргыздын эң ыйык буюмунун бири (1–2-саптар), «ал (ак калпак) элдин ыйык буюму» (90-сап), «ата мурас буюму» экендиги (29-сап) жана «ата мурасыбыз ак калпактын» (77–78-саптар) маани-маңызын баалоонун зарылдыгы тууралуу баса айтылган ойлор бар. Ал эми аны «өз уулунан башкага бербегендиги» (3–4-саптар) анын ата мурасы катары ыйыктыгын аныктап турат.

**2.** 17-саптагы «төгөрөктүн төрт бурчу» деген туюнтма эмнени билдирет?

(А) Ак калпактын көрүнүшүн
(Б) Айлананын ичиндеги төрт бурчтукту
(В) Бүтүндөй дүйнө жүзүн
(Г) Төрт бурчтуктун ичиндеги айлананы

Бул суроонун туура жообун табуу үчүн адегенде туура эмес жоопторду таап, «алып салуу» ыкмасын колдонуу жөндүү. Себеби (Б) жообу менен (Г) жообу үндөшүп турса да, текстте бул туюнтма өтмө мааниде колдонулгандыгы байкалып турат. Ошондой эле ак калпактын көрүнүшүн «төгөрөктүн төрт бурчу» деп сыпаттоо да мүмкүн эмес. Демек, туура жообу (В) варианты. Текстте ал бүтүндөй дүйнө жүзү деген мааниде колдонулуп жатат.

**3.** Текст боюнча ак калпактын кадыр-баркынын төмөндөшүнүн башкы себеби эмнеде?

(А) Өтө көп чыгарылгандыгында
(Б) Белекке көп берилгендигинде
(В) Баасынын арзандыгында
(Г) Ата салтынын унутулгандыгында

Бул суроого туура жооп берүү үчүн дагы эле тексттин материалын жакшы билүү зарыл экендиги түшүнүктүү. Тексттин 54–79-саптарында бир катар «себептер» саналып өтсө да, бул суроодо «башкы» деген сөзгө басым жасалгандыгына көңүл буруу керек. Тексттин 1–5, 39–42, 75–79-саптарында айтылган «салттуу» көрүнүштөрдүн сакталбагандыгынан улам (Г) жообунун тууралыгы айкын болот. Демек, бул жооп окуучудан тексттеги ар түрдүү маалыматтардын негизинде башкы ой тыянагын чыгара билүү жөндөмүн талап кылат.

**4.** Тексттин 1–5-саптарындагы абзацтын контекстинде «Кыргыз баш кийимин... өз уулунан башкага бербейт...» дегенди кандай мааниде түшүнүүгө болот?

(А) Баш кийимди ыйык тууткандык
(Б) Уулунун урмат-сыйына умтулгандык
(В) Буюмга ичи тардык кылгандык
(Г) Баш кийимден башка берери жоктук

Суроого туура жооп берүү үчүн берилген саптардагы абзацты кунт коюп окуп чыгуу керек. Себеби жооптордун бардык варианттары тигил же бул өлчөмдө абзацта камтылган ойлордон келип чыгат. Ошондуктан ар бир анча байкалбаган маалыматка да кылдат, терең маани берип, алардын түпкү маңызын түшүнүүгө аракеттенүү зарыл. Абзацтагы маалыматтардан улам, кыргыздар баш кийимди ыйык көргөндүгү, ага өтө аяр, урматтоо менен мамиле жасагандыгы, салтты бекем сактагандыгы жөнүндө ой тыянагына келүүгө болот. Ал эми баш кийимди уулуна берип, андан урмат-сый көргүсү келгендиги (Б), ага карата ичи тардыгы (В), баш кийимден башка берер буюмунун жоктугу (Г) тууралуу айтылган ой жок. Демек, ылайыктуу жооп (А) варианты.

**5.** Төмөндөгү ырастоолордун кайсынысы берилген тексттин негизги максатын тагыраак аныктайт?

(А) Улуттук баш кийимдер тууралуу толук маалымат берүү
(Б) Элдик уздардын чеберчилигин даңазалоо
(В) Ак калпакты чыгарууга тыюу салуу
(Г) Замандаштарды ата салтын сактоого чакыруу

Тексттин ар кайсы бөлүгүндө ар түрдүү ойлор айтылат. Биз андагы орчундуу, маанилүү ойлорго негизденип, тексттин негизги максатын аныктообуз керек. Бул багытта ырааттуу ой жүгүртсөк, (Б) жана (В) жоопторундагы ырастоолорго тексттин айрым жерлериндеги учкай маалыматтар гана негиз болушу мүмкүн. Ошондой эле текстте улуттук баш кийимдердин түрлөрү эмес (А), ак калпак жөнүндө гана кеңири сөз болуп, аны жасоо, сактоо, пайдалануу жагындагы салттуу мамилени кайра калыбына келтирүүгө басым жасалып жатат. Ошондуктан (Г) вариантын «тагыраак» деп эсептөөгө болот.

**6.** 46–53-саптардагы сүйлөмдө берилген башкы ой кайсы?

(А) Элдин баш кийимди бардык белектен жогору эсептеши
(Б) Кыргыз урууларынын той-ашты көп бериши
(В) Элде аттын, тондун, куштун көптүгүн көрсөтүшү
(Г) Элдин конокко төбөлдөрдү гана чакырышы

Суроодо көрсөтүлгөн 46–53-саптардагы сүйлөмдү кайра окуп чыгалы. (Б) жана (В) жооптору «башкы» ойду бере алышабы? Мисалы, сүйлөмдө «кыргыз урууларынын той-аш бергендиги» (46–49-саптар), коноктун «алдына ат тартып, үстүнө тон жаап, колуна куш кондуруу» салты жөнүндө айтылса да (51–53-саптар), алардын «көптүгү» тууралуу эч кандай маалымат берилбейт. Ошондой эле (Г) жообундагыдай «Элдин конокко төбөлдөрдү гана чакыргандыгы» тууралуу да маалымат жок. Демек, бул жооп да туура келбейт. Андыктан (А) жообунда айтылган пикирди ылайыктуу деп кабыл алууга болот.

**7.** 30–34-саптардагы сүйлөмдүн контекстинде «мурдуман алысты көрө албайм» деген түшүнүк кандай маанини билдирет?

(А) Көздүн начар көрүүсүн
(Б) Ой жүгүртүүнүн чектелгендигин
(В) Өз кызыкчылыгын гана ойлоону
(Г) Илим-билимдин жетишсиздигин

Адатта, «мурдунан алысты көрө албайт» деген туруктуу сөз айкашы акылы кыска, терең ой жүгүртө албаган адамды сыпаттоо үчүн колдонулат. Тексттеги сүйлөмдүн тутумунда бул туюнтма ойду элестүү,

жеткиликтүү берүү максатында колдонулган. Демек, туура вариантты табууда анын ушул маанисине үндөшкөн жоопту издөө керек. Сүйлөмдө «көздүн көрүүсү», «жеке кызыкчылык», «тайкы билим» тууралуу маалымат жок. Ушундан улам ылайыктуу жооп (Б) варианты экендиги айкын.

**8.** Текст боюнча ак калпак менен тебетейдин окшоштугу эмнеде?

I. Атайын арнап тигилишинде
II. Өңдөрүнүн бирдейлигинде
III. Тиликтеринин бирдейлигинде
IV. Төрт тараптуу экендигинде

(А) I гана
(Б) I, II гана
(В) I, III гана
(Г) I, IV гана

Бул суроого жооп берүүдө тексттеги тийиштүү маалыматтарга таянууга туура келет. Себеби ак калпак менен тебетейдин «окшоштугу» жөнүндө 9–24, 39–53-саптарда айтылат. Ал маалыматтардан улам мындай окшоштук бирөө эле эмес экендиги айкын болот. Тесттин түзүлүшү мына ушундай жагдайды эске алууну талап кылат. Рим цифралары менен жооптордун варианттары, ал эми баш тамгалар менен алардын кайсылары туура экендиги көрсөтүлгөн. Туура жоопту ошолор боюнча белгилөө керек. Натыйжада 14–16, 19–20 жана 39–42-саптардагы маалыматтарга негизденип, (Г) жообунун туура экендигине ынанууга болот.

Жогоруда сиздерге бир текст боюнча тапшырмалардын түшүндүрмөсү берилди. Ошондой эле тест сынагында бири-бирине мазмуну, тематикасы ж.б. белгилери боюнча үндөшүп турган эки үзүндү сунуш кылынат. Мында үзүндүлөрдүн ар бири боюнча да, ошондой эле бири-бирине салыштыруу, алардагы жалпы жана бөтөнчө көрүнүштөрдү аныктоо багытындагы суроолор коюлат.

**9.** 2-үзүндүнүн 107-сабындагы «куйма кулак» деген түшүнүк кандай адамдарды мүнөздөйт?

(А) Укканын тез унуткан
(Б) Укканын такыр айтпаган
(В) Укканын гана айткан
(Г) Укканын эч унутпаган

Бул суроо окуучулардын сөздөрдүн тике жана кыйыр маанилерин түшүнө билүүсүн текшерүүгө карата коюлган. «Куйма кулак» деген туруктуу сөз айкашынын мааниси - сөзгө ынак, эске тутуусу күчтүү, бир укканда эле эсинде бекем сактап калган, укканын унутпаган адамдын сапатын билдирет. Буга далил катары 2-үзүндүдөгү Сагынбайга карата айтылган «…уккандары жадысында кала берген» (108–109-саптар) деген саптарды келтирсек болот.

Эми жооптордун ар бир вариантын талдап көрөлү. (А) вариантындагы «укканын тез унуткан» деп, унутчаак адамга карата айтылса, (Б) вариантындагы «укканын такыр айтпаган» деген сыпаттоо ичимтап, түнт, сөзгө сараң, бир мүнөз адамга карата колдонулат. (В) вариантындагы «укканын гана айткан» деген туюнтма туура, түз сүйлөгөн, ушак айтпаган адамды билдирет. Демек, бул варианттар укканын эч унутпаган деген түшүнүктү туюндура албагандыктан туура жооп боло албайт.

Туура жообу (Г) варианты.

**10.** 2-үзүндүнүн 151–161-саптарында туюнтулган негизги ой кайсы?

(А) Чүй өрөөнүндө жылкынын өтө көптүгү
(Б) Манасчылык өнөрдүн белгилүү куракта гана гүлдөп-өнүгүшү
(В) Сагынбайдын манасчылык өнөрүнүн күчтүүлүгү
(Г) «Манастын» көлөмүнүн өтө чоңдугу

Бул суроонун негизги максаты – сүйлөмдөрдө камтылган маалыматтарга таянып, негизги ойду аныктоо. 2-үзүндүнүн 151–161-саптарындагы туюнтулган негизги ой (В) вариантында туура чагылдырылган. Далилдеп көрөлү: көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдө Сагынбайдын жыйырма бештен кырк беш жашка чейинки өмүр курагында, манасчылык өнөрүнүн гүлдөгөн доорунда (151–154-саптар) айлап, а түгүл бир нече жылдап эл кыдырып «Манас» айтып кеткендиги, (156–158-саптар), бүт кыргыз жерин кыдыргандыгы (155–156-саптар), Чүй өрөөнүнөн төрт жүз жылкы айдап келгендиги (159–160-саптар) тууралуу маалымат берилет. Албетте, булар анын манасчылык өнөрүнүн күчтүүлүгүн далилдеп турат. Бул (В) вариантында туура жооп катары берилген.

Ал эми берилген үзүндүдө Чүй өрөөнүндө жылкылардын көптүгү жөнүндө (А), манасчылык өнөр белгилүү куракта гана гүлдөп-өнүгө тургандыгы жөнүндө (Б) жана «Манас» эпосунун көлөмү жөнүндө (Г) эч кандай далилдүү ойлор берилген эмес. Ошондуктан А, Б, Г варианттары туура эмес жооптор.

**11.** Эки үзүндүдө тең кездешкен «дээринде бар» деген туюнтма эмнени билдирет?

(А) Сөз өнөрүн сүйүүнү

(Б) Сырты сымбаттуулукту

(В) Тубаса шыктуулукту

(Г) Эрки күчтүүлүктү

Суроо окуучунун сөз байлыгын айкындоого багытталган.

Биринчи үзүндүдө тубаса өнөрпоз, төкмө акын Токтогул жөнүндө, ал эми экинчи үзүндүдө сейрек кездешүүчү таланттын, кайталангыс өнөрдүн ээси болгон Сагынбай манасчы жөнүндө айтылат. Алардын жаш кезинен эле (1-үзүндүнүн 40–43-саптары жана 2-үзүндүнүн 101–102-саптары) акындык шыгы болгондугу текстте эскертилген. Демек, «дээринде бар» деген түшүнүктүн маанисин туура түшүнгөн окуучу анын «тубаса шыктуу», «табиятынан жөндөмдүү» деген маанилерге үндөш экендигин аныктай алары шексиз. Демек, (В) варианты туура жооп катары белгиленет.

Албетте, сөз өнөрүн сүйгөн (А), сырткы келбети сымбаттуу (Б) жана эрки күчтүү (Г) адамдар да мыкты сапаттарга ээ болушу мүмкүн. Бирок дээринде бар деп айтуу үчүн алар тубаса жөндөмгө ээ болууга тийиш. Ошондуктан А, Б, Г варианттары туура жооп боло албайт.

**12.** 2-үзүндүнүн 165–171-саптарында айтылгандардан улам, Токтогул менен Сагынбай

(А) кесиптеш болгон

(Б) замандаш болгон

(В) курдаш болгон

(Г) максатташ болгон

Бул суроонун туура жообун табардан мурда көрсөтүлгөн саптарды кунт коюп окуп чыгуу керек. Эми жооп катары берилген ар бир вариантты өзүнчө талдап көрөлү.

(А) варианты. «Тоо булбулу Токтогулдун» (2-үзүндү, 165–166-саптар) таланты – ырчылык, комузчулук. Ал эми «Манасты» бир күн, бир түн тынбай айткан» (2-үзүндү, 167–168-саптар) Сагынбайдын өнөрү – манасчылык. Демек алар кесиптеш эмес.

(Б) варианты. Текстте алардын Кетмен-Төбөдө жолуккандыгы (2-үзүндү, 165–166-саптар) жана бири-биринин өнөрүн баалап, чыгармачылык мамиледе болгондугу тууралуу маалымат берилет. Бул алардын бир мезгилде жашагандыгын далилдеп турат. Демек алар замандаш болушкан (Б) деген жооп туура.

(В) варианты. Текст боюнча Токтогул менен Сагынбайды курдаш болгон деп айтуу мүмкүн эмес. Анткени текстте Сагынбайдын Кетмен-Төбөдө жүрүп Токтогулга жолуккандыгы жана «Кыргыздан мындай манасчыны эч көргөн эмесмин» (2-үзүндү, 168–169-саптар), – деп Токтогулдун таң калгандыгы тууралуу гана кыскача маалымат берилет. Албетте, мындан алардын курдаш болгондугу тууралуу тыянак чыгарууга болбойт.

(Г) варианты. Көрсөтүлгөн саптарда Сагынбай менен Токтогулдун келечек-максаттары, үмүт-тилектери жөнүндө да эч кандай ой берилген эмес. Ошондуктан аларды «максатташ болгон» деп да айтууга негиз жок.

Туура жообу (Б) варианты.

**13.** Төмөндөгү ырастоолордун кайсынысы 1-үзүндүнүн 40–43-саптарында жана 2-үзүндүнүн 101–102-саптарында айтылгандарга далил боло алат?

(А) Акындык өнөр кесип тандабайт

(Б) Акындык өнөр курак тандабайт

(В) Акындык өнөр жашоо-шарт тандабайт

(Г) Акындык өнөр аймак тандабайт

Бул суроо аркылуу окуучунун эки үзүндүдөгү айтылган ойлорду салыштырып, алардан бир негизги ой тыянагын чыгара билүү жөндөмү текшерилет.

1-үзүндүдөгү «…ырларын … бала кезинде чыгарган» (42–43-саптар) жана 2-үзүндүдөгү «…акындык өнөрү он жашында байкалган» (101–102-саптар) деген сүйлөмдөр Токтогул менен Сагынбайдын акындык өнөрүнүн бала кезинде башталгандыгын далилдейт. Демек, мындан акындык өнөр жаш-куракты тандабайт деген тыянак чыгарса болот (Б). Ал эми калган жооптордун варианттарына токтолсок, берилген саптарда айтылгандардын негизинде, акындык өнөр кесипке (А), жашоо-шартка (В) жана жашаган жерге (Г) жараша болот деген жалпы ой тыянагын чыгарууга болбойт. Ошондуктан туура жообу (Б) варианты.

**14.** Өнөрдүн кайсы түрүн Токтогулга да, Сагынбайга да бирдей мүнөздүү деп айтууга болот?

(А) Төкмөлүк

(Б) Манасчылык

(В) Олуялык

(Г) Комузчулук

Бул суроонун туура жообун табуу үчүн 2 үзүндүнүн тең маанисине ой жүгүртүп көрөлү.

(Б) варианты боюнча: Токтогул Сатылганов «кыргыз элинин сыймыгы болгон улуу акын» (1-үзүндү, 1–2-саптар), «айтыш майданынын чебери» (1-үзүндү, 75-сап) болсо да, анын манасчылык өнөрү тууралуу маалымат берилбейт. Ал эми Сагынбайдын нукура манасчы болгондугун «кыргыздан мындай манасчыны эч көргөн эмесмин, жөн эле эстен тандым» деп Токтогулдун анын манасчылыгына жогору баа бергендиги (2-үзүндү, 168–171-саптар) далилдеп турат. Демек, (Б) варианты туура жооп боло албайт.

Текстте Сагынбайдын «олуя ырчы» (2-үзүндүнүн 163-сабы) экендиги айтылса да, аларга бирдей мүнөздүү олуялык сапат жөнүндө башка ой айтылбагандыктан (В) варианты да туура жооп боло албайт.

Токтогулдун «залкар комузчу» болгондугу (1-үзүндүнүн 61-сабы) белгилүү. Ал эми Сагынбайдын комузчулук өнөрү көрсөтүлбөгөндүктөн, муну да экөөнө тең бирдей таандык өнөр деп айтууга болбойт. Анда (Г) варианты да туура эмес жооп.

Эми (А) вариантынын туура жооп экендигин далилдеп көрөлү. «Нагыз акындык белги – төкмөлүк. Сагынбайды залкар атка кондурган ошол төкмөлүгү болгон» (2-үзүндү, 128–130-саптар) жана «Токтогул – өз элине жан-дили менен берилген, … көп өнөрлүү, төкмө акын» (1-үзүндү, 57–61-саптар) деген мисалдар төкмөлүк өнөр экөөнө бирдей мүнөздүү экендигин далилдей алат. Демек, биз (А) вариантын туура жооп катары кабыл алабыз.

**15.** 1-үзүндүнүн 46–56 жана 2-үзүндүнүн 112–127-саптарында эмне жөнүндө айтылган?

(А) Элдин жакырчылык оор турмушу

(Б) Акындык өнөргө болгон балалык умтулуу

(В) Элдик ишенимдердин касиеттүү күчү

(Г) Чыгармачылыкка себеп болгон жагдайлар

Коюлган суроо окуучунун үзүндүлөрдөгү ойлордон жалпы тыянак чыгара билүү жөндөмүн аныктайт. Алгач ар бир үзүндүдөгү көрсөтүлгөн саптарды окуп чыгып, алардагы ойлорду жалпылап көрөлү.

1-үзүндүдө теңсиз заманда бири эсепсиз байып, көпчүлүгү жокчулукка белчелеринен баткан турмуш, «мына ушундай тарыхый шарттар» (52-сап) Токтогулга элдин «үмүтү менен тилегин чагылдырууга түрткү бергендиги» (54–56-саптар) тууралуу айтылса, 2-үзүндүдө Сагынбайдын акын болуп калышына «түшүндө көргөн … боз чымчыктын аяны» (114–116-саптар) жана ошол түшүндө көргөн карыянын: «Эми манасчы болдуң уулум, тартынбай айтып жүр», - деп берген батасы (125–126-саптар) себепчи болгондугу жөнүндө айтылат. Бул ой (Г) вариантындагы жоопто туура берилген. Ал эми элдин жакырчылык оор турмушу (А), акындык өнөргө болгон балалык умтулуу (Б) жана элдик ишенимдердин касиеттүү күчү (В) жөнүндөгү жооптор көрсөтүлгөн саптардагы айтылган ойлорду жалпылап туюндура албайт. Демек, (А), (Б), (В) варианттардагы жооптор туура эмес.

## Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы

Тесттин бул бөлүгү азыркы учурда мектептерде окутулуп жаткан кыргыз тили курсунун талаптарына жооп берет. Бул бөлүк тестке катышуучулардын кыргыз грамматикасынын эрежелерин, терминдерди билүүсүн текшербестен, прогрессивдүү окуу практикасына таянуу менен, алардын ой жүгүртүүсү менен кеп сабаттуулугунун деңгээлин текшерет.

Тест төмөндөгүдөй жөндөмдүүлүктөрдү текшерет:

- орфографиянын эрежелерин колдоно билүү;
- сүйлөмдүн түзүлүш өзгөчөлүгүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин коё билүү;
- куранды мүчөлөр аркылуу сөздөрдү туура курай билүү;
- сүйлөмдү ылайыктуу сөздөр жана сөз түрмөктөрү менен толуктай билүү;
- сөздүн лексикалык маанисин аныктай билүү;
- сөздөрдү жана туюнтмаларды кептик нормага ылайык колдоно билүү ж.б.

Тест 35 мүнөткө созулат. Тестте 30 суроо бар. Алардын ар биринин 4 варианттан турган жооптору бар. Бир гана жооп туура экендигин унутпаңыз.

Маалымат бөлүгү

Бул бөлүктөгү материалдар Сизге кыргыз тилинин практикалык грамматикасы боюнча берилген тапшырмаларды ийгиликтүү аткарууга жардам берет.

Бул материалды окуу китеби же көрсөтмө курал катары эсептебеңиздер. Бул тестти тапшыруу үчүн жардамчы материал гана.

Бул бөлүктүн максаты – азыркы кыргыз тилинин грамматикалык көрүнүштөрүнүн жана категорияларынын спецификасын төмөнкү бөлүкчөлөр боюнча тактоо жана түшүндүрүп берүү:

- Лексика
- Морфология
- Синтаксис
- Орфография
- Пунктуация
- Кеп маданияты
- Стилистика

### Лексика

Лексика – тилдеги бардык сөздөрдүн жыйындысы. Лексика бөлүмүндөгү тапшырмалар сөздөрдүн лексикалык маанисин, стилистикалык өзгөчөлүктөрүн жана башка сөздөр менен айкашуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктай билүү жөндөмүн текшерет.

Кыргыз тилинде сөздөр көп маанилүү жана жеке маанилүү болот. Көп маанилүү сөздүн мааниси контексттин (сөз айкашы, сүйлөм же тексттин) ичинде гана белгилүү болот. Мисалы: **курч**: *курч бычак – курч мүнөз*; **жай**: *жай жүрөт – кирди жай*.

Көп маанилүү сөздөрдүн тике (түз) жана өтмө маанилери болот. Көп маанилүү сөздүн кандай мааниси тике (түз), кайсынысы өтмө мааниде экендигин контекстке карата так ажыратууга болот. Мисалы: **өрт**: *Өрттү өчүрүштү. - Өрт жүрөк адамдар арабызда көп*. **Суук**: *Суук шамал болуп жатат. – Суук кабар келиптир*.

Экинчи сүйлөмдөрдө берилген *өрт, суук* деген сөздөр өтмө мааниде колдонулду. Сөздүн өтмө мааниси анын тике маанисинин негизинде пайда болот.

Кыргыз тилинде айтылышы ар түрдүү, бирок мааниси бири-бирине жакын сөздөр бар. Алар синонимдер (маанилеш, бирдей маанидеги сөздөр) болот.

Мисалы:

*сулуу – татынакай – жакшынакай*
*мээнеткеч – эмгекчил*
*жоош – момун* ж.б.

*Ат – ысым* деген синоним сөздөрдүн экөө тең адамга карата колдонула берет. Мисалы: *Атың ким? – Ысымың ким?* Бирок адамдан башка заттардын бардыгына *ысым* колдонулбайт. Мисалы: *көчөнүн аты, айылдын аты*.

Биринин ордуна экинчиси эркин колдонула берүүчү толук синонимдер абдан аз. Мисалы, *көп, арбын, мол* деген маанилеш сөздөрдүн баары бири-бирин дайыма эле алмаштыра албайт. Мисалы: *көп түшүм, мол түшүм, арбын түшүм* деген синонимдер бири-бирин алмаштыра алса, төмөнкүдөй сөз айкаштарында *көп* деген сөздү башка синоним сөздөр менен алмаштырууга мүмкүн эмес. Мисалы: *көп балалуу, көп маанилүү сөз, көп сүйлөбө* ж.б.

Демек, синоним сөздөр бардык учурда эле бирдей же бири-бирине жакын мааниде айтыла бербейт. Биринин ордуна экинчисин колдонуунун да белгилүү бир ыгы бар. Ошондуктан аларды туура колдоно билүү керек.

Карама-каршы маанидеги сөздөр антонимдер болот. Мисалы: *алыс – жакын, аз – көп, ак – кара, ачуу– таттуу, чоң – кичине* ж.б. Булар айтылып жаткан ойду так, кыска баяндоого, же аны курчутуу, ага көркөмдүк татым берүү максатында адабий чыгармаларда, публицистикада, оозеки кепте кеңири колдонулат.

Тилибизде айтылышы бирдей, мааниси ар башка сөздөр бар. Булар омонимдер. Мисалы: *кат (жазылган кат) – кат (катып кой); ат (ысым) – ат (ок атуу) – ат (атка минүү); жаш (көздун жашы) – жаш (жаш курак, орто курак)*. Тесттеги бул темадагы тапшырмаларды аткаруу үчүн сөздүн кандай мааниде колдонулуп жатканын контексттин ичинде так ажырата билишиңиз керек.

Кыргыз тилинин сөздүк корунда даяр лексикалык каражат катары колдонулган туруктуу (калыптанып калган) сөз айкаштары бар. Мисалы: *баш көтөрүү (оорудан айыгуу, оңолуу) – баш көтөрүү (каршы чыгуу, баш ийбөө); моюн сунуу (жеңилүү, баш ийүү); суу жүрөк (коркок, жүрөгү жок)* ж.б.

Булар ой-пикирди таамай, курч жана образдуу кылып берүүдө маанилүү роль ойнойт.

**Морфология**

Морфология – сөздөрдүн өзгөрүшү жана жасалыш жолдору, сөз түркүмдөрү жөнүндөгү илим. Морфология боюнча суроолор жана тапшырмалар сөз жасоо жолу, сөз жасоочу мүчөлөрдүн маанилерин так ажыратып, сөздөрдү туура жасай билүү жөндөмүн текшерүүгө багытталган. Сөздөрдү уңгу, мүчөгө туура ажырата билишиңиз керек.

Сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык өзгөчөлүктөрүн, категорияларын билсеңер бул түрдөгү тапшырмаларды оңой эле аткара аласыңар.

Зат атоочту окуп-үйрөнүүдө төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрүн эстен чыгарбаңыздар:

1. Көптүктү билдирүүчү *-лар* мүчөсү уланбаса да кээ бир сөздөр көптүк маанини берет. Мисалы: *эл, калк, журт* ж.б.
2. Эки же андан ашык сөздөн турган энчилүү географиялык (жер-суунун аттары) аттар бириктирилип жазылат. Мисалы: *Ысыккөл, Жаңыжол, Каракол* ж.б.
3. Зат атоочтун жөндөлүшүнүн 3 тибин билишиңиз керек.

Зат атоочтун жөндөлүшү 3 топко бөлүнөт:

1. Таандык мүчө уланбаган сөздөрдүн жөндөлүшү (аягы үндүүлөр жана үнсүздөр менен бүткөн сөздөр берилет)

| | | |
|---|---|---|
| Атооч | *үй* | *короо* |
| Илик | *үйдүн* | *короонун* |
| Барыш | *үйгө* | *короого* |
| Табыш | *үйдү* | *короону* |
| Жатыш | *үйдө* | *короодо* |
| Чыгыш | *үйдөн* | *короодон* |

2. Таандык мүчө уланып турган сөздөрдүн жөндөлүшү

| | | | |
|---|---|---|---|
| Атооч | апам | көзүң | калеми |
| Илик | апамдын | көзүңдүн | калеминин |
| Барыш | апама | көзүңө | калемине |
| Табыш | апамды | көзүңдү | калемин |
| Жатыш | апамда | көзүңдө | калеминде |
| Чыгыш | апамдан | көзүңдөн | калеминен |

3. Аягы *–ск, -нк, -фть, -кт, -нг, -нд, -мн* менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү

| | |
|---|---|
| Атооч | Минск |
| Илик | Минскинин |
| Барыш | Минскиге |
| Табыш | Минскини |
| Жатыш | Минскиге |
| Чыгыш | Минскиден (Минсктен) |

4. Зат атоочтон зат атоочту жасоочу *–чы* мүчөсү менен өтүнүчтү билдирүүчү -чы мүчөсү бар экенин эсибизден чыгарбайлы. Мисалы: *малчы, өтүкчү, катчы* ж.б.; *берчи, күлчү, алчы* ж.б.

Сын атооч жана анын грамматикалык өзгөчөлүктөрү боюнча тапшырмаларды аткарууда анализди сөздөрдүн берген маанисине карап, кайсы сөз түркүмү менен байланышта келгенине жараша этияттык менен жүргүзүү керек.

1. Сын атоочтор даражалар боюнча өзгөрөт. Тактоочтордун да даража категориясы бар экенин эстен чыгарбаңыздар. Сөздөр жай, салыштырма, күчөтмө, басаңдатма даражада турушу мүмкүн. Мисалы: *Кенен бөлмөдө отуруп сүйлөштүк. Биз андан кененирээк бөлмө издеп коридорго чыктык* (салыштырма даража). *Ал мага караганда тезирээк басты* (тактооч, салыштырма даража).

Салыштырыңыз: сын атооч заттын белгисин көрсөтсө, тактооч кыймыл аракеттин (этиштин) кырдаалын көрсөттү.

2. Сын атоочтор заттык мааниде колдонулушу мүмкүн. Мисалы: *Жакшы (адам) эл камын ойлойт, жаман (адам) өз камын ойлойт. Акылдуунун (акылдуу адамдын) сөзү кыска, айта салса нуска. (Макал)*

Ат атоочтордун кээ бир түрлөрү сүйлөмдүн ичинде колдонулганда өзгөчө көңүл бөлүүнү талап кылат. Мисалы, *кай бир, кайсы бир, кимдир бирөө* деген белгисиз ат атоочтор маанилеш болуу менен контексттин ичинде түрдүү мааниге ээ болушу да мүмкүн.

1. *Кай бири муну жактырбады. Кимдир бирөө муну жактырбады.*
2. *Кай бири кирип келе жатышты. Кимдир бирөө кирип келе жатты.*

Биринчи эки мисалда экөө тең «кээ бирөө» деген мааниде колдонулса, экинчи эки сүйлөмдүн биринчисинде «кай бири» «кээ бирөө» деген мааниде келсе, экинчисинде «кимдир бирөө» көптүн ичинен бирөө кирип келе жатканын туюндурду.

*Мен, сен, ал* деген жактама ат атоочтордун жөндөлүш өзгөчөлүктөрүн билүү да сиздерге чоң пайда алып келерин эстен чыгарбаңыз.

Этиштер көптөгөн грамматикалык мааниге ээ. Түрдүү формадагы этиштерди сүйлөм курулушунда туура колдонуу өзгөчө жөндөмдү, тилди туюп билүүнү талап кылат.

Этиштер боюнча тапшырмаларды аткарууда кыймыл-аракет ким тарабынан, кайсы учурда, кандай шартта аткарылып жатканын ажырата билүү маанилүү. Мисалы: *1. Китеп окулду* менен *2. Китеп окутулду* деген сүйлөмдөрдүн кандай айырмасы бар? Биринчисинде кыймыл-аракет ким тарабынан аткарылганы белгисиз, аракет өзүнөн-өзү болгондой сезилип турса, экинчисинде кыймыл-аракет башка биринин жардамы менен ишке ашканы көрүнүп турат. Ошондой эле *1. Айгүл менен апасы кир жуушту. 2. Айгүл апасына кир жуушту* деген мисалдардагы этиш сөздөрдө кандай маанилер жатканын да так билүү тапшырмаларды аткарууда чоң көмөк болот. Биринчисинде кыймыл-аракеттин биргелешип аткарылганы көрсөтүлсө, экинчисинде жардамдашуу мааниси бар.

Этиштин өзгөчө формасы болгон чакчылды жасоочу *–ганы, -гыча* мүчөлөрү түрдүү маанидеги сөздөрдү жасайт.

Мисалы:

*Китеп алганы дүкөнгө барды.* (максат)
*Акча алганы үйгө жолобой койду.* (убакыт, мезгил)
*Ага бергиче, мага бер.* (шарт)
*Ал келгиче күтүп турдук.* (мезгил)

Тестте кызматчы сөздөрдүн (байламталар, жандоочтор, бөлүкчөлөр, модалдык сөздөр) маанилерин жана аткарган кызматын түшүнө билүү жөндөмүн текшерген тапшырмалар болушу мүмкүн.

Бири-бирине синонимдеш байламталар (*анткени менен, ошентсе да, менен, жана, же, же болбосо, ошондуктан, ошол себептүү* ж.б.), жандоочтор (*карай, көздөй, тууралуу, жөнүндө* ж.б.), бөлүкчөлөр

(*да, дагы, деле, гана, эле*) бар. Аларды маанисине жараша сүйлөм ичинде туура пайдалана билүү менен жайгаштыра алуубуз керек.

Мисалы: *Асандын иши көп, анткени менен бизди да унутпайт*.

Алды сызылган кызматчы сөздөрдү «ошентсе да», «дагы» деген сөздөр менен алмаштырсак, сүйлөмдүн мааниси өзгөрүүсүз калат.

Айтылуучу ой-пикирди ырастоо, кубаттоо маанисиндеги модалдык сөздөр (*албетте, сөзсүз, арийне, шексиз* ж.б.); айтылуучу ой-пикирге күнөм саноо, болжолдоо, ишене бербөө маанисиндеги модалдык сөздөр (*балким, болжолу, чамасы, сыягы, мүмкүн* ж.б.) бар. Буларды да маанисине жараша сүйлөм ичинде туура пайдалана билүү керек.

## Синтаксис

Сүйлөмдүн түрлөрүн, сөз айкаштарынын түзүлүшүн жана алардын тутумундагы сөздөрдүн өз ара байланышуу эрежелерин үйрөтүүчү грамматиканын бир бөлүгү. Синтаксис (грек. syntaxis) «түзүү» деген сөздү билдирет. Синтаксис адамдын ой-пикирин кураштыруучу каражат – грамматиканын туруктуу бөлүгү. Синтаксис «сөз айкашы» жана «сүйлөм» деген эки бөлүмдөн турат.

Сөз айкашы – толук маани берген эки же андан ашык сөздүн айкашынан түзүлүп, түшүнүктүн ортосундагы ар түрдүү мамилени билдирет. Мисалы, *салкын жел, жаңы китеп, кооз имарат*.

Сөз айкаштары багындыруучу негизги сөзгө анын маанисин айкындап туруучу багыныңкы сөздүн кошулуп айтылышы аркылуу түзүлөт: *кооз имарат* (*кооз* – багыныңкы сөз, *имарат* – багындыруучу сөз), *жазгы суук* (*жазгы* – багыныңкы сөз, *суук* – багындыруучу сөз).

Сөз айкашы атоочтук жана этиштик болуп экиге бөлүнөт. Мисалы: *алманын гүлү, сыйлыкка татыктуу, аттуудан алты, атасынын сөзү, көрөгөч киши* ж.б. Бул сөз айкаштары зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, тактоочтордон турат.

Этиштик сөз айкашы: *тез иштөө, шашып сүйлөө, кызуу уктоо, эки сүйлөө, жалт кароо, бакка чыгуу* ж.б. Этиштик сөз айкаштарда багындыруучу түгөйү этиш сөздөрдөн болот. Мисалы: *тез иштөө, мурун баруу* (тактоочтук айкаштар); *жакшы иштөө, кызуу уктоо* (сын атоочтук айкаштар); *эки келүү, биринчи жолугушуу* (сан атоочтук айкаштар); *жалт кароо, бырс күлүү* (тууранды сөздөрдүн айкашы); *аны көрүү, ага баруу* (ат атоочтордун айкашы).

Сүйлөм – биздин речибиздин эң майда бөлүгү. Сүйлөмдөгү сөздөр бири-бири менен өз ара грамматикалык байланышта турса гана айтылуучу ойду так түшүндүрө алат (К. Дыйканов). Сүйлөмдөр интонациялык маанисине жана грамматикалык түзүлүшүнө жараша ар түрдүү болушат.

*Күз. Күн кыскарды. Жалбырактар саргая баштаашты. Табигаттын сулуулугу кимди суктандырбайт!* Бул сүйлөмдөр бир же бир нече сөздөрдөн туруп, бүткөн бир айрым ойду билдирет. Ошондой эле синтаксис сүйлөмдүн түрлөрүн үйрөтөт.

1. Жөнөкөй сүйлөм – турмуштагы окуяларга, көрүнүштөргө жана башка нерселерге байланыштуу айтылып жаткан ойдон кабар берүү максатында колдонулган ар кыл түзүлүштөгү тыянактуу сүйлөмдөр. Мисалы: *Жаз келди. Жамгыр жаады. Жер көгөрдү*. Бул сүйлөмдөрдү бөлүп, дагы сүйлөм түзүүгө болбойт.
2. Татаал сүйлөм – маани жагынан өз ара байланыштуу келген эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдөр грамматикалык жактан бири-бири менен өз ара тутумдашып, бирдиктүү бир татаал ойдон кабар билдирет. Татаал сүйлөмдөр төмөнкүдөй жолдор менен түзүлөт:
   - Байламталардын жардамы менен: *Адамдар элдин ортосундагы достукту чыңдоого, өнүктүрүүгө чакырылган, ал эми элдердин достугу – биздин көп улуттуу мамлекетибиздин эң сонун жеңиштеринин бири.*
   - Интонация аркылуу (кызматчы сөздөрсүз): *Эмгектин наны таттуу, жалкоонун жаны таттуу*.
   - Жандоочтор аркылуу: *Күн батып, күүгүм кирген сайын, ал корко баштады*.
   - Сөз мүчөлөрү аркылуу: *Күн батып, күүгүм кирип келгендиктен, айлана көрүнбөй калды*.
   - Мезгилди билдирген сөздөрдүн жардамы аркылуу: *Таң аткан убакта, шаарга жеттик.*

Сүйлөмдөрдү түзүүдө калыптанган синтаксистик нормаларды эске алуу керек.

## Пунктуация

Пунктуация – (лат. punctum – чекит) 1. Тыныш белгилери жөнүндөгү илим; 2. Тыныш белгилердин эрежелерин туура колдонуу деген сөз.

Тыныш белгилерди туура колдонууда негизинен 3 принципке таянабыз:

1. тилдин грамматикалык түзүлүшүнө;
2. сүйлөмдүн маанисине;
3. кептин (речтин) интонациясына.

Белгилүү бир сүйлөмдүн тыныш белгиси ошол сүйлөмдүн түзүлүшүнө, синтаксистик эрежелерге байланыштуу коюлат. Булар жазылгандарды тез окуп, жеңил кабыл алууну камсыз кылат.

Сүйлөп жатканда белгилүү жерлерге тыным жасалат, ички сезимдер ар кандай интонациялар аркылуу билдирилет. Ал эми жазууда булар тиешелүү тыныш белгилерин талап кылат. Жай, суроолуу жана күчтүү сезим менен айтылган сүйлөмдөрдүн аягына коюлуучу белгилер ой-пикирдин маанисине шайкеш келгенде коюлат. Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн тыныш белгиси да интонацияга байланыштуу колдонулат.

Мисалы:

1. *Көптөн бери Айжан тентек, Зарыл үчүн күйүп-бышып жүрөт.*
2. *Көптөн бери Айжан, тентек Зарыл үчүн күйүп-бышып жүрөт.*

Берилген сүйлөмдө (Айжан тентекпи же Зарыл тентекпи?) маанисин туура ажырата билиш үчүн тыныш белги коюлушу керек. Күйүп-бышып жүрөт ким? Айжан. Ким үчүн? Тентек Зарыл үчүн. Ошентип, 2-сүйлөмдө тыныш белгиси туура коюлган.

*Балдар көңүл буруп уккула! Балдар көңүл буруп угушту.*

Жогоруда берилген сүйлөмдөргө тыныш белгилерин туура коюуш үчүн, албетте, сүйлөмдүн маанисин түшүнүү керек.

*Балдар, көңүл буруп уккула!*

*Балдар* деген сөз каратма сөз, б.а. угуучунун көңүлүн буруу максатында колдонулду. Ошондуктан бул сөздөн кийин үтүр коюлду.

Ал эми кийинки сүйлөмдө (*Балдар көңүл буруп угушту)* жайынча гана балдардын көңүл буруп угушкандыгы баяндалды, сүйлөмдүн аягына чекит белгиси коюлду.

*Аяндын апасы Айжан. Аяндын апасы Айжанбы.*

Бул сүйлөмдөргө тыныш белгисин туура коюш үчүн сүйлөмдүн баш мүчөлөрү жөнүндө маалыматыбыз болушу керек. Биринчи сүйлөмдү алып көрөлү.

*Аяндын апасы – Айжан.*

Сүйлөмдүн ээси – *апасы*, баяндоочу – *Айжан*. Экөө тең ким? деген суроого жооп берип, атооч жөндөмөсүндө турат. Сүйлөмдүн баяндоочу атооч жөндөмөсүндөгү зат атоочтон болгондуктан, жазууда баш мүчөлөрдүн ортосуна <u>сызыкча</u> коюлат.

Экинчи сүйлөмгө көңүл бурсак.

*Аяндын апасы Айжанбы?*

Бул сүйлөмдө ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкча коюлбайт, себеби *Айжан* деген баяндоочко суроону туюндуруучу *–бы* мүчөсү уланды. Заттык маанидеги баяндоочко жак, күдүк жана суроо мүчөлөрү уланса, же кызматчы сөздөр айкашып турса, баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкча коюлбайт.

*Оо… «тил» кармап келген турбайсызбы? Ошондой бир беттешүүдө байкең Сергей экөөбүз бир танканы өрттөп, ашык эмес, кем эмес жыйырма фрицти «бейишке» жөнөттүк* (Т. С.).

Мында *«тил», «бейишке»* деген сөздөрдүн тырмакчага алынышынын себеби, бул сөздөр накта өз маанисинде эмес, өтмө маанисинде колдонулду.

Суроо, илеп, көп чекит, үтүр белгилери сызыкча менен катар келсе, сызыкча ар дайым алардан кийин коюлат. Мисалы:

*– Жеңе, мен эми анык кеттим, – деди Чаргын* (Т. С.).

Көп чекит, суроо, илеп белгилери тырмакча менен катар келсе, алар тырмакчадан мурда коюлат да, андан кийин тырмакча жабылат:

*«Качантан бери сен минтип иш билгенди киши баалаганды билип жүрөсүң?» - деди Үкөбай ат үстүнөн* (К. Б.).

**Орфография**

Кээ бир тыбыштардын угулушу менен жазылышындагы айырмачылыктарды ажырата билүү керек. Жазуу эрежелери талап кылган нормада гана жазуу керек. Мисалы, *сөссүз* деп айтылат, ал эми жазууда эреже боюнча *сөзсүз* деп жазылышы керек. Аягы *з* тыбышы менен бүткөн сөзгө *с, ч* тыбыштары менен башталган мүчө жалганса, сөздүн угулушундай жазылышына жол берилбейт: *тоссо* эмес, *тозсо*; *асчылык* эмес, *азчылык* ж.б.

Аягы *ч* тыбышы менен бүткөн сөзгө *с, ч, т* тыбыштарынан башталган мүчө жалганса, *ч* тыбышы *ш* тыбышына өтүп айтылса да, жазууда: *ушсуз* эмес, *учсуз*; *кашты* эмес, *качты* ж.б.

Баш тамгаларынан кыскартылган татаал сөздөр баш тамга менен жазылып, мүчө уланганда, кыскартылган сөздүн айтылышына ылайык мүчө кичине тамга менен жазылат: *БУУ*<u>*га*</u> (Бириккен улуттар уюму<u>на</u>), *КУУ*<u>*нун*</u> (Кыргыз улуттук университети<u>нин</u>).

Түгөйлөрү маанилик касиеттерин толук сактаганы менен эркин сөз айкашынан айырмаланып, лексикалашып кеткен (эки, үч сөз биригип, бир маани туюнтуп калган) кошмок сөздөр бирге жазылат: *көзайнек, алпкаракуш, аксарбашыл, ташбака, козукарын, ачкөз, арыкчырай, алагүү, тогузкат, араңжан, колжазма, басмасөз, көзкараш, колбашчы, көзкарандысыз, аккөңүл.*

Түгөйлөрүнүн алгачкы лексикалык мааниси сакталып, толук лексикалашпаган төмөнкүдөй кошмок сөздөр айрым жазылат: *беш күндүк, эгин талаасы, алтын кашык, алтын саат, башкы редактор, бүткүл дүйнөлүк, айылдык кеңеш, ойлоп табуучу, ат сарай* ж.б.

Татаал этиштин ар бир түгөйү айрым жазылат: *чуркап кел, жүгүрүп чык, отура тур, уктап ал*, ж.б.

**Эскертүү**: **1.** *Жат* деген жардамчы этиш кыскарып, *ат* болуп айтылса, ал негизги этишке уланып, угулушунча жазылат: *иштебатат, баратат, келетат, алпаратат* ж.б. **2.** Төмөнкү татаал этиштердин толук түрүнө да, кыскартылган түрүнө да жазууда жол берилет: *алып бар – алпар; алып кел – апкел, алып бер – алпер* ж.б.

Зат атооч менен этиштен, тактооч менен этиштен куралган кошмок сөздөр да айрым жазылат: *жардам кыл, кол шилте, баш ийдир, баш тарт, азап чек, өч ал, таасир эт, өмүр сүр, өйдө бас, төмөн түш* ж.б.

Туруктуу сөз айкашынын (фразеологизм) ар бир сөзү бөлөк жазылат: *тили буудай кууруган, кара кылды как жарган, колтугуна суу бүркүү* ж.б.

Тууранды, сырдык, модал сөздөр, байламта, жандооч, бөлүкчөлөр толук маанилүү сөздөр менен тизмектешип айтылганда, алардын ар бири бөлөк-бөлөк жазылат: *өтө кооз, ого бетер, сен го, эң сонун, адам сымал, ага сөрөй, чогулуштан кийин, ар ким, эч жерде, кимдир бирөө, эч качан*, ж.б.

Адам аттарына *–лык, -чыл, -изм* мүчөлөрү уланганда, алар жалпы ат катары колдонулат да, кичине тамга менен жазылат: *марксизм, манасчы, лениндик, гегелчил.*

Географиялык татаал энчилүү аттар бириктирилип, айтылышы боюнча жазылат: *Ысыккөл, Жалалабат, Акталаа, Чоңалай, Атбашы* ж.б.

Географиялык энчилүү аттарга ошол жердик экендигин туюнтуучу *–лык* мүчөсү уланып айтылса, ал сөз кичине тамга менен жазылат: *Алай – алайлык, Ысыккөл - ысыккөлдүк, Нарын – нарындык* ж.б.

Мамлекет, мамлекеттин жогорку органдардын бардык сөзү баш тамга менен башталып, айрым-айрым жазылат: *Кыргыз Республика, Россия Федерациясы, Кыргыз Республиканын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү* ж.б.

Мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекеме, ишкана, коом, фонд, уюмдардын аталыштарынын биринчи сөзү баш тамга менен башталып, калгандары кичине тамга менен айрым-айрым жазылат: *Билим жана маданият министрлиги, Майып балдарды колдоо фонду, Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия* ж.б.

Сөздөр бир саптан экинчи сапка муунга бөлүнүү тартиби боюнча ташылат: *ки-теп, бо-ёк, то-ют*.

Созулма үндүү бир гана муун түзгөндүктөн, созулманы бири-биринен ажыратып ташымалдоого болбойт: *то-олордо* эмес, *тоо-лор-до*; *бекину-үчү* эмес, *бекинүү-чү* ж.б.

Бир муундан турган сөздөрдү бөлүктөргө ажыратып ташууга болбойт: *жол, ар, эл, тан, таан, суук* ж.б.

Эки муундан турган айрым сөздөрдү да ташымалдоого болбойт: *э-не* эмес, *эне* ж.б.

Үндүү тыбыштардын арасына келген окшош эки үнсүз тыбышты бири-биринен ажыратып ташуу керек: *та-ккан* эмес, *так-кан*; *кана-ттуу* эмес, *канат-туу*; ж.б.

Орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден кирген айрым сөздөр кыргыз тилиндеги айтылышына ылайык фонетикалык түрү өзгөрүп (акыркы тыбышы түшүрүлүп же ага башка тыбыш кошулуп, же акыркы тыбыштын ордуна башка тыбыш колдонулуп) жазылышына жол берилет: *сутки* эмес, *сутка*; *танк* эмес, *танка*; *Минск* эмес, *Мински*; ж.б.

**Кеп маданияты**

Кеп маданияты – айтылып жаткан кепте, адабий тилдин сөз байлыгынын молдугун туура, таза, так, түшүнүктүү жана ырааттуу колдонуу жөнүндө, тил илиминин бир бөлүгү.

Тестте кырдаалдык шартка жараша сөз тандап, кептин өзөгүн түзө билүүсүн, эки маани бере турган сүйлөмдөрдү, мааниси жок кайталанма сөздөрдү, түшүнүксүз, оор жана башка тилдеги сөздөрдү кошпой, сөз байлыгы аз, «чолок» сүйлөмдөрдү аралаштырбай, калыпка салынган адабий тилде сөздөрдү туура пайдалана, түзө билүү жөндөмдүлүгүн текшерет.

Мисалы:

*- Айбек, сен билбейсиңби Айнур шаарга кетиптирби?*
*- Таң.*
Мында *таң* деген жооп «билбейм», балким «кеткендир» деген сөздөрдү билдирет.

**Стилистика**

Стилистика жалпы элдик тилдин табияты, түрлөрү жөнүндөгү окуу, оозеки жана жазма кепке мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү ичине камтыйт.

Стилистика – тилдеги көрүнүштөрдү мааниси жана көркөмдүгү жагынан кылдат карап, ой-пикирди даана, так, көрктүү кылып берүүгө, сөздөрдү өз орду менен маанисине жараша бузбай, сөз айкалыштарын туура колдонууга үйрөтөт.

Тилдик каражаттардын тандалып алынышы мазмунга, максатка, кимге багышталып жатканына, кептин түрүнө (жазма же оозеки), ошондой эле пикир алмашылып жаткан шарттар менен кырдаалдарга байланыштуу болот. Стилдин төмөнкүдөй түрлөрү бар:

1. Оозеки (сүйлөшүү) кептин стили
2. Иш кагаздарынын стили
3. Илимий стиль
4. Көркөм стиль
5. Публицистикалык стиль

Оозеки кепте адабий тилдин нормасынан четтеп, диалектилер, жаргондор, турмуш-тиричиликке байланышкан экспрессивдүү лексика көбүрөөк колдонулат. Ошондой эле фразеологиялык бирдиктер, диалогдук форма, сырдык жана тууранды сөздөр пайдаланылат.

Иш кагаздарынын стилиндеги: *Мен Кулалиев Арсен Жумабекович 1990-жылы Жайыл районуна караштуу Жанарык айылында туулганмын.* – деген сүйлөмдү жазуучу көркөм стилде төмөнкүчө бериши мүмкүн: *Кулалиев Арсен Жумабекович эстен кеткис 1990-жылдын жаз мезгилинде баатыр Жайылдын жериндеги бак-дарактуу Жанарык деген айылда жарык дүйнөгө келген.*

Илимий стилде илим менен техниканын тармактарынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу терминдердин колдонулушу басымдуулук кылса, публицистикада учурдагы коомдук турмуштун актуалдуу маселелери менен көрүнүштөрү жөнүндөгү маалымат камтылат. Бул стилде коомдук-саясий лексика колдонулуп, түшүнүүгө жеңил, окууга кызыктуу көркөм, курч сөз каражаттары пайдаланылат.

Стилдерди кыска берилген мисалдардан ажырата билүү керек.

## Тесттеги тапшырмалардан мисалдар

**1.** Туура жазылган айтылуу элдик ысымды белгилеңиз:

(А) Шабдан-Баатыр
(Б) Шабдан-баатыр
(В) Шабдан баатыр
(Г) Шабдан Баатыр

**2.** *Минск…, факт…, нефть…*

Жогорку сөздөрдөгү чекиттин ордуна кайсы катардагы мүчөлөрдү ыраатгуу түрдө улап жазсак, туура болот?

(А) -иге, -ыга, -ке
(Б) -ге, -га, -ге
(В) -ке, -га, -ке
(Г) -иге, -ыга, -иге

**3.**
I. Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясы
II. Кыргыз республикасынын Башкы прокурору
III. Кыргыз билим берүү институту
IV. Кыргыз Теле-Радио корпорациясы

Жогорку аталыштардын кайсынысы туура жазылган?

(А) I, II, III гана
(Б) IV гана
(В) I, II гана
(Г) III гана

**4.** Кайсы катардагы сүйлөмдөрдө тыныш белгилери туура коюлган?

(А) Кап, автобус кетип калды. Эртерээк келгенинде…
(Б) Кап. Автобус кетип калды. Эртерээк келгенинде.
(В) Кап, автобус кетип калды… Эртерээк келгенинде.
(Г) Кап, автобус кетип калды! Эртерээк келгенинде?

**5.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү асты сызылган сөздүн кайсынысы *бала* деген сөзгө маанилеш?

(А) Болор бала он бешинде баш.
(Б) Ал баш бербей калды.
(В) Аш бергенче баш берсин.
(Г) Мени баш кылып жөнөттү.

**6.** *…, талкууга катышкан ар бир адам өз оюн айтууга акылуу.*

Айтылган ойду ырастоо үчүн көп чекиттин ордуна кайсы сөздү коюу керек?

(А) Балким
(Б) Болжолу
(В) Албетте
(Г) Мүмкүн

**7.** *Кырк жылга чамалаш чыгармачылык өмүрүндө Алым Ашыров далай өнөр дабанын ашып, көптөгөн жаш таланттарды телчиктирип койду.*

Берилген сүйлөм адабий тилдин кайсы стилине мүнөздүү?

(А) Публицистикалык
(Б) Илимий
(В) Көркөм
(Г) Иш кагаздар

**8.** *ойно*

Жогорудагы сөз кайсы мүчөнүн жардамы менен жасалган?

(А) –ло
(Б) –на
(В) –о
(Г) –ла

**9.** *-лар* мүчөсүнүн жардамысыз көптүк маанини билдирген сөздөрдүн катарын табыңыз.

(А) акча, эшик, ай
(Б) сан, мол, бал
(В) чөп, эгин, мал
(Г) жаан, ич, бала

**10.** *Досум бул жерден ________ кеткен.*

Сүйлөмдөгү бош орунга кайсы катардагы сөздөрдүн ар бирин койсок, сүйлөмдүн мааниси туура болот?

I. кечээ, эртең, мурдагүнү
II. азыр, бүрсүгүнү, бүгүн
III. эчак, жана, капкачан
IV. түнү, быйыл, эртең менен

(А) II, IV гана
(Б) I, III гана
(В) II, I гана
(Г) III, IV гана

**11.** *Тий, тий десе, тийбейт,*
*Тийбе, тийбе десе, тиет.*

Бул сүйлөм канча жөнөкөй сүйлөмдөрдөн турат?

(А) төрт
(Б) үч
(В) бир
(Г) эки

**12.** Төмөндөгү асты сызылган сөздөрдүн кайсылары сүйлөмдө бирдей кызмат аткарышат?

I. <u>Жаманга</u> чөп илешет, <u>жакшыга</u> көз илешет.
II. Чарба иштерин <u>уюштурууда</u> жакшы иштер башталды.
III. Осмон – айылдын <u>сакалдуусу</u>.
IV. Көргөзмөгө <u>эски</u> улуттук буюмдар коюлду.

(А) I, II гана
(Б) II, IV гана
(В) III, IV гана
(Г) I, II гана

## Грамматика боюнча тест тапшырмаларынын үлгүлөрү жана түшүндүрмөлөрү

**1.** Туура жазылган айтылуу элдик ысымды белгилеңиз:

(А) Шабдан-Баатыр
(Б) Шабдан-баатыр
(В) Шабдан баатыр
(Г) Шабдан Баатыр

Бул тапшырманын негизин энчилүү аттардын туура жазылышы түзөт. Бул тапшырманын (А) варианты туура эмес. Биринчиден, «Баатыр» деген сөз энчилүү ат эмес. Экинчиден кош сөздөрдүн ортосуна гана дефис коюлат. (Б) варианты туура эмес, себеби кош сөз катары берилген. (В) варианты туура. «Баатыр» деген сөз жалпы ат, кичинекей тамга менен жазылат. (Г) варианты туура эмес. Адамга тиешелүү өзгөчөлүктү билдирген ылакап аттардын гана ар бири баш тамга менен башталып, айрым-айрым жазылышына да жол берилет (Мисалы: Кыз Сайкал, Тоголок Молдо ж.б.)

Туура жообу (В).

**2.** *Минск…, факт…, нефть…*

Жогорку сөздөрдөгү чекиттин ордуна кайсы катардагы мүчөлөрдү ырааттуу түрдө улап жазсак, туура болот?

(А) -иге, -ыга, -ке
(Б) -ге, -га, -ге
(В) -ке, -га, -ке
(Г) -иге, -ыга, -иге

Чет тилден кирген сөздөрдү кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин нормаларында жаза берүү бул тапшырманын негизи. Бул тапшырманын (Г) варианты туура. Себеби табыштык айкалышы, муун түзүлүшү жагынан туура келбеген чет тилден кирген сөздөргө бир үндүү тыбыштын кошулушу эне тилдей көрк берет. Жазууда да жол берилет. (А), (Б), (В) варианттары бул эрежеге толук жооп бербейт.

Туура жообу (Г).

**3.**

I. Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясы
II. Кыргыз республикасынын Башкы прокурору
III. Кыргыз билим берүү институту
IV. Кыргыз Теле-Радио корпорациясы

Жогорку аталыштардын кайсынысы туура жазылган?

(А) I, II, III гана
(Б) IV гана
(В) I, II гана
(Г) III гана

Бул тапшырма энчилүү аттарды туура жаза билүүнү текшерет. Бул тапшырманын (Г) варианты туура, себеби мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекеме, ишкана, коом, фонд, уюмдардын аталышынын биринчи сөзү баш тамга менен башталып, калгандары кичине тамга менен айрым-айрым жазылат.

(А) варианттагы I, II жооптор туура эмес, себеби мамлекет, мамлекеттик жогорку органдардын гана бардык сөзү баш тамга менен башталып, айрым-айрым жазылат. Илимдер академиясы мамлекеттик жогорку орган эмес.

(Б), (В) варианттардын жооптору да бул эрежеге дал келбейт.

Туура жообу (Г).

**4.** Кайсы катардагы сүйлөмдөрдө тыныш белгилери туура коюлган?

(А) Кап, автобус кетип калды. Эртерээк келгенинде…
(Б) Кап. Автобус кетип калды. Эртерээк келгенинде.
(В) Кап, автобус кетип калды… Эртерээк келгенинде.
(Г) Кап, автобус кетип калды! Эртерээк келгенинде?

Бул тапшырмада сүйлөмгө коюлуучу тыныш белгилер, ошону менен бирге сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн тыныш белгилерин коюну ажырата билүүнү текшерет.

(А) варианты туура. «Кап» деген сырдык сөз болгондуктан, сүйлөмгө мүчө боло албайт да үтүр менен ажыратылат. Экинчи сүйлөмдө ойдун аягы айтылбай калгандыктан көп чекит коюлду. Бүткөн бир ойду билдирген сүйлөмдүн аягына гана чекит коюлат.

(Б) вариантында «Кап» деген сырдык сөз, бүткөн бир ойду билдире албайт.

(В) - бүткөн бир ойду билдиргендиктен көп чекит эмес, чекит белгиси коюлат.

(Г) – бул сүйлөм күчтүү сезим менен айтылган жок, ошондуктан илеп белгиси эмес, чекит коюлат.

**5.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү асты сызылган сөздүн кайсынысы *бала* деген сөзгө маанилеш?

(А) Болор бала он бешинде баш.
(Б) Ал баш бербей калды.
(В) Аш бергенче баш берсин.
(Г) Мени баш кылып жөнөттү.

Бул суроо көп маанилүү жана айтылышы бирдей, бирок маанилери ар башка сөздөрдүн маанилерин бири-биринен так ажыратып, аларды турмушта туура, орундуу пайдалана билүү жөндөмүн текшерет.

Суроону кунт коюп окуп чыгабыз. Жооптордогу *баш* сөзү контексттин ичинде кандай мааниде колдонулганын аныктайбыз. Эгерде Сиз (А), (Г) варианттарын тандап алсаңыз, *баш* сөзү «жетекчи», «башчы» маанисин туюндуруп калат.

Ал эми (Б) вариантында ал өзүнөн кийинки сөз менен айкаша келип, «тил албоо» деген маанини билдирет. Демек, туура жообу (В) болуп саналат.

**6.** *..., талкууга катышкан ар бир адам өз оюн айтууга акылуу.*

Айтылган ойду ырастоо үчүн көп чекиттин ордуна кайсы сөздү коюу керек?

(А) Балким
(Б) Болжолу
(В) Албетте
(Г) Мүмкүн

Тесттеги мындай түрдөгү суроолор кызматчы сөздөрдүн маанилерин жана кызматын түшүнө билүү жөндөмүн текшерет. Айрым сөздөрү калтырылып кеткен мындай сүйлөмдөр суроолордон мурда берилет.

Берилген сүйлөмдү окуңуз, андан соң берилген суроого көңүл буруңуз. Бош орунга туура келчү сөздү эмес, ырастоо маанисинде келген сөздү коюш керектиги талап кылынууда.

(А) жана (Б) вариантындагы сөздөр божомолдоо маанисин берсе, (Г) вариантындагы сөз мүмкүнчүлүктү билдирет. Ал эми бизге ырастоо маанисин туюнткан сөз керек. Демек, туура жообу (В) варианты болуп саналат.

**7.** *Кырк жылга чамалаш чыгармачылык өмүрүндө Алым Ашыров далай өнөр дабанын ашып, көптөгөн жаш талант-тарды телчиктирип койду.*

Берилген сүйлөм адабий тилдин кайсы стилине мүнөздүү?

(А) Публицистикалык
(Б) Илимий
(В) Көркөм
(Г) Иш кагаздар

Эгерде (Б) жана (Г) варианттарын туура деп эсептесеңиз, анда бул мисалда илимий жана иш кагаздарынын стилине таандык тил каражаттарын учурата албайсыз. Илимий стилде көбүнчө терминдер пайдаланылса, иш кагаздарындагы сүйлөмдөр бир калыпка салынган, ашыкча түшүндүрмөлөрсүз болот.

(В) варианты болгон көркөм стилдин өзгөчөлүктөрү бул контексттен байкалбайт. Көркөм стилде өтмө маанидеги сөздөр, экспрессивдүү, эмоционалдуу лексика колдонулат. Демек, бул сүйлөм өзүнүн мазмуну жана тил каражаттары боюнча публицистикалык стилге жатат.

Туура жообу (А).

**8.** *ойно*

Жогорудагы сөз кайсы мүчөнүн жардамы менен жасалган?

(А) –ло
(Б) –на
(В) –о
(Г) –ла

Мында сөздөрдү муунга ажыратуу (*ой-но*) менен уңгу, мүчөгө ажыратуу (*оюн+ла*) бири-бирине дал келбей турганын эске алуу зарыл. Эгерде биз (Б) вариантын тандасак (-на мүчөсү) анда сөздүн биринчи мууну таптакыр бөлөк маанини туюндуруп калат да, андан куралган сөз эч кандай маанини билдире албай калат. Ошондуктан, суроого туура жооп берүү үчүн берилген сөздү уңгу, мүчөгө туура ажырата билүү керек. *Ойно – оюн+ла.*

Туура жообу (Г).

**9.** *-лар* мүчөсүнүн жардамысыз көптүк маанини билдирген сөздөрдүн катарын табыңыз.

(А) акча, эшик, ай
(Б) сан, мол, бал
(В) чөп, эгин, мал
(Г) жаан, ич, бала

Берилген сөздөрдү кунт коюп окуп чыгыңыз. Бир вариантта үч сөз берилди, булардын экөө көптүк маанини билдирип, бири гана көптүк маанини билдирбеген сөз болсо, демек, бул вариант туура жооп боло албайт. Ошондуктан ар бир сөздүн маанисин түшүнө билүүгө аракеттениңиз.

(А) вариантындагы *ай* сөзүндө көптүк маани жок, ага *–лар* мүчөсүн улоо аркылуу (*ай+лар=айлар*) көптүктү билдирүүчү сөздү жасай алабыз. Демек, бул вариант туура эмес.

(Б) вариантындагы *сан* деген сөз көптүк түрдө *сандар* болуп колдонулат. *–лар* мүчөсү уланбаганда көптүк маанини билдире албайт. Демек, бул вариант да туура эмес.

(Г) вариантында *бала* деген сөз *–лар* мүчөсү уланбаса, көптүк маанини билдирбейт. Демек, бул жооп да туура эмес.

(В) вариантындагы сөздөргө *–лар* мүчөсү уланбаса да, көптүк маанини билдирерин баамдасак болот. Анткени, биз «бир *чөп* чаптым», «эки *эгин* алдым», «үч *мал* кайтардым» деп эч убакта айтпайбыз. Демек, туура жообу (В).

**10.** *Досум бул жерден ________ кеткен.*

Сүйлөмдөгү бош орунга кайсы катардагы сөздөрдүн ар бирин койсок, сүйлөмдүн мааниси туура болот?

I. кечээ, эртең, мурдагүнү
II. азыр, бүрсүгүнү, бүгүн
III. эчак, жана, капкачан
IV. түнү, быйыл, эртең менен

(А) II, IV гана
(Б) I, III гана
(В) II, I гана
(Г) III, IV гана

Бул тапшырма мезгил тактоочтордун маанисин ажырата билүү жөндөмүн текшерет. Сүйлөмдөгү бош орунга эки катардагы сөздөр туура келе турган болсо, суроо жогоркудай формада түзүлүшү мүмкүн.

(А) вариантындагы сөздөрдүн ичинде *эртең* деген сөз бар. Тапшырмада берилген сүйлөмүбүз өткөн чакта берилгендиктен, бул вариант туура эмес жооп болуп эсептелет.

(Б) вариантындагы сөздөрдү карап көрсөк, *бүрсүгүнү* деген сөз сүйлөмдүн маанисине туура келбейт.

(В) вариантында да эртең деген сөз кайрадан кайталанып берилген. Ошондуктан туура жооп (Г) варианты болот. III, IV катардагы сөздөрдүн ар бирин тапшырмада берилген сүйлөмдөгү бош орунга койсок, сүйлөм туура түзүлгөн болот.

**11.** *Тий, тий десе, тийбейт,*
*Тийбе, тийбе десе, тиет.*

Бул сүйлөм канча жөнөкөй сүйлөмдөрдөн турат?

(А) төрт
(Б) үч
(В) бир
(Г) эки

Бул тапшырма окуучулардын жөнөкөй, татаал сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн ажырата билүүсүн текшерет.

Бул сүйлөмдө (Б) вариантындагы жооп туура эмес, анткени бул сүйлөм үч сүйлөмгө бөлүнбөйт. Ошондой (В), (Г) вариантындагы жооптор да туура эмес, себеби эки же бир сүйлөм боло албайт, демек туура жообу (А) варианты. Шарттуу багыныңкы сүйлөмдөрдү түзүүчү *–са* мүчөсү аркылуу төрт жөнөкөй сүйлөмдөрдөн бир татаал сүйлөм түзүлүп жатат.

**12.** Төмөндөгү асты сызылган сөздөрдүн кайсылары сүйлөмдө бирдей кызмат аткарышат?

I. Жаманга чөп илешет, жакшыга көз илешет.
II. Чарба иштерин уюштурууда жакшы иштер башталды.
III. Осмон – айылдын сакалдуусу.
IV. Көргөзмөгө эски улуттук буюмдар коюлду.

(А) I, II гана
(Б) II, IV гана
(В) III, IV гана
(Г) I, II гана

Биринчи сүйлөмдөгү асты сызылган сөздөр сүйлөм мүчөлөрү боюнча толуктооч. Экинчи сүйлөмдөгү асты сызылган сөз да толуктооч. Үчүнчү сүйлөмдөгү асты сызылган сөз, зат атоочтон турган баяндооч. Төртүнчү сүйлөмдөгү асты сызылган сөз аныктооч.

Демек, туура жообу (Г) варианты, калган варианттагы жооптор туура эмес.

**Жалпы республикалык тестке даярданабыз**

Абитуриенттер үчүн колдонмо

Негизги тест

М. Зельман, Г. А. Одесский, Л. С. Суржик, Н. И. Наумова, С. Иптаров, Б. Шамбаева, К. Кулалиева, Ч. Джылкычиева, Ы. Керимбекова

Педагогика илиминин кандидаты И. П. Вальковanын редакциялоосу астында.

Жооптуу редактор Н. Наумова
Техникалык редактор А. Молдоева
Компьютердик калыпка салган: А. Молдоева, Т. Саитов, К. Титов

2004-жылы 24-декабрда. Нускасы 3500 даана

PrintHouse басмаканасында басылды.
720000, Бишкек ш., Шевченко к. – 1